"Айыл Банк" ААКысынын Башкармасынын
2024-жылдын 3-апрелиндеги №17/22
токтому менен БЕКИТИЛГЕН

**"АЙЫЛ БАНК" ААКсы ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ИШКЕРЛЕРГЕ БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ СУНУШТОО КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮГӨ АЧЫК ОФЕРТА**

**(Банктын Бизнести өнүктүрүү комитетинин 2025-жылдын 2-ноябрындагы №72/2 чечиминин редакциясында)**

## Мазмуну


**1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ....3**
**2. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИ ....4**
**3. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНИН ПРЕДМЕТИ ....5**
**4. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНДЕ КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕР (АТООЛОР) ЖАНА АНЫКТАМАЛАР ....5**
**5. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ....12**
**5.2. КАДАР ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ МИЛДЕТҮҮ: ....13**
**6. БАНКТЫК ЭСЕП АЧУУ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮ ....19**
**6.1. Эсеп ачуу** ....19
**6.2. Эсепти жабуу** ....22
**6.3. Банктык эсеп боюнча операциялар** ....22
**7. БАНКТЫК ЖАЙЛАРДА КАССАЛЫК ТЕЙЛӨӨ ....26**
**8. КАРДАРДЫН ЭСЕБИ БОЮНЧА КОНВЕРТАЦИЯЛОО КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР (НАК ЭМЕС АЛМАШУУ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ) ....26**
**9. МӨӨНӨТТҮҮ АМАНАТТАРГА (ДЕПОЗИТТЕРГЕ) АКЧА КАРАЖАТТАРЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА САКТОО, АЛАР БОЮНЧА СЫЙ АКЫ ТӨЛӨП БЕРҮҮ ТАРТИБИ ....27**
**9.1. Мөөнөттүү аманатты (депозитти) кабыл алуу** ....27
**9.2. Келишим алкагында ачылган мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча сый акы** ....28
**9.3. Мөөнөттүү аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда токтотуу (жабуу)** ....29
**9.4. Мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтүнүн бүтүшү** ....29
**10. ТӨЛӨМ КАРТТАРЫН ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ ТАРТИБИ ....30**
**11. БАНКТЫК КАРТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ ....36**
**12. БАНКТЫК СЕЙФ ЯЧЕЙКАЛАРЫН (ЧӨНӨКТӨРҮН) ИЖАРАГА АЛУУ ....43**
**12.1. Кардарга баалуулуктарды сактоо үчүн өз алдынча пайдаланууга сейфтик ячейканы (чөнөктү) сунуштоо тартиби (сейф ячейкасын ижарага алуу)** ....43
**12.2. Сейф ячейкасын ачуу жана жабуу, анын ачкычтарын сактоо тартиби** ....43
**12.3. Сейф ячейкасын ачуу** ....45
**12.4. Сейф ячейкасынан пайдалануу** ....46
**12.5. Жеке сейфти (сейф ячейкасын) ижарага алуудагы күрөө (гарантиялык төлөм, камсыздандыруу депозити)** ....46
**13. ЭЭСИ КӨРСӨТҮЛБӨГӨН МЕТАЛЛ ЭСЕПТЕРИ ....46**
**14. АРАЛЫКТАН БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ/МОБИЛДИК ТИРКЕМЕ ....47**
**14.1. Аралыктан банктык тейлөө системасын/мобилдик тиркемени колдонуу шарттары жана тартиби** ....47
**14.2. Аралыктан банктык тейлөөнү сунуштоо шарттары** ....48
**15. ЭЛЕКТРОНДУК КОЛ ТАМГАНЫ, АРАЛЫКТАН БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ СИСТЕМАСЫНДА АУТЕНТИФИКАЦИЯЛОО КАРАЖАТТАРЫН КОЛДОНУУ ....54**
**16. СООДА ЭКВАЙРИНГИ ....57**
**17. ИНТЕРНЕТ-БАНКИНГ ....62**

**18. БАНКТЫН ТАРИФТЕРИ ........ 66**
**19. ӨБӨЛГӨ ТҮЗҮҮЧҮ ШАРТТАР ........ 66**
**20. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ ........ 67**
**21. КУПУЯ МААЛЫМАТТАР ........ 69**
**22. КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ШИЛТЕМЕЛЕР ........ 70**
**23. КЕЛИШИМДИ КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ, АГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ/ЖОККО ЧЫГАРУУ ........ 70**
**24. ТАЛАШ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУ ........ 72**
**25. ФОРС-МАЖОР (КҮТҮҮСҮЗ ЖАГДАЙЛАР) ........ 73**
**26. БАШКА ШАРТТАР ........ 73**
**1-ТИРКЕМЕ ........ 76**
**2-ТИРКЕМЕ ........ 77**

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө, 393-беренесинин 2-бөлүгүнө, 394-беренесинин 1-бөлүгүнө, 386, 395, 399, 402-беренелерине ылайык, "Айыл Банк" ААКсында жеке ишкерлерге банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимин түзүүгө ушул Ачык оферта (мындан ары – Ачык оферта ) анда көрсөтүлгөн шарттарда Банк менен жеке ишкерлерге банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимин (мындан ары – Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими же келишим) түзүүгө кардарга/кардарларга карата расмий сунуш болуп саналат.

**1.2.** Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзүүгө Ачык оферта бардык кардарлар үчүн бирдей, стандарттык (типтүү) формада бекитилген жана кардарлар аны өзгөртө албайт, Банктын https://www.ab.kg дареги боюнча расмий интернет-сайтында, аралыктан банктык тейлөө системаларында жайгаштырылган.

**1.3.** Ачык офертада каралган шарттарда Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзүү максатында кардар Ачык офертаны толугу менен кабыл алууга (акцептөөгө) тийиш.

**1.4.** Банктын https://www.ab.kg дареги боюнча расмий интернет-сайтында, аралыктан банктык тейлөө системаларында/мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган ачык офертаны акцептөө, кардардын анын кайсыл бир шарттарын алып коюусуз же чектөөлөрсүз Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзгөндүгүн (ага кол койгондугун), келишимдин бардык шарттарына кошулуп, ага толук макул болуп, кабыл алгандыгын билдирет.

**1.5.** Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими, Кардардын төмөндө чагылдырылган ыкмалардын бирин (же аларды чогуусу менен) колдонуу менен ушул Ачык офертаны акцептөө аркылуу кардар жана Банк ортосунда түзүлгөн, юридикалык күчкө ээ болуп/колдонууга берилген катары эсептелет:

- Кардар Банктын/Банк агенттердин кеңселерине өзү келген шартта – Банк тарабынан бекитилген форма боюнча ушул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган "Айыл Банк" ААКсынын жеке ишкерлерге банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимин түзүүгө Өтүнүч кат -анкетага Кардардын кол коюусу же кол тамагасынын аналогун/планшеттеги гарфикалык кол тамгасын жана/же электрондук кол тамгасын коюусу аркылуу; **жана/же**
- Банктын кеңсесине келбестен эле, Банктын мобилдик тиркемесиндеги электрондук кол тамганы/аутентификациялоо/идентификациялоо, аутентификациялоо каражаттарын колдонуу менен аралыктан банктык тейлөө системасына кирип Банктын Ачык офертасына кол коюусу (акцептөөсү) аркылуу (анын ичинде, кардарды аралыктын идентификациялоо/верификациялоо учурунда да).

**1.6.** Кардар кагазга чыгарылган эки нускадагы өтүнүч катты-анкетаны толтурулуп, ага кол коюуга тийиш. Нусканын бири Банкта калат, ал эми экинчиси аны кабыл алгандыгы тууралуу Банктын белгилөөлөрү менен Кардардын колуна тапшырылат. Бул, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими түзүлгөндүгү (ага кол коюулгандыгы) фактысын тастыктаган документ болуп саналат. Банк тарабынан белгиленген Өтүнүч кат-анкетаны толтуруу жана ага кол коюу электрондук формада, Кардардын өздүк кол тамга аналогу/графикалык кол тамгасы жана/же электрондук кол тамгасын коюу аркылуу ишке ашырылат.

**1.7.** Кардар Банктын мобилдик тиркемесин көчүрүп (жүктөп), мобилдик тиркемеге, аралыктан тейлөө системасына кирип, катталып/ тастыктап), анын ичинде электрондук кол тамганы, аутентификациялоо/ индентификациялоо, авторизациялоо каражаттарын, биометрикалык идентификациялоо каражаттарын (бармак басым, Face ID) жана/же SMS-билдирүү/электрондук почта, Кардардын башка реквизиттерин колдонуу менен Кардардын өзү келип катышуусуз эле, Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү аралыктан туруп сунуштоо келишимин акцептөөсү (түзүүсү) ишке ашырылган жана Банк тарабынан кабыл

алынган катары эсептелинет.

**1.8.** Ушул Ачык оферта демек, электрондук кол тамаганы жана/же Кардардын өздүк кол тамагасынын аналогун/планшеттеги графикалык кол тамгасын же болбосо аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен кардар ага кол койгон (акцептеген) Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими, кагазга чыгарылып, кардар кол койгон (жана/же мөөр басып күбөлөндүргөн (болгон болсо) документтей эле кабыл алынан, таанылат жана ага кардар макул болуп тастыктайт.

**1.9.** Кардарга бул келишим боюнча кызмат көрсөтүүлөр, ал талаптагыдай текшерүүдөн/каттоодон, анын ичинде аралыктан туруп идентификациялоо/верификациялоо жол-жоболорунан ийгиликтүү өткөн шартта, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимине, Банктын ички ченемдик документтерине, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелерине (шарттарына) ылайык, банктык тейлөөгө алынуу үчүн талап кылынган бардык документтерди жана/же маалыматтарды берген шартта гана сунушталат.

**1.10.** Ушул Ачык офертанын версиялары ар бир учурга карата актуалдуу болуп саналат жана ал Банктын: https://www.ab.kg расмий интернет сайтынын атайы бөлүгүндө электрондук түрдө сакталат.

**1.11.** Кардар Ачык офертаны акцептөө менен Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин бардык шарттарына, тарифтерине, жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга жана алардын берилишине/жөнөтүлүшүнө макулдугун тастыктайт, ошондой эле Банктын ачык жарыяланган актылары менен таанышып чыккандыгын, алар түшүнүктүү экендигин билдирип, Банктын расмий интернет сайтындагы, аралыктан банктык тейлөө системаларындагы жана/же Банк, Банк агенттин кеңселеринде болуп жаткан өзгөрүүлөргө, жаңылыктарга өз алдынча көз салып, алар менен таанышып туруу зарылдыгын биле тургандыгын/алар ага эскертилгендигин тастыктайт.

**1.12.** Тараптар ушул Ачык офертада, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде каралбаган калган бардык учурда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, төлөм системаларынын эрежелерине/шарттарына, Банктын: https://www.ab.kg, расмий интернет сайтында, маалымат такталарында жана/же Банктын мобилдик тиркемесин кошо алганда, аралыктан банктык тейлөө системаларында жайгаштырылган актыларына/документтерине таянуу менен иш алып барат.

## 2. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИ

### 2.1.БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНИН ТАРАПТАРЫ

**2.1.1.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан банктык операцияларды жүргүзүү укугуна берилген №048-лицензиянын негизинде банк ишин жүзөгө ашырган **"Айыл Банк" ачык акционердик коому (мындан ары - Банк)** бир тараптан жана

**2.1.2.** "Айыл Банк" ААКсынын жеке ишкерлерге Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимин түзүүгө өтүнүч катка-анкетага кол койгон (анын ичинде өздүк кол тамга аналогун/электрондук кол тамганы) жана/же Банктын аралыктан банктык тейлөө системасына/ мобилдик тиркемесине жана башка системаларына кирүүдө электрондук кол тамганы, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен ушул Ачык офертага кол койгон (акцептеген) жактын атынан **укукка жөндөмдүү, өз алдынча иш алып бара алган жеке ишкер (мындан ары – Кардар)** экинчи тараптан,

**2.1.3.** биргелешип “Тараптар”, өз-өзүнчө “Тарап” деп аталуучулар, төмөнкү шарттарда ушул келишимди (**Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин**) түзүшкөн.

## 3. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНИН ПРЕДМЕТИ

**3.1.** Бул келишим банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана/же банктык продукттардын төмөнкү түрлөрү (тизмеги) боюнча Кардарды тейлөө шарттарын жана тартибин жөнгө салат:

– банктык эсептерди, анын ичинде мөөнөттүү аманаттарды (депозиттерди), карт эсептерин, талап боюнча төлөнүүчү эсептерди (депозиттерди), ээси көрсөтүлбөгөн металл эсептерин жана башка эсептерди ачуу, жүргүзүү/тейлөө, жабуу;
– банктык төлөм карттарын, анын ичинде виртуалдуу карттарын чыгаруу жана тейлөө;
– сейфтик ячейкаларды (чөнөктөрдү) (жеке банктын сейфтерди) ижарага берүү;
– аралыктан банктык тейлөөгө туташуу, аралыктан банктык тейлөөнү сунуштоо;
– карт боюнча СМС-билдирүү кызмат көрсөтүүнө туташуу (кызмат көрсөтүү алдын ала төлөө шартында туташтырылат);
– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде жана/же тиешелүү башка макулдашууларда каралган учурларда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр түйүнүнөн, мамлекеттик маалымат системалары аркылуу электрондук формада тейлөө шарттарынан жана санариптик документтерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн сунуштоо;
– мобилдик эквайринг (тейлөөнү техникалык/функционалдык негизде ишке ашырган шартта);
– эсептешүү-кассалык тейлөө;
– интернет-банкинг кызмат көрсөтүүнө туташуу;
– POS-терминалга туташуу жана тейленүү/соода эквайринги;
– жогорудагы кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде аралыктан банктык тейлөө системасы жана аралыктан тейлөө жабдуулары аркылуу операцияларды/транзакцияларды ишке ашыруу жана/же бүтүмдөргө келишүү;
– Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимине, Кардар менен түзүлгөн өзүнчө башка келишимдерге/макулдашууларга, банктын тарифтерине, ички ченемдик актыларына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, төлөм системасынын, аралыктан банктык тейлөө системаларынын эрежелерине (шарттарына) ылайык, какрдарларга башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдү жана/же продукттарды, төлөм санарип/электрондук жана башка кызматтарды сунуштоо.

**3.2.** Бул келишимде камтылбаган кызмат көрсөтүүлөрдү, продукттарды сунуштоо, операцияларды жүзөгө ашырып/бүтүмдүргө келишүү шарттары, өзүнчө келишимдер, макулдашуулар, ачык оферта, эрежелер жана/же ушул келишимди түзгөнгө чейин же андан кийин белгиленген банктык тейлөөгө алуу шарттары аркылуу жөнгө салынат.

## 4. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНДЕ КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕР (АТООЛОР) ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**4.1.** **Авторизация** – (колдонуучунун/пайдалануучунун) тейлөө түйүнүндө транзакцияларды ишке ашырууга укугун текшерүү жана тастыктоо. Анын натыйжасында Кардардын операцияларына (мисалы, сатып алуу-сатууну ишке ашыруусуна, төлөмдөр, которуулар, акча алмаштыруу, сатып алуу-сатуу, нак акча алуусуна, ресурстардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануусуна) уруксат берилет же тыюу салынат;

**4.2.** **Акцепт** – бул, Кардардын ушул Ачык офертанын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин шарттарын Ачык офертада аныкталган иш-аракеттер жана/же акцептөө ыкмасын тандоо аркылуу толук жана шартсыз кабыл алышы (макул болуусу, кошулуусу жана түзүүсү); Кардардын ушул Ачык офертаны, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин, Өтүнүч кат-анкетаны, макулдукту жана/же башка документтерди, анын ичинде электрондук документтерди (электрондук формадагы маалыматтарды)

акцепттөөсү, кол коюп/түзүүсү максатында ал/Кардар ага өз кол тамгасын коюусу жана/же Банк тарабынан аныкталган/белгиленген тартипте өз кол тамгасынын аналогун колдонуу аркылуу, аларга кол коюуга тийиш. Өздүк кол тамгага Кардардын планшеттеги графикалык кол тамгасы, электрондук кол тамгасы/жөнөкөй электрондук кол тамгасы, аутентификациялоо/идентификациялоо, авторизациялоо, алардан пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзгөн каражаттар кирет жана булар менен эле чектелбеши мүмкүн. Мобилдик тиркемеге (жана/же башка маалымат системасына/жабдуусуна/тейлөө шартына) кирүү менен аларды электрондук кол тамганы, кодду, логинди, паролду, биометрикалык аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын (бармак басым, Face ID ж.б.) жана/же Кардардын аутентификациялоо/идентификациялоо, авторизациялоо каражаттарына/ыкмаларына эквиваленттүү болгон башка идентификаторлорду колдонуу/чагылдыруу аркылуу алардан пайдаланылган шартта, Кардар аларды тастыктаган/кол тамга койгон жана Банк тарабынан ал документтер алынган катары эсептелинет/таанылат;

**4.3.** **Аутентификация** – бул, идентификаторго сунушталган/анда колдонулган мүнөздөмөлөрдүн, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын (ПИН-кодду, логинди, паролду, кодду жана/же тастыктоо кодун киргизүү/биометрикалык идентификациялоо каражаттарын (бармак басым, Face ID э.б.), карт номерин, жеке идентификациялоо номерин, код катары белгиленген сөздү же аларга эквиваленттүү болгон каражаттарды/идентификаторду, авторизацияны (ыкмаларды, коддорду), коргоо, пайдалануу каражаттарын) текшерүү, аныктоо жана/же салыштырып көрүү аркылуу тастыктоочунун/Кардардын инсандыгын аныктоо жол-жобосу (ыкмасы)

**4.4.** **Банктык аманат (депозит)** – жеке адам тарабынан белгилүү бир убакытка сактап туруу же талап боюнча төлөө же болбосо, келишимде көрсөтүлгөн кайсыл бир жагдай (окуя) келип чыкканга чейин (келип чыкпагандыгы шартында) банкка улуттук же чет өлкө валютасында жайгаштырылган акча каражаты;

**4.5.** **Банк күнү** – Банк тарабынан/мыйзамдарда башкасы белгиленбесе, ишемби, жекшемби жана Кыргыз Республикасында расмий белгиленген майрам күндөрүнөн тышкары банктык иш күнү;

**4.6.** **Банк эсеби (мындан ары – банктык эсеп же эсеп)** – бул, Банк менен Кардар ортосунда банктык аманатты (депозиттерди) кабыл алуу жана/же банктык төлөм карттарды, карт эсебин, башка эсептерди жана ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган, банктык тажрыйбада колдонулган төлөм жана башка инструменттерин колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүүнү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү кошо алганда, Кардарды банктык тейлөөгө байланыштуу Банк тарабынан ишке ашырылган операциялар чагылдырылган келишимдик мамилелерди жөнгө салуу ыкмасы. Банктык эсептер каражат топтоо жана аларды сактоо, төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн каралат жана төмөнкүдөэй бөлүштүрүлөт:
– эсептешүү (күнүмдүк) эсептер;
– атайын эсептер;
– банктык аманат (депозиттер) боюнча эсептер.

**4.7.** **Банктык чектелген эсеп** – бул, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына, Банктын ички документтер талабына ылайык, Кардарларды аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо тартибине таянуу менен аларга карата лимиттер жана чектөөлөр белгиленген эсеп.

**4.8.** **Банктык төлөм карты (төлөм карты, карт)** – бул, товарларды сатып алууда, кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштодо, улуттук жана чет өлкө валюталарында нак акча алууда, акча которууда, ошондой эле терминалдар, ошондой эле банкоматтар же башка жабдуулар (аралыкта орнотулган), аралыктан банктык тейлөө системалары аркылуу электрондук акча формасында эсептешүүлөрдө колдонулган төлөм инструменти;

**4.9.** **Банкомат (ATM - Automated teller machine)** – нак акча каражаттарын берүү жана/же кабыл алуу, ишке ашырылган транзакциялар жана картты же болбосо аралыктан

тейлөөнүн башка инструменттерин колдонуу менен ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтарды алуу үчүн каралган аппараттык-программалык комплекс;

**4.10. Бенефициар ээси** – жеке адам (жеке адамдар), түпкүлүгүндө келип (ээлик кылуу жана контролдоо баскычы аркылуу) тике же кыйыр түрдө (үчүнчү жактар аркылуу) менчик укугуна ээ болгон же Кардарды, же болбосо анын атынан жана анын талабында операция (бүтүм) ишке ашырылган жеке адам;

**4.11. Төлөм картына бөгөт коюу** – карт операцияларын/транзакцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу максатында Банк тарабынан көрүлгөн чаралар;

**4.12. Верификация** – Кардарга жана/же бенефициар ээсине тиешелүү маалыматтарды текшерүү жол-жобосу;

**4.13. Аманатчы** – бул, ушул Келишим алкагында Банкка акча каражатын салган же анын атына үчүнчү жактардан акча суммасы келип түшкөн жак;

**4.14. Акча салуучу** – бул, аманатты (депозитти) накталай толуктоочу жана/же Аманатчынын пайдасына мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачкан жак;

**4.15. Банктык эсеп/карт эсеби боюнча көчүрмө** – Банк тарабынан түзүлгөн документ, анда банктык эсеп, аманаттар (депозит), карт эсеби боюнча ишке ашырылган операциялар тууралуу так маалыматтар чагылдырылат. Көчүрмө кагазга чыгарылган түрдө же электордук түрдө берилиши мүмкүн;

**4.16. Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими** – ушул Ачык офертада белгиленген шарттарда Кардар менен Банк ортосунда түзүлгөн жеке ишкерлерге Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишими;

**4.17. Төлөм карт ээси** – Банк менен келишимдин негизинде картты пайдалануу менен операцияларды жүргүзүүгө укуктуу болгон, жеке ишкер-эсеп ээси тарабынан ыйгарым укук берилгендерди кошо алганда, Банктын Кардары;

**4.18. Аралыктан банктык тейлөө (ДБО, "АБ24")** – Банк тарабынан аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу Кардардын аралыктан туруп берилген буйруусунун негизинде кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо ыкмасы;

**4.19. Ишенимдүү жак/адам** – бул, Кардардын атынан, анын эсебинен жана пайдасына нотариалдык жаткан күбөлөндүрүлгөн ишеним каттын негизинде иш алып барган жак/адам;

**4.20. Инсандыкты тастыктаган документ** – бул, кагаз жүзүндөгү, сүрөт чапталган документтин түп нускасы жана/же мамлекеттик маалымат системаларынан алынган, Кардарды идентификациялоодо колдонулган кагаз жүзүндөгү документтин түп нускасындай эле юридикалык күчкө ээ болгон санариптик документ;

**4.21. Инсандыкты тастыктаган докумет (ДУЛ)** – Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык инсандыкты тастыктаган паспорттун/ кагаз жүзүндөгү башка документтин түп нускасы же Мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүүлөр порталы же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санариптик форматтагы документтер.

**4.22. Бирдиктүү идентификациялоо системасы (БИС)** – бул, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган мамлекеттик, муниципалдык жана башка маалымат системаларында камтылган маалыматтардан санкциялык пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн идентификациялоо, аутентификациялоо жана авторизациялоо ыкмаларын айкалышта караган/колдонгон автоматташтырылган система.

**4.23. Кардардын карызы** – бул, Кардардын ушул келишим жана/же өзүнчө бир башка келишимдер/макулдашуулар боюнча, аны кошо алганда, бирок негизги карыз суммасы, кредит/овердрафт боюнча алынган сумма, чегерилген пайыздар, сый акылар, банктык комиссиялык төлөмдөр, айыптык төлөмдөр, туумдар, кардарга ашыкча/жаңылыш чегерилген/берилип кеткен акча каражаттары, товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн кардарга ашыкча/жаңылыш чегерилген/берилип кеткен акча каражаттары, техникалык овердрфат жана Кардардын Банк алдында ушул келишим, ошондой эле бул келишимди түзгөнгө чейин жана андан кийин Кардар менен түзүлгөн өзүнчө

келишимдер/макулдашуулар боюнча Кардардын

**4.24. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары** – коомдук мамилени жөнгө салган ченемдик укуктук актылар жыйындысы;

**4.25. Өтүнүч кат-анкета** – Банктын кеңсесине келип, ушул Ачык оферта шарттарына ылайык жеке ишкерлерге банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимин түзүүгө Кардар тарабынан толтурулган жана кол коюлган өтүнүч кат-анкета;

**4.26. Идентификациялоо** – Кардар жана/же бенефициардык ээси боюнча идентификацияланган (такталган) маалыматтарды белгилөө жол-жобосу;

**4.27. Жеке ишкер –** бул, Кыргыз Республикасынын жараны жана Кыргыз Республикасынны аймагында туруктуу жашап калган же убактылуу келген, республиканын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык юридикалык жакты түзүүсүз эле, өз алдынча ишкердик менен алектенген чет өлкө жараны же жарандыгы жок адам.

**4.28. Интернет-банкинг** (юридикалык жактар үчүн интернет-кардар, ИКЮЛ) – Кардардын өз банктык эсептерин тескөөгө алуу, жүргүзүлгөн операциялар, акча каражаттарынын калдыгы жана алар менен ишкен ашырылган бүтүмдөр/операциялар, көрүлгөн аракеттер тууралуу маалымат алуусу үчүн тапшырма берүүсү аркылуу Интернет глобалдуу маалымат-телекоммуникациялык түйүнүн пайдалануу менен аралыктан Банк менен өз ара маалымат алмашуусуна Кардарга мүмкүндүк берген автоматташтырылган компьютердик система/платформа, программалык камсыздоо.

**4.29. Карт эсеп** – Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул келишимге, банктык карттарды колдонуу эрежелерине ылайык, төлөм карты боюнча акча каражаттарынын жылышына жана транзакциялардын өткөрүлүшүнө көз салып туруу үчүн Банк тарабынан Кардарга ачылган банктык эсеп;

**4.30. Кардар** – Банк менен ушул Ачык офертада/банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде каралган тартипте/ыкмада банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзгөн, укукка жана иштөөгө жөндөмдүү жеке адам, жеке ишкер;

**4.31. Тастыктоо коду** – Кардардын мобилдик телефон номерине/электрондук почта дарегине (техникалык жүзөгө ашыруу учурларында) SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлүүчү жана Кардар тарабынан Банктын/Агент банктын мобилдик тиркемесине, аралыктан банктык тейлөө системасына киргизилүүчү, операцияларды/транзакцияларды ишке ашырууда Кардарды аутентификациялоого, анын Банктын мобилдик тиркемесинде, аралыктан банктык тейлөө системасында (анын ичинде ушул Ачык офертада, банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, өтүнүч каттарда, билдирмелерде, анткеталарда, офертада, макулдук берүүдө, келишимдерде/макулдашууларда, саясаттарда, эрежелерде, билдирүүлөрдө/маалымдоолордо, төлөм жана/же башка документтерде) электрондук документтерге кол коюусуна (түзүүгө) өбөлгө түзгөн бир жолку код;

**4.32. Код катары белгиленген сөз** – Кардар тарабынан өтүнүч катта же Банктын маалымат базасында катталган башка документте көрсөтүлгөн, Кардардын Банктын Байланыш борборуна кайрылуусу учурунда аны аутентификациялоо үчүн колдонууга мүмкүн болгон тамгалар же сандардан турган маалымат;

**4.33. Авторизациялоо лимити** – банктык төлөм карт жана аралыктан тейлөө инструменттери аркылуу операцияларды/транзакцияларды ишке ашыруу үчүн Кардар тескей алган чектүү акчалай сумма;

**4.34. Мобилдик тиркеме** – Банктын Карларларын интернет аркылуу аралыктан тейлөө системасынын инструменттеринин (каражаттарынын) бири, анын ичинде "БЕРЕКЕ" мобилдик тиркемеси;

**4.35. Мобилдик эквайринг –** бул, төлөм картын**,** QR-кодду жана мобилдик телефонду, планшетти жана башка жабдууларды колдонуу менен мобилдик тиркеме жана атайы мобилдик POS-терминал аркылуу башка аралыктан тейлөө каражаттары боюнча нак эмес эсептешүүлөрдү кабыл алуу/транзакцияларды өткөрүү жагында эквайердин кызмат көрсөтүүлөрү;

**4.36. Кардардын мобилдик телефон номери (ага ыйгарылып берилген номер)** – Кардарды

алгач каттоодон өткөрүү учурунда ал көрсөткөн номер, ошондой эле аралыктан банктык тейлөө системасында Кардар өз алдынча өзгөрткөн/алмаштырган же болбосо ушул келишим шарттарына ылайык, Кардардын тапшыруусу боюнча Банк тарабынан өзгөртүлгөн жана аралыктан банктык тейлөө системасына/мобилдик тиркемесине кирүү, Кардарга SMS-билдирүү аркылуу паролду, кодду жана башка аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын, мобилдик тиркемеде, аралыктан банктык тейлөө системасында Кардар ишке ашырган операцияларга тиешелүү башка маалыматтарды жөнөтүүдө колдонулган номер;

4.37. **Овердра́фт** (англ. overdraft – планда каралгандан көбүрөөк чыгымдоо) – бул, кыска мөөнөткө берилген кредит, овердрафты сунуштоо Кардарга өз эсебиндеги суммадан ашыкча ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Банктын ички ченемдик актыларында, ачык офертада, Тарифтерде аныкталган шарттарда жана сумма чегинде төлөмдөрдү ишке ашырууга өбөлгө түзөт;

4.38. **Ээси көрсөтүлбөгөн металл эсептери** (ОМС) – бул, өзгөчө белгилерин көрсөтүүсүз эле баалуу металлдардын эсебин жүргүзүү жана баалуу металлдарды (алтын, күмүш, платина) тартуу жана жайгаштыруу менен операцияларды ишке ашыруу үчүн Банк тарабынан ачылган эсеп;

4.39. **Электрондук кол тамга (ОЭП)** – бул, электрондук форматтагы өздүк кол тамганын аналогу, юридикалык мааниге ээ болгон, заманбап технологиялардын жардамы менен ишке ашырылган квалификациялык электрондук кол тамга. Электрондук кол тамганы колдонуу менен жүргүзүлгөн бардык эсептөө операциялары тышкы чөйрөгө жөнөтүлүп, мында колдонуучудан болгону инсандыкты тастыктоону жана операциялардын ыңгайлуу ыкмада ишке ашырылышын гана талап кылат.

4.40. **Операциялык күн (Кардар менен иштөө убактысы)** – бул, Банк тарабынан белгиленген жумуш убактысын түшүндүрөт, ошол убакыт ичинде банктык жана башка операцияларды ишке ашырып, бүтүмдөргө келишүүгө болот. Операциялык күн ишке ашырылган операциялардын/сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн түрүнө жараша айрымаланышы мүмкүн. Банктын бөлүмдөрүнүн кире бериш жерлерине, интенет сайтына жана/же аралыктан банктык тейлөө системаларында тиешелүү маалыматты жайгаштыруу аркылуу операциялык күн тууралуу кардарга маалымдалып турат;

4.41. **ПИН-код** – карт боюнча транзакцияларды өткөрүүнү санкциялоочу жана карт ээсин идентификациялоо үчүн колдонулган карт ээсинин жеке идентификациялык коду;

4.42. **Төлөөчү** – акча каражатын, электрондук капчыкты, банктык же карт эсебин колдонуу аркылуу товарлар жана/же кызмат көрсөтүүлөр, аткарылган иштер үчүн төлөмдөрдү ишке ашырган жеке адам же юридикалык жак.

4.43. **Төлөм системасы** – төлөм карттарын колдонуу менен эсептешүүлөрдү уюштуруу үчүн каралган нормалардын, стандарттардын, эрежелердин, мекемелердин, документтердин жана программалык-техникалык каражаттардын жыйындысы (топтому). Төлөм системасы улуттук (Элкарт) жана эл аралык (VISA, MasterCard, МИР жана башкалар) болуп бөлүнөт;

4.44. **Процессинг борбору** – процессингди ишке ашырган юридикалык жак;

4.45. **Алуучу –** төлөөчү ишке ашырган төлөмдөрдүн негизинде акча каражатын кабыл алган жеке адам/жеке ишкер.

4.46. **POS-терминал (Point of sale)** – карттарды жана аралыктан тейлөөнүн башка каражаттарын колдонуу менен соода-тейлөө ишканаларында товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөөлөрдү кабыл алуу үчүн терминал;

4.47. **PUSH-билдирүү/SMS-билдирүү** – бул эсеп, карт, төлөм коддору боюнча акча каражаттарынын жылышын маалымдоо, ошондой эле эсеп, карт, Кардардын карт эсеби боюнча башка маалыматтарды билдирүү. Ал SMS-билдирүү же мобилдик телефон экранында пайда болгон билдирүү болуп бөлүнөт;

4.48. **Операциялар реестри –** бул, Кардар тарабынан эсеп, карт жана/же аралыктан банктык тейлөө/мобилдик тиркемеде ашырылган операциялар/транзакциялар тизмеси. Реестрде

ишке ашырылган карт операциялардын суммасы (сатып алуу, нак акча чыгаруу, акча каражаттарын кайтаруу) карт эсебинин валютасында көрсөтүлөт;

**4.49.** **Эсептешүү (күндөлүк) эсеп** – бул, акча каражатын сактоо жана банктык төлөм картын жана ушул келишим боюнча Кардар ишке ашырган (келип түшүүлөр, төлөөлөр, башка жеке адам же юридикалык жактар менен өз ара эсептешүүлөр, башка финансы-кредит уюмдарына которуулар), аралыктан тейлөөнүн башка инструменттерин кошо алганда, күндөлүк эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн каралган эсеп;

**4.50.** **Төлөм карт реквизиттери** – төлөм карттын алдынкы, арткы бетинде жайгаштырылган, ошондой эле анын магниттик тилкесинде жана чибинде жазылган белгилер жана сандар жыйындысы;

**4.51.** **Рекурренттик төлөм** – бул, ээсинин тастыктоосуз эле банктык карттан белгилүү бир сумманы дайыма же мезгил-мезгили менен эсептеп алып коюу;

**4.52.** **Банктын аралыкта орнотулган жабдуулар түйүнү** – банктык төлөм карттарын жана башка аралыктан банктык тейлөө инструменттери (каражаттарын) кабыл алуу жана тейлөө жагында техникалык инфраструктураны түзгөн терминалдар, банкоматтар, өз алдынча тейленген автоматташтырылган терминалдар жана башка жабдуулар;

**4.53.** **Аралыктан банктык тейлөө системасы (ДБО)** – бул, банкоматтарды, төлөм терминалдарын, интернет банкингди, электрондук капчыкты, мобилдик банкингди, мобилдик тиркемени, өз алдынча тейленген жабдууларды жана аралыктан банктык тейлөөнүн башка ыкмаларын колдонуу аркылуу Кардар менен Банк ортосунда аралыктан банктык, төлөм, электрондук (санарип) жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн байланышты камсыз кылган телекоммуникациялык, санариптик жана маалыматтык технологиялар, программалык камсыздоолор жана жабдуулар жыйындысы.

**4.54.** **Аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары** – бул, Кардарды аралыктан тейлөө системасы аркылуу идентификациялоо жана аутентификациялоо/авторизациялоо үчүн каралган ар кандай параметрлердин, каражаттардын, ыкмалардын жана/же идентификаторлордун, символдордун купуя ырааттуулугу/айкалышы **Аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарынан болуп:** колдонуучунун ID коду, логини, туруктуу паролу, бир жолку паролдору, убактылуу паролу, пин-коду, коддору, анын ичинде тастыктоо коду, активдештирүү коду, биометрикалык идентификациялоо каражаты (бармак басым жана башкалар), карт номери, жеке идентификациялык номери, код катары белгиленген сөз жана башка эквиваленттүү каражаттар/коргоо идентификаторлору саналат;

**4.55.** **Төлөм картынын колдонуу мөөнөтү** – бул, ошол аралыкта тейлөө пункттарында карт операцияларды ишке ашыруу үчүн колдонулган мезгил аралыгы. Колдонуу мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген төлөм карты Кардар өтүнүч кат менен жеке кайрылган жана/же аралыктан туруп электрондук формада өтүнүч жөнөткөн шартта гана кайрадан чыгарылып берилет;

**4.56.** **Мөөнөттүү аманат (депозит)** – белгилүү бир мезгил аралыгына салынган, чегерилген пайыздар боюнча киреше алып келген банктык аманат. Бул эсеп акча каражаттарын сактоо жана топтоо үчүн колдонулат, үчүнчү жактар менен эсептешүү үчүн каралган эмес;

**4.57.** **Тарифтер** – Кардарларга сунушталган банктык продукттардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ар кандай түрлөрүнө төлөм өлчөмүн белгилеген пайыздык жана комиссиялык чендер, сый акылар, курстар жана башка төлөмдөр системасы. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана/же тиешелүү келишимдерде башкасы каралбаса, тарифтер Банк тарабынан бир тараптуу тартипте өзгөртүлүшү мүмкүн;

**4.58.** **Техникалык овердрафт** – эсептеги, анын ичинде төлөм картындагы акча каражаттарынын калдыгынан жана/же белгиленген лимиттен ашыкча чыгымдалган, Кардар тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон акча каражатынын, ошондой эле Банк алдында башка негиздер боюнча Кардардын келип чыккан карызынын суммасы.

Техникалык оведрафт суммасына, эгерде Банктык тарифтеринде ал каралган болсо, пайыздар чегерилиши мүмкүн. Техникалык овердрафт транзакцияларды кол күчү менен жүргүзүү/транзакцияларды кечигип эсептен алып салуу (соода-тейлөө ишканалары, төлөм системасы тарабынан) натыйжасында, конвертациялоо операцияларын жүргүзүүдө курстук айырмадан, ошондой эле Банктын, төлөм системаларынын тарифтерине, оферталарына, келишим/макулдашууларына ылайык жана башка учурларда сый акылардын, башка төлөмдөрдүн Банк тарабынан эсептеп алынышы натыйжасында келип чыгышы мүмкүн;

**4.59.** **Банктын өз алдынча тейленген жабдуулары** – Банк кызматкеринин катышуусуз эле нак акча каражаттарын берүү/кабыл алуу, анын ичинде төлөм карттарын жана аралыктан тейлөөнүн башка инструменттерин (каражаттарына) колдонуу менен ишке ашыруу үчүн каралган банкомат, төлөм терминалы – электрондук программалык-техникалык комплекс;

**4.60.** **Аралыктан идентификациялоо** – Кардардын жеке катышуусуз эле электрондук формада алынган маалыматтарды (Кардардын аты-жөнүн, каттоодон өткөн, жашаган дарегин, жеке мүнөздөгү маалыматтарын, инсандыгын тастыктаган документти, мобилдик телефон номерин, электрондук почта дарегин, фото, идентификациялык салыктык номерин ж.б.) колдонуу менен жеке ишкер катары иш алып барган Кыргыз Республикасынын жарандарын кошо алганда, Кыргыз Республикасынын жаранын – жеке адамдарды идентификациялоо жана верификациялоо;

**4.61.** **Эквайер** – эквайрингди ишке ашырууга уруксат алган банк, тиешелүү төлөм системаларын технологияларына жана ченемдик актыларына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык, өзүнүн аралыкта орнотулган жабдуулары аркылуу авторизациялоону же транзакцияларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган аралыкта орнотулган жабдуулар түйүнүнүн ээси;

**4.62.** **Электрондук документ** – бул, электрондук формада сунушталган, башкача айтканда, электрондук эсептөө машинкаларын колдонуу менен адам баласы кабылдай алган түрдөгү маалыматтарды документтештирүү, ошондой эле аларды маалымат-телекоммуникациялык түйүндөр боюнча жөнөтүү же маалымат системаларында иштеп чыгуу;

**4.63.** **Электрондук кол тамга** – бул, электрондук формадагы маалымат, ал электрондук формадагы башка маалыматта камтылган жана/же ага логикалык жактан байланыштуу болгон, ошондой эле ал, маалыматка анын атынан кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонулат. Электрондук кол тамга олуттуу мааниге ээ юридикалык чечимдерди кабыл алуу жана/же олуттуу юридикалык аракеттерди көрүү/операцияларды ишке ашыруу, келишимдерге/бүтүмдөргө келишүү, кол коюу/түзүү (анын ичинде электрондук төлөм тапшырмасын/буйрууну кошо алганда, Кардардын электрондук документке (электрондук формадагы маалыматка) макулдугу, алар менен таанышып чыккандыгы, аларды тастыктоосу, электрондук документти түзүп, ага кошулуусу, кол коюусу/акцептөөсү) үчүн колдонулат. Мында, Кардардын электрондук кол тамгасы коюлган электрондук документ (электрондук формадагы маалымат) Кардар өзү кол койгон, кагазга чыгарылган документ катары эсептелинет/таанылат. Электрондук документте (электрондук формадагы маалыматта) тизмектеп көрсөтүлгөн электрондук документтер топтому да (алардын бардыгы) Кардар тарабынан бир электрондук кол тамга/жөнөкөй электрондук кол тамга коюп, таризделген катары эсептелинет;

**4.64.** **Жөнөкөй электрондук кол тамга** – бул, тастыктоо коду пароль, код жана/же башка идентификаторлор, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары, анын ичинде Кардардын мобилдик номерине/электрондук почта дарегине жөнөтүлүүчү, Кардар тарабынан мобилдик тиркемеде (жана/же башка маалымат системасында/жабдуусунда/тейлөө шартында Кардар тарабынан чагылдырылган (толтурулган/сунушталган жана/же колдонулган) аны аутентификациялоо/идентификациялоо/авторизациялоо үчүн чагылдырылган

тастыктоочу маалыматтар Кардардын өз кол тамгасы, электрондук кол тамгасынын аналогу катары таанылат;

**4.65.** **«QR-код»** - бул, Кыргыз Республикасында бекитилген стандарттарга ылайык түзүлгөн маалыматтарды жөнөтүү үчүн штих-коддун эки чендүү символу;

**4.66.** Ушул бөлүктө каралбаган жана ушул келишимде колдонулбаган **терминдер (атоолор) жана аныктамалар** Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, банктык иш тажрыйбасында жалпы кабыл алынган маанисине ылайык колдонулат жана чечмеленет.

## 5. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**5.1. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:**

5.1.1 ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Банктын тарифтеринде, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринде (шарттарында) каралган тартипте жана шарттарда банктык эсептен, банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн, банктык продукттардан, төлөм картынан пайдаланууга, операцияларды/транзакцияларды, төлөмдөрдү, эсептешүүлөрдү жана башка бүтүмдөрдү ишке ашырууга, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк алууга;

5.1.2 ушул келишим шаттарына ылайык банктык эсепке салынган кошумча төлөмдөрү, ошондой эле Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин шарттарына ылайык пайыздык чен боюнча сыйакылардан (чегерилген болсо), тиешелүү депозиттик продук параметрлерине, өзгөчө/атайы шарттарына, Банктын тарифтерине ылайык банктык аманат (депозит) суммасын алууга;

5.1.3 банктык эсепти, аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда жабууга. Мында, эсеп, аманат (депозит) жана сый акы боюнча акча каражатынын калдыгын төлөө, эгерде, тиешелүү банктык эсеп, аманат (депозит) параметрлеринде жана/же өзгөчө/атайы шарттарында, Банктын тарифтеринде башкасы каралбаса, эсеп жабуу учуруна карата талап боюнча төлөнүүчү ченге ылайык ишке ашырылат;

5.1.4 Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам ченемдерине ылайык үчүнчү жактардын эсеби, карт эсеби боюнча акча каражаттарын, аманат (депозит) жана чегерилген сый акы суммаларын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн ишеним кат боюнча мураска калтырууга, ишенип берүүгө;

5.1.5 ишке ашырылган операциялардын/транзакциялардын, анын ичинде Банктын мобилдик тиркемеси аркылуу демилгеленгендердин негиздүүлүгүн тастыктаган документ көчүрмөлөрүнүн берилишин банктан талап кылууга;

5.1.6 ушул келишим талабына жана Банктын тарифтерине ылайык, Банк аныктаган шарттарда анын бөлүмдөрүнө жеке өзү келип же болбосо аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу өз эсеби, карт эсеби, ошондой эле аралыктан аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу ишке ашырылган орерациялар боюнча көчүрмөнү талап кылууга жана алууга;

5.1.7 Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзүүгө ушул Ачык офертаны акцептөөгө (кол коюуга) чейин келишимдин бардык шарттары, тарифтери, зарыл болгон башка маалыматтары жана банктык актылары менен анын расмий интернет сайтынан жана/же мобилдик тиркемесинен, ошондой эле Банктын кеңсесине өзү келип же аралыктан тейлөө ыкмасы (электрондук почта, WhatsApp, ж.б.) аркылуу өз алдынча таанышуу

жана Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү/операцияларды сунуштоо боюнча жалпы шарттар, укуктар жана милдеттер, келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктер, алар боюнча жоопкерчиликтер, түшүнүксүз маселелер, Кардарды банктык тейлөө шарттары боюнча Банк кызматкеринен так маалыматтарды жана түшүндүрмөлөрдү алууга, ошондой эле Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими түзүлүүчү (кол коюулуучу) тилди (мамлекеттик – кыргыз тилин, же расмий – орус тилин) тандоого;

5.1.8 банктык эсеп, карт эсеби боюнча акча каражаттарын өз алдынча тескөөгө алууга, операцияларды/транзакцияларды ишке ашырууга, анын ичинде Банк тарабынан белгиленген чектөөлөрдүн жана онлайн ыргагында мобилдик тиркемеде белгиленген бир күндүк лимиттердин чегинде төлөм карты боюнча операцияларды ишке ашырып/транзакцияларды өткөрүүгө;

5.1.9 ушул келишимдин шарттарына, Банктын ички ченемдик актыларына, төлөм системасынын эрежелерине ылайык, төлөм карттарын чыгаруу/кайра чыгаруу, ага бөгөт коюу/коюлган бөгөттөн чыгаруу, төлөм картын жок кылуу өтүнүчү менен Банкка кайрылууга;

5.1.10 банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин жокко чыгарууга/токтотууга (толугу менен же айрым бөлүктөрүн/шарттарын), эсепти жаап, же Банкка кагаз жүзүндө же болбосо электрондук формада өтүнүч кат жөнөтүү аркылуу банктык, төлөм жана башка кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартууга жана/же банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин шарттарына, мобилдик тиркеменин жана/же аралыктан банктык тейлөөнүн башка системаларынын опциялар/тейлөө шарттарына ылайык башка зарыл аракеттерди көрүүгө;

5.1.11 Ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченедик укуктук актыларында, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринде, ошондой эле ушул келишим түзүлгөнгө чейин жана андан кийин да Кардар менен түзүлгөн келишимдерде/макулдашууларда каралган башка укуктарды ишке ашырууга.

**5.2.Кадар төмөнкүлөргө милдетүү:**

**5.2.1.** Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзгөнгө (ага кол койгонго, акцептегенге) чейин, Кардардын жеке өзүнө мөнүздүү болгон маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга жана берүүгө/жөнөтүүгө, тарифтерге, купуялуулукту сактоо саясатына, банктык карттарды колдонуу эрежелерине, аралыктан банктык тейлөөдөн пайдалануучулар үчүн маалыматтарга жана Банктын https://www.ab.kg, расмий интернет сайтында, аралыктан банктык тейлөө системаларында, мобилдик тиркемелде жайгаштырылган башка актыларына/документтерине макулдукту камтыган ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, Ачык офертанын ар бир пункту менен өз алдынча таанышып чыгууга;

**5.2.2.** Банк тарабынан Ачык оферта, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимине, тарифтерге жана https://www.ab.kg дареги боюнча расмий сайтында, маалымат такталарында жана банктын социалдык түйүндөрүндөгү расмий баракчаларында жана/же аралыктан банктык тейлөө системасында башка актыларга/документтерге киргизилген өзгөртүүлөргө, жаңылоолорго көз салып, алар менен мезгил-мезгили менен таанышып турууга. Мында, Банк Кардардын ушул келишимге, тарифтерге жана Банктын башка актыларына документтерине киргизилген өзгөртүүлөр менен өз алдынча таанышып, аларга көз салуу жагындагы милдеттенмесин аткарбай коюу/бузууга жол берүү кесепетинен келип чыккан жагдайлар үчүн Кардар жана үчүнчү жак алдында эч кандай жоопкерчилик тартпайт;

**5.2.3.** идентификациялоо жана верификациялоо (анын ичинде, аралыктан туруп) банк эсебин, аманат ачуу, жүргүзүү (тейлөө), төлөм карттарын чыгаруу, банктык операцияларды/транзакцияларды, төлөмдөрдү ишке ашыруу, эсептешүүлөр жана Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн талап кылынган так, актуалдуу маалыматтар жана зарыл документтерди Банктын кароосуна сунуштоого;

**5.2.4.** жеке мүнөздөгү каттоодон өткөн жеринин, аты-жөнүнүн жана/же инсандыгын тастыктаган документте көрсөтүлгөн башка маалыматтардын өзгөргөндүгү, ошондой эле анкетада көрсөтүлгөн маалыматтардын жана/же бенефициар ээлеринин, катталган байланыш жана мобилдик байланыш телефон номерлеринин, факс номеринин, e-mail электрондук дарегинин, төлөм реквизиттеринин же Кардар банктык эсепти, аманатты (депозитти) ачууда, төлөм картын чыгарууда, башка Банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууда көрсөткөн маалыматтардын жаңылангандыгы же өзгөргөндүгү тууралуу кат жүзүндө жана/же тастыктоочу бардык документтерди кошо тиркөө аркылуу Банк менен макулдашылган электрондук формада Банкка дароо билдирүүгө;

**5.2.5.** Банктын талабы боюнча 3 (үч) жумуш күнү ичинде Кардардын, бенефициардык ээсинин ишине тиешелүү маалыматтарды жана/же документтерди, алар ишке ашырып жаткан банктык операциялар/бүтүмдөр, төлөмдөр тууралуу маалыматтарды жана ушул келишимдин, төлөм системаларынын эрежелеринин талаптарына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, анын ичинде кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттерин жөнгө салган мыйзам талаптарына ылайык, башка маалыматтарды/билдирүүлөрдү ага жөнөтүп турууга;

**5.2.6.** Ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин талаптарына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Банктын, төлөм системаларынын актыларына/документтерине ылайык, үчүнчү жактар менен коммерциялык, ишкердик же ушундай эле иш багыттары боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн эсептерди толуктоого, алардан акча каражатын, аманатты (депозитти) же алардын бөлүгүн алууга, чегерүүгө, которууга, ошондой эле эсептердеги акча каражаттарын тескөөгө алууга/сарптоого;

**5.2.7.** террористтик иш аракеттерди каржылоого жана кылыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагында кабыл алынган мыйзам талаптарын так сактоого;

**5.2.8.** Банк, анын Кардарлары үчүн аброй, финансылык жана башка тобокелдиктерди шарттаган, зыян алып келип/чыгымга учураткан операцияларды/транзакцияларды ишке ашырбоого жана ошондой эле башка аракеттерди көрүп/бүтүмдөргө келишпөөгө;

**5.2.9.** зарылчылыкка жараша Банктын талабы боюнча календардык жылдын 1-январына же болбосо башка мезгил аралыгына карата абал боюнча банктык эсептеги акча каражаттарынын калдыгын өз учурунда тастыктоого;

**5.2.10.** өз банктык эсебинде азайтылбаган минималдуу калдыктын, ошондой эле банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана башка кызмат көрсөтүүлөргө, продукттарга жана ушул келишим талаптарына/шарттарына, банктын тарифтерине ылайык, эсеп боюнча башка операцияларды жүргүзүү/аракеттерди көрүү үчүн жетиштүү сумманын банктык эсепте болуусун камсыз кылууга;

**5.2.11.** банктык эсептериндеги, аманатка (депозитке) салынган акча каражаттарын тескөөгө алууга, ушул келишимге, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн, продукттардан колдонууга;

**5.2.12.** Банктын ошол учурда колдонулуп жаткан тарифтерине ылайык, кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөп берүүгө, ошондой эле Кардардын Банк алдындагы кандай болбосун карызын өз учурунда кайтарып берүүгө, толуктоого, төлөөгө, анын ичинде Кардардын банктык эсебине/карт эсебине ашыкча же жаңылыш чегерилип кеткен же болбосо нак акча

каражатын, техникалык овердрафт суммасын алууда ага ашыкча төлөнүп кеткен акча каражатын, Банкка келтирилген чыгым/чыгаша суммасын, банктын айыптык төлөмдөрүн (туумдарын), чыгашаларын жана чыгымдарын (анын ичинде сейф чөнөктөрүнүн кулпусун алмаштырууга же сейфти ачууга байланыштуу, ошондой эле кине коюуга, сот өндүрүшүнүн жүргүзүлүшүнө, төлөм картына бөгөт коюулуп же анын алынып коюулушуна (жокко чыгарылышына, жоголуп же уурдалып кетишине ж.б.) жана башка учурларда келип чыккан карыздарды Банкка төлөп берүүгө;

**5.2.13.** Кардардын банктык эсебине (анын ичинде, ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебине) акча каражаттары жаңылыш чегерилип, нак акча каражаты ашыкча берилип кеткен учурда эсеп боюнча көчүрмө алгандан, Кардар аны билгенден кийинки 3 (үч) банк күнүнөн кечиктирбестен же Банктын талабы боюнча ашыкча же жаңылыш чегерилген акча каражатын Банкка кайтарып берүүгө. Банк тарабынан эсептелинип кармалып калышы үчүн банктык эсептеги каражат (баалуу металл) жетишсиз болгон шартта, 2 (эки) банк күнү ичинде тешелүү акча каражатын (баалуу металлды) кайтарып берүү үчүн талап кылынган сумма менен банктык эсепти толуктоого;

**5.2.14.** ушул келишим шарттарын, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын жоболорун аткарбай коюу же талаптагыдай аткарбоо үчүн, Кардар же ал үчүн (анын атынан) башка бирөө тарабынан ушул келишим боюнча ишке ашырылган операциялар/бүтүмдөр, төлөмдөр/эсептешүүлөр, мына ушундай аракеттер (аракеттенбей коюулар) кесепетинен келип чыккан тобокелдиктер боюнча өз алдынча жана өз эсебинен толук жоопкерчилик тартууга;

**5.2.15.** интернет түйүнүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алуу жана мобилдик тиркеме системасына туташуу үчүн техникалык, программалык жана коммуникациялык ресурстарды өз эсебинен, өз алдынча камсыз кылууга;

**5.2.16.** жүргүзүлгөн операцияларга (эсептен алып салуу, кайтарып алуу, которуу, төлөө, төлөмдү төлөө, толуктоо ж.б.), эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына талаптагыдай контролдукту, ошондой эле аралыктан банктык тейлөө системасы боюнча жөнөтүлгөн буйрууларды/тапшырмаларды жөнөткөндөн кийин, алардын Банк тарабынан алынгандыгы жана аткарылып жаткандыгы фактыларын өз алдынча текшерүүгө. Буйруулардын/тапшырмалардын алынгандыгы жана/же аткарылып жаткандыгы фактылары тастыкталбаган шартта, Кардар алардын алынбай калгандыгы/аткарылбай жаткандыгы себептерин териштирүү үчүн Банкка талап кат жөнөтө алат;

**5.2.17.** Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, төлөм системасынын эрежелеринде, ачык офертада же Банк менен Кардар ортосунда өзүнчө түзүлгөн макулдашууларда, келишимдерде каралган, ошондой эле ачык жарыяланган актыларда/документтерде камтылган башка талаптарды/шарттарды жана/же милдеттерди өз учурунда талаптагыдай аткарууга жана сактоого.

**5.2.18.** үчүнчү жактарга, анын ичинде убактылуу же акы төлөнүүчү негизде, өздөрүнүн банктык төлөм карттарын, карт реквизиттерин (анын ичинде номерин, колдонуу мөөнөтүн, CVV/CVC кодун), аралыктан банктык системаларына кирүү үчүн логиндерди жана паролдорду, ошондой эле Банк тарабынан чыгарылган же сунушталган электрондук капчыктарга жана башка төлөм инструменттерине кирүү мүмкүнчүлүгүн өткөрүп бербөөгө жана колдонууга бербөөгө.

Кардар тийиштүү деңгээлде төмөнкүлөр тууралуу кабардар болгон жана аларды жакшы түшүнөт:

- аталган аракеттерге анда өткөрүп берүүнүн мүнөзүнө жана максатына карабастан кескин тыюу салынгандыгы, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, Кардардын атынан финансылык операцияларды ишке ашырууга жана (же) сыйакыларды алууга, үчүнчү жактарга карата алдамчылык/мыйзамсыз аракеттерди камтыган схемаларга катышууга мүмдүк ачылышы ыктымалдыгы;

- белгиленген тыюу салуунун максатынан болуп, Кардардын мыйзамсыз финансылык операцияларга, акча каражаттарын мыйзамсыз чыгарып кетүүсүнө, мыйзамсыз аракеттерге, анын ичинде алдамчылык схемаларга, кылмыш жолу менен алынган кирешелердин изин жашырууга, кылмыштуу ишти каржылоого жана Кыргыз Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка кылмыштарга катышуусуна бөгөт коюу саналат.
- жогоруда аталган кирүү каражаттарын үчүнчү жактарга өткөрүп берүү операцияларга бөгөт коюуга жана банктык продукттарга жеткиликтүүлүк мүмкүнчүлүгүн чектөөгө, банктык карттарды жана башка инструменттерди жокко чыгарууга, Банктын тейлөөгө алуудан баш тартууга алып келиши мүмкүн;

Ушул пункттун талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн Кардар Кыргыз Республикасынын кылмыш жана башка мыйзамдарынын ченемдерине ылайык жоопкерчилик тартат.

**5.3. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**

5.3.1. банктык эсеп (анын ичинде ээси көрсөтүлбөгөн металл эсептери, карт эсеби), аманат (депозит), төлөм карты боюнча операцияларды бир тараптуу негизде токтотууга/андан баш тартууга, банктык эсепти, карт эсебин жабууга, төлөм картына бөгөт коюуга же болбосо бул келишимди же анын айрым бөлүктөрүн төмөнкү учурларда, эсеп жабылганга чейин, 1 (бир) календардык ай мурда Кардарга ал тууралуу билдирүү менен жокко чыгарууга/токтотууга, эгерде:

- Кардардын банктык эсебиндега акча каражаттарынын суммасы Банктын тарифинде, ошол продукттун/кызмат көрсөтүү параметринде жана/же өзгөчө/атайы шарттарында каралган минималдуу өлчөмдөн төмөн/аз болсо;
- Кардардын банк эсебинде Банк тарабынан белгиленген мөөнөт ичинде (6 ай жана андан көбүрөөк) акча каражаттары жок болсо/түшпөсө же Кардардын буйругуна ылайык эсеп боюнча эч кандай операция ишке ашырылбаган болсо;
- Кардар ушул келишимдин шарттарын, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын бузууга жол берсе, аткарбай койгон болсо жана/же талаптагыдай аткара албай калса.

5.3.2. банктык эсеп, ээси көрсөтүлбөгөн металл эсептери, төлөм карт боюнча операцияларды (бүтүмдөрдү) ишке ашырууну бир тараптуу негизде токтотууга/андан баш тартууга, банктык эсепти, карт эсебин жабууга же болбосо бул келишимди (толугу менен же анын бөлүгүн) жокко чыгарып/аны токтотууга, ошондой эле Кардардын сейф чөнөгүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө жана/же сейф чөнөгүн ижарага алуу операциясын ишке ашыруусуна бөгөт коюуга же болбосо төмөнкү учурларда сейф чөнөгүн ижарага тапшырууну бир тараптуу негизде токтотууга, эгерде:

- Кардарды жана бенефициар ээсин идентификациялоо жана верификациялоо талаптарын аткаруу, ошондой эле талаптагыдай текшерүүнү жүргүзүп, эсеп боюнча операцияларды ишке ашыруу жагында башка чараларды көрүү үчүн зарыл болгон тиешелүү документтер Кардар тарабынан берилбеген болсо;
- Кардар ишке ашырып жаткан операциялардын экономикалык максатка ылайыктуулугун жана анын айкын экономикалык жана башка иш багытын тастыктаган, эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон тиешелүү документтер Кардар тарабынан берилбеген болсо;
- такталбаган документтер сунушталган болсо;
- ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын документтеринин негизинде, ошондой эле Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, улуттук жана эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, анын ичинде террористтик иш аракеттерди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүүнү жөнгө салган мыйзамдарда каралган башка учурларда;

- ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана төлөм системаларынын эрежелеринде каралган башка учурларда.

**5.4.** Банк төмөнкү учурларда Кардардын аралыктан банктык тейлөө системасынан пайдалануу мүмкүчүлүгүн, төлөм карттарын тейлөөнү бир тараптуу негизде убактылуу токтотууга/чектөөгө жана толук токтотууга укуктуу:

- Кардар бардык банктык эсептерин жапкан шартта;
- идентификациялоочу маалыматтар (колдонуучунун аты-жөнү, логини, паролу, ПИН-коду, Кардарды аутентификациялоо/идентификациялоонун башка ыкмалары) 3 (үч) жолу катары менен туура эмес киргизилген шартта;
- Кардардын активдүү иш алып баруусу кандайдыр бир шектенүүнү жаратса;
- банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөнбөй калса;
- аралыктан банктык тейлөө системасынын ишинде техникалык үзгүлтүктөр келип чыкса;
- программалык камсыздоолор алмаштырылып жана/же алдын-алуу иштери жүргүзүлсө;
- ушул келишим талаптарын аткарууга, банктык эсеп, банктык төлөм карты боюнча операцияларды/транзакцияларды, төлөмдөрдү ишке ашырууга байланыштуу талаш маселе же кандайдыр бир түшүнүксүз жагдайлар келип чыкса;
- Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, банктын тарифтеринде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринде же болбосо Банк менен Кардар ортосунда түзүлгөн өзүнчө макулдашууларда/келишимдерде каралган башка учурларда.

**5.5.** Банк Кардардын кайсыл болбосун банктык эсебинен, анын ичинде аманатынан (депозитинен), карт эсебинен, ээси көрсөтүлбөгөн металл эсептеринен төмөнкү учурларда (бир же андан көп учурда) бир тараптуу негизде, акцептсиз тартипте (алдын-ала макулдашуусуз/уруксат алуусуз, билдирүүсүз жана Кардардын алдын-ала тапшырмасыз/буйруусуз эле) акча каражаттарын эсептен алып салууга:

- Кардарга кредитинин, овердрафтынын жана/же чегерилген пайыздардын, комиссиялык төлөмдөрдүн, сый акылардын, курстук айырманын, айыптык төлөмдөрдүн, туумдардын жана башка айыптык төлөмдөрдүн, финансылык санкциялардын ордун жабууга каралган, ошондой эле Кардардын банк эсеби, карт эсеби боюнча келип чыккан техникалык овердрафттын ордун жабууга каралган каражаттарды, кайтарылып берилген жана башка төлөмдөрдү эсептен алып салууга/кармап калууга;
- банктын күнөөсү боюнча Кардардын банк эсебине, карт эсебине жаңылыш/туура эмес чегерилген, Кардарга нак акча каражатын алууда ашыкча же жаңылыш берилип кеткен акча каражаттарын, ошондой эле Кардардын банк эсеби, карт эсебине үчүнчү жак тарабынан төлөмдөрдүн туура эмес/жаңылыш чегерилип кеткендиги документ жүзүндө далилденген шартта, ошол төлөм суммасын;
- банктык эсепти, карт эсебин жүргүзүү/тейлөө, банктык эсеп төлөм карты боюнча операцияларды/транзакцияларды ишке ашыруу жана ушул банктык келишим боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү/продукттарды Банктын колдонуудагы тарифтеринде каралган өлчөмдө жана шарттарда, төлөм системасынын эрежелерине ылайык сунуштоо үчүн;
- эсеп, аманат (депозит), карт эсеби боюнча ишке ашырылган операциялар/транзакциялар, анын ичинде реестрде көрсөтүлгөн операциялар боюнча акча каражаттарынын суммасын;
- ушул келишимде, Банктын тарифтеринде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка учурларда, ошондой эле Кардардын милдеттенмелер боюнча Банкка төлөнүп берилүүгө, эсептеп алынууга, кармалып калууга, толукталып берүүгө, төлөнүүгө тийиш болгон акча каражаттарын, Кардардын Банк алдындагы кандай болбосун карызын, анын ичинде банктык тейлөөгө, банктык кызмат

көрсөтүүлөргө, продукттарды сунуштоого байланыштуу болбогон, бирок Банк менен Кардар ортосундагы укуктук мамилелерден улам келип чыккан башка учурларда.

Жогоруда белгилденген учурларда, ушул аркылуу Кардар Банкка ушул Келишимдин алкагында Кардардын атына Банкта ачылган кайсыл болбосун эсептеринен, Кардар менен кандай болбосун формада кандай болбосун кошумча макулдашуусуз эле акцептсиз эсептеп алууга укук чегерет.

**5.6.** Банк, комиссиялык төлөм өлчөмдөрүн жана түрлөрүн, чендерди, алмашуу курстарын, лимиттерди, пайыздарды, сый акыларды жана/же Банктын кызмат көрсөтүүлөр наркына башка төлөөлөрдү кошо алганда, кызмат көрсөтүүлөр тарифтерине өз демилгеси боюнча жана өз ыңгайына жараша бир тараптуу негизде жаңылоолорду киргизип, өзгөртүүгө, толуктоого, ошондой эле ушул Ачык офертанын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, Банктын башка актыларынын жана документтеринин шарттарын, Кардарга ал тууралуу расмий интернет сайтында, маалымат такталарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системаларында/мобилдик тиркемесинде тиешелүү кулактандырууларды, сунушталып жаткан өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду же жаңылоолорду жарыялоо аркылуу же болбосо, сунушталып жаткан өзгөртүүлөр/толуктоолор, жаңылоолор күчүнө киргенге чейинки кеминде 10 (он) жумуш күнү мурда Кардардын уюлдук телефон номерине SMS-билдирүү жөнөтүү же электрондук почтасына билдирме кат жолдоо аркылуу бир тараптуу негизде өзгөртүүгө/толуктоого, жаңы редакциясын сунуштоого укуктуу.

**5.7.** Банк, Кардар аралыктан тейлөө банктык системасы аркылуу өз эсептери боюнча жүзөгө ашырышы мүмкүн болгон банктык операциялар жана функциялар тизмегин кайсыл болбосун учурда, өз ыңгайына жараша бир тараптуу негизде аныктоого жана өзгөртүүгө, ошондой эле аралыктан банктык тейлөө системасы/мобилдик тиркемеси аркылуу ишке ашырылуучу операциялар/транзакциялар суммасына лимиттерди/чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу.

**5.8.** Банкка төлөнүп берилүүгө тийиш болгон комиссиялык төлөмдөр, сый акылар, кошо эсептелинген пайыаздар жана башка төлөөлөр өз учурунда төлөнбөсө, банктык эсеп, карт эсеби боюнча азайтылбаган калдык суммасы толукталбаса, кредит, овердрафт, техникалык овердрафт суммасы өз учурунда кайтарылбаса, карт жана башка операциялар/транзакциялар суммасы толукталып берилбесе, ошондой эле Банк алдындагы башка карыздын орду жабылбаса, Банк мөөнөтүндө төлөнбөгөн/кечиктирилген бүтүндөй мезгил аралыгы үчүн ушул келишимде, Банктын тарифтеринде, Банктын ички ченемдик актыларында белгиленген өлчөмдө айыптык төлөмдөрдү (туумдарды), пайыздарды чегерүүгө/өндүрүп алууга жана финансылык санкцияларды колдонууга укуктуу.

**5.9.** Банк өз ыңгайына жараша ушул келишимде белгиленген милдеттенмелерди бузгандыгы, анын ичинде банктык төлөм карттарын, анын реквизиттерин, логиндерин, паролдорун жана аралыктан банктык тейлөөнүн жана электрондук капчыктарга кирүүнүн башка каражаттарын үчүнчү жактарга берүүгө тыюу салууну камтыган ченемдерди бузууга жол берген шартта Кардарга карата жоопкерчилик чараларын колдонууга. Аталган чаралардын катарында төмөнкүлөр камтылышы мүмкүн, бирок алар менен чектелбейт: Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Банктын компетенттүү мамлекеттик/укук коргоо/сот органдарына Кардарды жарандык-укуктук, кылмыш же башка жоопкерчиликке тартуу боюнча кайрылуусу.

**5.10.** Банк, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченедик укуктук актыларында, улуттук жана/же төлөм системаларынын эрежелеринде же болбосо, Банк менен Кардар ортосунда өзүнчө түзүлгөн макулдашууларда, келишимдеринде, Банктын расмий интернет сайтында, маалымат такталарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системаларында жайгаштырылган ачык офертада, ички ченемдик актыларда каралган башка укуктарды колодоно алат.

**5.11. Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**5.10.1.** Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү, банктык продукттарды сунуштоого, нак эмес операцияларды/транзакцияларды, төлөмдөрдү, эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырууга, банктык эсептерди, карт эсептерин ачууга, Кардардын төлөм тапшырмаларын/буйрууларын аткарууга, ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларында каралган шарттарда жана тартипте, Банктын тарифтерине, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелерине, ошондой эле банктык тажрыйбада колдонулган шарттарга ылайык Кардарды эсептешүү-кассалык тейлөөгө алууга жана/же башка банктык тейлөөлөрдү ишке ашырууга;

**5.10.2.** Кардардын банктык эсептери аркылуу ишке ашырылган операциялардын/транзакциялардын купуялуулугун сактоого жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде каралган учурларда гана алар боюнча маалымат берүүгө;

**5.10.3.** Кардардын банктык эсебине келип түшкөн акча каражаттарын кабыл алып жана/же чегерүүгө, аларды берүүгө же каражат Банкка келип түшкөндөн кийинки күндөн кечиктирбестен Кардардын буйруусуна/тапшырмасына ылайык анын тиешелүү төлөм документине жана ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларында, Банктын ички документтеринде төлөм системаларынын эрежелеринде башкасы каралбаса, электрондук формада тариздетилген документ боюнча анын банктык эсебинен чегерүүгө;

**5.10.4.** Кардардын талабына ылайык банктык эсеп боюнча көчүрмөнү берүүгө;

**5.10.5.** Банктык эсеп, анын ичинде аманат (депозит), карт эсеби жана башка эсептер жабылган шартта, Кардардын Банк алдындагы тиешелүү комиссиялык төлөмдөрүн/карыздарын кармап калгандан кийин калган каражат суммасы Кардардын өтүнүч катында көрсөтүлгөн реквизиттерге ылайык чегерүүгө жана/же накталай берүүгө;

**5.10.6.** Кардардын эсептери жана алар аркылуу ишке ашырылган операциялар тууралуу маалыматтардын үчүнчү жактарга санкциясыз ачыкка чыгарылышына бөгөт коюу үчүн укуктук, уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрүүгө;

**5.10.7.** Ушул келишим боюнча Кардарга консультациялык жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого;

**5.10.8.** Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, башка милдеттерди аткарууга.

## 6. БАНКТЫК ЭСЕП АЧУУ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮ

**6.1. Эсеп ачуу**

**6.2.1.** Банк Кардарга бекитилген формадагы өтүнүч кат-анкетанын негизинде, тиешелүү валютада банктык эсепти (аманат (депозитти), карт эсеби, ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебин жана башка эсептерди) ачат, эгерде Кардар мобилдик тиркеме, аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу аралыктан жана/же Банк менен жөнгө салынган электрондук каналдар (техникалык мүмкүнчүлүктөр болгон шартта) аркылуу эсеп ача турган болсо, Банк Кардарга толук же чектөөлөр белгиленген функционалдык эсепти ачат. Кардар, ушул келишимди акцептөө аркылуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана/же Банк тарабынан белгиленген (анын ичинде Кардарды аралыктан туруп идентификциялоо жана верификациялоодо) лимиттер, операциялардын түрү жана көлөмү боюнча чектөөлөргө макулдугун билдирет. Чектөөлөрдүн тизмеги жана алардын көлөмү тууралуу маалыматтар Банктын расмий интернет-сайтында, мобилдик тиркемеде жана/же ушул келишимде чагылдырылган.

**6.2.2.** Банктык эсеп жана башка эсептер Кардар тарабынан төмөнкү документтер сунушталган шартта гана ачылат:

- Кардардын/анын ишенимдүү адамынын (сүрөтү түшүрүлгөн, андан көчүрүп алууга боло турган кагаз жүзүндөгү документтин түп нускасы)/акча салуучунун инсандыгын тастыктаган документ (Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карт)/санарип документ;
- ишенимдүү адам үчүн – анын ыйгарым укуктарын тастыктаган, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн ишеним кат;
- Банктын, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын талаптарына ылайык, Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо үчүн (анын ичинде аралыктан туруп) талап кылынган маалыматтар жана/же документтер (кагазга чыгарылган же электрондук формада);
- 2016-жылдын 1-январына чейин каттоодон өткөн, юридикалык жакты түзүүсүз иш алып барган жеке ишкерлер үчүн – статистика органдары тарабынан берилген, жеке ишкерди каттоо күбөлүгү (таанышып чыгуу жана тактоо үчүн анын түп нускасы жана көчүрмөсү берилүүгө тийиш);
- 2016-жылдын 1-январынан тартып каттоодон өткөн, юридикалык жакты түзүүсүз иш алып барган жеке ишкерлер үчүн – салык кызматы органы тарабынан берилген, жеке ишкерди каттоо күбөлүгү (таанышып чыгуу жана тактоо үчүн анын түп нускасы жана көчүрмөсү берилүүгө тийиш);
- эгерде иш багыты патент боюнча жүзөгө ашырылса, жеке ишкердик менен алектенген жөнүндө патент (тактоо үчүн анын түп нускасы жана көчүрмөсү берилүүгө тийиш). Мында, патент эсеп ачуу учуруна жана эсеп боюнча ар бир операция ишке ашырууда эсепти тейлөө мезгил аралыгында колдонууда болууга тийиш. Патенттин колдонуу мөөнөтүнө тиешелүү маалыматтар системадагы Кардар маалымдамасында мезгил-мезгили менен чагылдырылып туруу менен ар бир операцияны жүргүзүүдө эсеп боюнча операция ишке ашырылып жаткан учурга карата патенттин колдонуу мөөнөтү контролдукка алынууга тийиш;
- милдеттүү түрдө лицензиялануга тийиш болгон иш багыттары үчүн – ошол иш багытын жүзөгө ашыруу укугуна лицензия (көчүрмөсү тактоо үчүн анын тактоо үчүн түп нускасы);
- жеке ишкердин электрондук патенти болгогн шартта, банк кызматкери электрондук патенттин кагазга чыгарылгандыгын же Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдарынын маалымат системалары аркылуу ошолш патентти текшерип чыгууга тийиш.

**6.2.3.** Эгерде Кардар маалыматтарды толук бербеген, такталбаган жана/же эскирген маалыматтарды (анын ичинде, аралыктан туруп идентификациялоо/верификациялоодо) берген шартта же болбосо Банкка жаңыртылган/өзгөртүлгөн маалыматтарды бербесе Банк эсеп ачууну токтотууга, чектөөгө/Кардарга банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодон, эсеп ачуудан баш тартууга.

**6.2.4.** Кардар эгерде ыйгарым укуктуу органдардын, юридикалык жактардын (жеке маалымат базасын түзгөндөрдүн) маалымат базасына мындай өзгөртүүлөр киргизилген жана ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында жеке маалымат базасын түзгөндөр менен келишимге ылайык алар Банк тарабынан колдонулган шартта, Банктын жеке маалыматтарга бир тараптуу негизде оңдоолорду (корректировка) киргизүүсүнө Кардар макул болот.

**6.2.5.** Банктык эсеп ачууда кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга), террористтик же экстремисттик ишке же андай ишти каржылоого катышы бар жактардын, топтордун жана уюмдардын тизмегинде Кардардын бар же жок экендигин кылдат текшерүүгө тийиш.

**6.2.6.** Кардар Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзүү менен Банк тарабынан ага тиешелүү жеке маалыматтардын мамлекеттик маалымат системалары же башка маалымат булактары аркылуу текшерилишине/жаңыртылышына макул болот, ошондой

эле Кардар Банк тарабынан Кардарга анын Өтүнүч кат-анкетада көрсөтүлгөн реквизиттер жана/же Кардарды каттоодон өткөрүү/индентификациялоо учурунда (анын ичинде аралыктан туруп) мобилдик тиркемеде/аралыктан тейлөө системаларында көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча жөнөтүлүүчү кандай болбосун маалыматтарды жана/же документтерди алууга макулдугун билдирет.

**6.2.7.** Бардык аманаттар Кыргыз Республикасынын "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" мыйзамында каралган тартипте, өлчөмдөрдө жана шарттарда корголууга тийиш.

**6.2.8.** Кардар, бул келишимди акцептөө (кол коюу) менен өз эрки боюнча, билип туруп, Банкка ага тиешелүү жеке маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга жана тиешелүү мамлекеттик (муниципалдык), каттоодон өткөрүүчү, маалымат берүүчү органдарга, маалымат булактарынан болгон башка системаларга ("Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара иш алып баруу системасы, мамлекеттик (муниципалдык) органдар/ведомстволор, ишкана-мекемелер/уюмдар, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Санариптештирүүнү өнүктүрүү министрлиги, Мамлекеттик каттоо кызматы, Мамлекеттик салык кызматы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кредиттик бюро "Ишеним" ЖАК жана башкаларды кошо алганда) Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалыматтар тууралуу" мыйзам талабына ылайык Кардарды идентификациялоо/верификациялоо максатында (анын ичинде аралыктан туруп) банктык/төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн, мамлекеттик, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын аткаруу максатында, ошондой эле Кардарга тиешелүү жеке маалыматтарды жана документтерди, анын иш багытына, жүргүзүп жаткан операцияларына/транзакцияларына тиешелүү маалыматтарды топтоого/иштеп чыгууга, үчүнчү тарапка берүүгө/үчүнчү тарап аркылуу берилишине (чет мамлекеттердин юрисдикциясына кирген жактарга чек ара аркылуу берилишине), Банктын банк-корреспондентине, төлөм системасына, Банктын агентине (субагентке), финансы-кредит уюмдарына жана Кардардын чет өлкө жана/же улуттук валютадагы банктар аралык, эл аралык которууларын аткаруу процессинде тиешелүү талап келип түшкөн шартта, ушул келишим боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдү, мамлекеттик (муниципалдык) жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, эл аралык келишимдердин, чет мамлекеттердин мыйзам талаптарынын, чет өлкө салыктык жана башка органдардын, уюмдардын, анын ичинде Кыргыз Республикасы террористтик иш аракеттерди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагында кабыл алынган мыйзам талаптарын аткаруу максатына, ошондой эле, ушул келишимдин, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, Кардардын берген ушул макулдугунун, Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого,иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасынын негизинде ошол маалыматтардын колдонушу үчүн аларга берилишине/алардан алынышына макулдугун билдирет.

**6.2.9.** Келишимдин алкагында кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо Банктын Кардарды идентификациялоосу төмөнкү учурларда ишке ашырылат:

- Банктын бөлүмдөрү аркылуу операцияларды ишке ашырууда – Кардардын инсандыгын тастыктаган документтин негизинде (сүрөтү чапталган кагаз жүзүндөгү, же мамлекеттик маалымат системаларынан алынган санариптик форматтагы документтин). Кардардын инсандыгын тастыктаган документтин реквизиттери Банктын маалымат базасында чагылдырылагандарга дал келген учурда Кардар идентификацияланган катары эсептелет;
- операцияларды мобилдик банкинг/аралыктан банктык тейлөө каражаттары аркылуу жүргүзгөн учурда – электрондук кол тамга, логин, тастыктоо коду, биометри идентификациялоо каражаттары (бармак басым, Face ID ж.б.) негизинде жана/же Кардарды аутентификациялоо/идентификациялоонун башка каражаттары

аркылуу. Банк аларды терүү/киргизүү туура экендигин ийгиликтүү текшергенден кийин Кардар идентифициядан өткөн катары саналат (анын ичинде, Кардар тастыктоонун өз алдынча тандап алган ыкманы колдонгон учурда дагы);

- операцияларды өз алдынча тейленген жабдуулар аркылуу жүргүзгөн учурда – Кардар сунуштаган төлөм картынын/жана/же аралыктан тейлөөнүн колдонулган башка каражаттарынын (QR-код ж.б.) негизинде. Карттардын магниттик тилкесинде же микропроцессордо же аралыктан тейлөө каражатынын реквизиттеринде чагылдырылган маалыматтар Банктын маалымат базасында камтылгандарга дал келген шартта, Кардар идентификцияланган катары эсептелет;
- операцияларды карт реквизиттери боюнча (Интернет-төлөмдөр), же аралыктан банктык тейлөө шаймандарынын (QR-код ж.б.) реквизиттеринин жардамы менен өткөрүү учурунда или Кардар тарабынан киргизилген/колдонулган реквизиттер Банктын маалымат базасында сакталып турган маалыматка шайкеш келген учурда Кардар идентификацияланган катары саналат;
- банктын Байланыш борборунда – контролдоо максатында алган маалыматтардын (анын ичинде, Кардардын өтүнүч катында код катары белгиленген сөз аркылуу), Кардарды идентификциялоо/верификациялоо натыйжасында алынган маалыматтардын (Кардардын жеке өзүнө тиешелүү маалыматтардын) жана/же маалымат базасында камтылгандарга дал келүүгө тийиш болгон башка маалыматтардын/билдирүүлөрдүн негизинде;
- ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Банктын ички ченемдик актыларында, төлөм системаларынын эрежелеринде (шарттарында) каралган башка ыкмаларда.

**6.2.10.** Банктын тарифтеринде, ички ченемдик актыларында жана/же Банк менен Кардар ортосундагы өзүнчө макулдашууларда/документтерде (анын ичинде электрондук түрдө тариздelingен) башкасы каралбаса, Кардардын банктык эсеби, карт эсеби, салган аманаты/талап боюнча төлөнүүчү депозити жана башка эсептер боюнча каражат калдыгына пайыздар (сый акы) чегерилбейт.

**6.2.11.** Эгерде кардар жана анын түпкү пайда көрүүчүсүнөн болгондор Америка Кошмо Штаттарынын резиденти болуп саналса, Кардар бул келишимди акцептөө менен Банк тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясына кирген үчүнчү жактарга ушул келишимге, АКШнын “Чет өлкөлүктөрдүн эсептеринен салык алуу жөнүндө” мыйзамына (FATCA) жана өкмөттөр аралык/эл аралык келишимдерге ылайык, Кардарга тиешелүү алар талап кылган маалыматтардын аларга берилишин макулдугун берет.

**6.2. Эсепти жабуу**

**6.2.1.** Кардардын эсептерин жабуу анын өз колу менен жазылган өтүнүч катынын же Банкта белгиленген формада тариздетилген электрондук документтин (техникалык жактан жөнгө салынган шартта) негизинде, ошондой эле Банктын бир тараптуу демилгеси боюнча же болбосо ушул келишимде, аралыктан банктык тейлөө системасында, Банктын ички ченемдик актыларында, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында аныкталган башка тартипте жүзөгө ашырылат.

**6.2.2.** Ушул келишимдин тиешелүү банктык эсепти ачуу жана аны тейлөө боюнча шарттары, ошол эсеп Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде каралган негизде же аларда белгиленген тартипте жабылганга чейин колдонулат.

**6.3. Банктык эсеп боюнча операциялар**

**6.3.1.** Кардар ушул келишимдин негизинде кандайдыр бир кошумча макулдук (буйруу, тапшырма) алуусуз эле, Кардардын Банк алдындагы кандай болбосун карызын анын атына ачылган эсептерден бир тараптуу негизде акцептсиз эсептеп алып коюуга Банкка ыйгарым укук чегерет.

**6.3.2.** Банктын ички ченемдик актыларында, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, төлөм системаларынын эрежелеринде (шарттарында) башкасы

белгиленбесе, Кардар нак акча каражатын Банктын кайсыл болбосун бөлүмүнөн операциялык күн ичинде инсандыкты тастыктаган документти көрсөтүү менен ала алат (Кардар кайрылган учурда Банктын колунда тиешелүү суммадагы акча каражаты болгон шартта же болбосо тиешелүү сумманы алууга ниеттенип жаткандыгы тууралуу Кардар алдын-ала маалымдаган шартта).

**6.3.3.** Талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) эсебине, карт эсебине (эсептешүү, күндөлүк эсепти, атайын эсептерди эске албаганда) Кардардын өзүнө таандык акча каражаттарынан тышкары, анын эмгек акысы, автордук гонорары (калем акысы), башка банк эсебиндеги каражаттары, Кардарга таандык болгон өздүк активдерди сатып өткөрүүдөн түшкөн төлөм жана милдеттенмелер боюнча төлөмдөрдү кошо алганда, башка түшүүлөр жана төлөмдөр чегерилиши мүмкүн. Кардар талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) эсебинен, карт эсебинен сатып алган товарлар (сунушталган кызмат көрсөтүүлөр) үчүн төлөмдөрдү, кредит боюнча төлөмдөрдү, ал аралык жана локалдык акча которуулар, банктар аралык которуулар, коммуналдык төлөмдөр жана мамлекеттик органдарга башка чегерүүлөр, Кардардын негизги иш багытына тиешелүү эсе боюнча төлөмдөрдү кошо алганда, анын негизги иш багытына тиешелүү төлөмдөр жъзөгө ашырылышы мүмкүн.

**6.3.4.** Кардар ушул келишимдин алкагында операцияларды/транзакцияларды жүргүзүүдө колдонулуучу ыкмаларга, идентификациялоо жана аудентификациялоо, авторизациялоо каражаттарына макул болот жана операцияларды/транзакцияларды ишке ашырууга Банктын укугун, эсептер боюнча кардарга берилген маалыматтарды талаптагыдай негизде сунушталгандыгын тастыктайт.

**6.3.5.** Кардар код катары белгиленген сөздү (же башка параметрлерди/Кардарга тиешелүү маалыматтарды) үчүнчү жактарга билдиришине макул болуу менен ошол жактар Кардардын эсептери жана төлөм карттары боюнча маалымат алууга/кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууга укуктуу болгон анын ыйгарым укуктуу мыйзамдуу өкүлү катары эсептелинет.

**6.3.6.** Банктын түзүмдүк бөлүмдөрү аркылуу эсептеги акча каражаттарын тескөө Кардардын кат жүзүндөгү тапшырмасынын негизинде ишке ашырылат. Эсептеги акча каражаттарын тескөө тапшырмасы Банк тарабынан белгиленген формада, стандарттык бланкта тариздетилүүгө тийиш. Кардар, эгерде мындай мүмкүнчүлүк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, Банктыгн ички ченемдик актыларында, тиешелүү төлөм системаларынын эрежелеринде каралган шартта, Банкка башка формада төлөм тапшырмаларын, төлөм документтерин сунуштоого укуктуу жана мында, Банкка жөнөтүлгөн мындай төлөм тапшырмасында, төлөм документинде Кардардын тапшырмасын талаптагыдай аткаруу үчүн бардык зарыл маалымат камтылууга тийиш.

**6.3.7.** Кардар төлөм жана башка документтерде реквизиттерин толук эмес, туура эмес/жаңылыш көрсөтүлгөндүгүнө, Кардардын өтүнүч каты-анкетасында жана индентификациялоо/каттоодон өткөрүүдө талап кылынган башка документтерде/формаларда Кардар тууралуу маалыматтардын жоктугуна, толук көрсөтүлбөгөндүгүнө, ошондой эле Кардарга, каражат алуучуга, алуучу Банкка карата санкциялар, арест (бөгөт) коюлуп же коюулушу мүмкүн экендигине, анын ичинде мамлекеттик органдар, эл аралык уюмдар, чет мамлекеттер тарабынан башка чектөөлөр белгиленишине байланыштуу бардык тобокелдиктерди жана жоопкерчиликтерди өзүнө алат. Туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча которулган акчаны жана башка төлөмдөрдү кайтарып алуунун мүмкүн эместигине, орун алып турган санкциялардын/чектөөлөрдүн кесепетинен которууларды ишке ашыруунун жана/же жыйынтыктоонун кечиктирилишине, толук эмес, бурмаланган, такталбаган же карама-каршы пикирди жараткан маалыматтардын көрсөтүлүшүнө, ошондой эле башка бир себептерге, жагдайларга байланыштуу келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди Кардар өз мойнуна алат жана жоопкерчиликти/чыгымдарды өз

эсебинен жүзөгө ашырат.

**6.3.8.** Кардардын Банк акцепттеген тапшырманы кайтарып алышы жана/же анын аткарылышын токтотуу (техникалык/айкын мүмкүнчүлүктөр болгон шартта) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, төлөм системаларынын эрежелеринде, ушул келишимде, Банктын ички ченемдик актыларында жана тарифтеринде белгиленген учурда гана ишке ашырылат.

**6.3.9.** Эсеп, төлөм карты боюнча нак/накталай эмес акча каражаттарын салуу/чыгарып алуу боюнча операциялар Кардар тарабынан Банктын, башка кредит-финансылык мекемелердин/уюмдардын өз алдынча тейленген жабдуулары, аралыктан банктык тейлөө системалары, Банктын/Банк агенттин бөлүмдөрү, ошондой эле белгиленген лимиттерди чектөөлөрдүн алкагында Кардардын тиешелүү картын тейлөөгө кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон өз алдынча тейленген жабдууларда ишке ашырылышы мүмкүн.

**6.3.10.** Мөөнөттүү аманат (депозит) эсебине чегерилген пайздарды дароо которуу боюнча операциялар Кардардын кат жүзүндөгү же мөөнөттү аманат (депозит) шарттарында кошумча төлөм каралган болсо, аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу электрондук формада берилген документтин негизинде ишке ашырылат.

**6.3.11.** Эсептер, анын ичинде аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу операцияларды жүзөгө ашырууда Банк тарабынан ошол операция иштелип чыккан учурдагы тарифтер колдонулат.

**6.3.12.** Эсепке, карт эсебине акча каражаттары нак эмес тартипте же наталай салуу аркылуу келип түшсө, ошондой эле эсеп валютасынан айырмаланган валютада операциялар/транзакциялар жүргүзүлгөн шартта, Банк тиешелүү суммаларды Банктын/төлөм системасынын операция иштелип чыккан учурга карата колдонулган курсу боюнча ишке ашырат (№2-тиркеме).

**6.3.13.** Кардардын, үчүнчү жактардын Кардар эсебине акча каражаттарын чегерүүгө берген тапшырмасы, ошондой эле Кардардын төлөмдөрү аралыктан тейлөө системасы аркылуу эсептер ортосунда акча которуулары Банк тарабынан, эгерде төлөм тапшырмасында башкасы көрсөтүлбөсө жана/же алардын экономикалык максатка ылайыктуулугуна жана мыйзамдуулугуна тиешелүү маселелер келип чыкпаса, ушул келишимде, банктын ички ченемдик документтеринде, Кыргыз Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, төлөм системаларынын эрежелеринде каралган башка негиздемелер келип чыкпаган шартта төлөм тапшырмасы тариздетилгенден кийинки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен аткарылууга тийиш.

**6.3.14.** Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, банктын ички ченемдик актыларында, төлөм системаларынын эрежелеринде, ошондой эле төмөндө келтирилген жагдайларда (булар менен эле чектелип калбайт) Кардардын тапшырмаларын/бүтүмдөрүн/ анын ичинде төлөмдөрдү/которууларды/ эсептешүүлөрдү ишке ашыруу боюнча тапшырмаларын аткарбай коюуга укуктуу:

- Кардар ушул келишимде каралган тартипте идентификацияланбаган жана аутентификацияланбаган болсо;
- Кардар Банк сунуштаган кызмат көрсөтүүлөр үчүн комиссиялык төлөмдү төлөбөгөн шартта же карт боюнча балансtagы жеткиликтүү сумма же талап боюнча төлөнүүчү, эсептешүү (күнүмдүк) эсептеги же башка эсептени калдык тиешелүү операцияны жүргүзүү, Банктын тарифинде каралган комиссиялык төлөмдө кармап калуу үчүн жетишсиз болсо;
- Кардар төлөм реквизиттерин туура эмес, ката көрсөткөн болсо, эсеп шартында каралбаган туура эмес көрсөтмөлөрдү камтыган, толтурулбай же кол коюлбаган же болбосо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген маалыматтарды камтыбаган төлөм документтерин же Банк талап кылган документтер топтомун берген болсо;
- Кардар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын, анын ичинде

терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагында мыйзам талаптарын, ушул келишим жоболорун, төлөм системаларынын эрежелерин бузууга жол бергендигин тастыктаган фактылар келип чыкса;

– акча каражаты Кардар менен түзүлгөн күрөө жөнүндө келишимдердин жана/же башка макулдашуулар/келишимдер шарттарына ылайык Кардардын Банк алдындагы милдеттенмелеринин аткарылышын камсыздаган күрөө же башка камсыздоо/чектөөлөр предметинен болсо.

Банк жогоруда көрсөлгөн жагдайларда Кардардын тапшырмаларын аткаруудан баш тартуу, токтотуу кесепетинен Кардар тарткан чыгымдар, алынбай калган пайда үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**6.3.15.** Банк Кардар жол берген каталар же анын тапшымаларын же буйрууларын кайсыл бирин кайталоодон улам келип чыккан кесепеттер үчүн жоопкерчилик тартпайт. Кардардын акча каражаттарын негизсиз эле, кайталап же жаңылыш чегерилиши кесепетинен келип чыккан бардык тобокелдиктерди ал өзүнө алат жана жөнөтүлгөн каражаттын кайтарылышы маселесин өз алдынча жөнгө салат.

**6.3.16.** Банктын күнөөсү боюнча кардар эсеби аркылуу жаңылыш ишке ашырылган операциялар үчүн Банк жоопкерчиликтүү болуп саналат. Мындай учурда Банктын жоопкерчилиги жаңылыш ишке ашырылып кеткен операцияларды корректировкалоо боюнча чаралардын көрүү менен эле чектелет.

**6.3.17.** Банк почта, интернет, байланыш түйүндөрүндө Банктан көз каранды болбогон себептер боюнча келип чыккан, Банктын тиешелүү маалыматтарын Кардар өз учурунда албай калышын шарттаган үзгүлтүктөр, оң абалда эмес экендигине байланыштуу анын аралыктан банктык тейлөө системасынан/мобилдик тиркемесинен пайдаланууда жол берилген каталар, кечиктирүүлөр же анын жөндөмсүздүгү, тиешелүү жабдуунун, техникалык каражаттардын бузук экендигинен улам программалык камсыздоонун жана персоналдык компьютердин, мобилдик телефондун жана/же Кардарга таандык болгон башка жабдуулардын алдамчылык максатында колдонулушунан, ар кандай вирустардан жана башка кесепеттүү жагдайлардан улам коопсуздугу үчүн жоопкерчилик тартпайт. Банк техникалык үзгүлтүктөрдүн (электроэнергиясынын, байланыш түйүндөрүнүн, процессинг борборунун программалык камсызоосунун, банктык маалымат базасынын үзгүлттүккө учурашы/өчүп калышы, төлөм системасындагы техникалык үзгүлттүктөр/кырсыктар), ошондой эле Банктын контролдугуна алынбаган, ушул келишимдин жана/же Кардар менен түзүлгөн башка келишимдердин талаптарынын Банк тарабынан аткарылбай калышы кеспетин шарттаган башка жагдайларда мүлктүк жана башка жоопкерчиликтерден бошотулат.

**6.3.18.** Банктын Кардар алдындагы жоопкерчилиги, Банктын атайлап, билип туруп же одоно калпыстыкка жол берүүсүнүн кесепетинен/аракеттенбей коюусунун Кардар дуушар болгон жана соттук актынын негизинде документ жүзүндө тастыкталган айкын чыгым ордун төлөп берүү менен чектелет. Банк мындай кесепеттүү жагдайлардын/зыяндардын келип чыгышы мүмкүндүгүн алдын ал билген учурда да Кардар алдында кандайдыр бир кыйыр же кокусунан келип чыккан чыгымдар/зыян тартуулар (анын ичинде алынбай калган пайда) үчүн эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

**6.3.19.** Банктык эсеп, карт эсеби боюнча азайтылбаган калдык кемип калган учурда (төлөм карты аркылуу ишке ашырылган операциялар үчүн төлөө суммасын, Банктын комиссиялык төлөмдөрүн эсептен алып салууда, Банк алдындагы карыз ордун жабууда ж.б.) Кардар Банктан тиешелүү билдирме алгандан кийинки 5 (беш) банк күнүнөн кечиктирбестен азайтылган калдык суммасын калыбына келтирүү максатында банктык эсепке, карт эсебине тиешелүү суммадагы акча каражатын чегерүүгө милдеттүү.

**6.3.20.** Эгерде Кардар операциялардын ишке ашырылышында кандай бир так эместикти, анын туура эмес жана/же толук аткарылбагандыгын, санкцияланбаган операцияларга жол берилгендигин, акча каражаттарынын туура эмес чегерилгендигин аныктаган шартта

жана башка ушундай эле учурларда почта, телефон, электрондук почта, факс, аралыктан банктык тейлөө системасында социалдык мессенджерлерде жана башкалар аркылуу электрондук билдирүүлөрдү жөнөтүү менен ал тууралуу Банкка дароо маалымдоого тийиш.

**6.3.21.** Эгерде Банк эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүдө жана/же Кардарга тиешелүү маалыматтарды жөнөтүүдө каталарга жол бергендигин аныктаган шартта, ал жол берилген каталарды токтоосуз жөнгө салууга милдеттүү. Банк, ушул келишимдин негизинде, Кардардын кошумча макулдугун/тапшырмасын алуусуз эле эсептерди кредиттөө же дебеттөө аркылуу эсептешүүлөрдү бир тараптуу негизде корректировкалоого укуктуу. Банк төлөм документин аткарууга кабыл алгандыгы тууралуу тастыктоону алган учурда нак эмес формадагы эсептешүүлөр Кардар үчүн кайтарылып алынгыс, ал эми Кардар эсебинен/эсептеринен акча каражаттарынын алынып коюулушу учурунда ал жыйынтыктоочу болуп саналат.

**6.3.22.** Техникалык көйгөйлөрдү/үзгүлтүктөрдү четтетүү мезгил аралыгында Кардар банк операцияларын кагаз жүзүндө тариздетилген, ага өзү кол койгон төлөм документин Банкка сунуштоо менен жүзөгө ашырууга тийиш.

**6.3.23.** Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо тартиби жана/же шарттары, кандай болбосун банктык операцияларды/транзакцияларды ишке ашыруу Кардар аларды демилгелеген учурда колдонулуп жаткан же колдонулуп келинген редакциядагы ушул келишиминде, банктын башка актыларында/документтеринде аныкталат.

**6.3.24.** Эсептердин, мөөнөттүү аманат (депозиттердин) параметрлери Банктын маалымат базасында электрондук формада сакталууга тийиш.

## 7. БАНКТЫК ЖАЙЛАРДА КАССАЛЫК ТЕЙЛӨӨ

7.1. Банктын кассалык тейлөө иши өзүндө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Банктын ички ченемдик актыларында белгиленген тартипте, Банктын тарифтерине ылайык коомиссиялык төлөмдүн төлөнүшү шартында, жумуш күндөрү улуттук жана чет өлкө валюталарындагы акча каражаттарын кабыл алуу, берүү, кайрадан эсептеп чыгуу, алмашуу жана башка операциялар сыяктуу иш процесстерин камтыйт.

7.2. Эсептерден нак акча каражаттарын берүү Банктын тарифтеринде каралган комиссиялык төлөмдөрдү эске алуу менен эсептердеги акча каражатынын жол берилген калдык чегинде ишке ашырылат.

7.3. Кардар тарабынан акча каражаты, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген лимиттердин/чектөөлөрдүн алкагында Кардардын өтүнүч катынын негизинде Банктын эсеп ачылган бөлүмүнөн же кайсыл болбосун башка бөлүмдөрүнөн операциялык күн ичинде накталай алынышы мүмкүн. Мында, ири суммадагы акча каражатын алуу/алмаштыруу зарыл болсо Кардар тиешелүү акча каражатын алууга Банкка алдын ала маалымдоого милдеттенет.

7.4. Кардар эсептешүү-кассалык тейлөөгө алынуусу үчүн Банктын кызматкерине инсандыгын тастыктаган документти, Кардардын жеке ишкер катары катталгандыгын тастыктаган документти же патентти сунуштайт. Аталган документтер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык санарип форматта сунушталышы ыктымал.

## 8. КАРДАРДЫН ЭСЕБИ БОЮНЧА КОНВЕРТАЦИЯЛОО КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР (НАК ЭМЕС АЛМАШУУ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ)

8.1. Конвертациялоо Кардардын талаптагыдай тариздетилген төлөм тапшырмасынын негизинде ишке ашырылат (анын ичинде электрондук форматта).

8.2. Банк, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, конвертациялоо

учуруна карата белгиленген курс боюнча төмөнкүдөй конвертациялоо операцияларын түрлөрүн жүзөгө ашыра алат:

- чет өлкө валютасын улуттук валютага алмаштыруу;
- улуттук валютаны чет өлкө валютасына;
- бир чет өлкө валютасын башка чет өлкө валютасына алмаштыруу.

8.3. Карттар аркылуу ишке ашырылган операциялар боюнча конвертациялоо акцепетсиз тартипте жана ушул келишимге ылайык Кардардын ага кошумча макулдугусуз эле жүргүзүлөт.

8.4. Техникалык үзгүлтүктөр же ушундай эле башка себептердин кесепетинен улам туура эмес белгиленген курс боюнча конвертациялоодо, ошол операция суммасы Банктын тиешелүү валютада такталган сатып алуу/сатуу курсу боюнча кайрадан эсептелинип, конвертацияланууга тийиш. Бул учурда Кардар келип чыккан айрыманы Банкка кайтарып берүүгө милдеттүү.

## 9. МӨӨНӨТТҮҮ АМАНАТТАРГА (ДЕПОЗИТТЕРГЕ) АКЧА КАРАЖАТТАРЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА САКТОО, АЛАР БОЮНЧА СЫЙ АКЫ ТӨЛӨП БЕРҮҮ ТАРТИБИ

**9.1.Мөөнөттүү аманатты (депозитти) кабыл алуу**

**9.1.1.** Кардар ушул келишимдин алкагында Банктын расмий интернет сайтында, тарифтеринде жана аралыктан банктык тейлөө системаларында/мобилдик тиркемеде жайгаштырылган тиешелүү депозиттик продукт параметрлерине (өзгөчө/атайы шарттарына) ылайык, ошол учурда колдонулуп жаткан мөөнөттүү аманаттарга (депозиттерге) акча каражаттарын жайгаштырууга укуктуу.

**9.1.2.** Кардардын инсандыгын тастыктаган документтин негизинде, тиешелүү өтүнүч кат-анкетасынын жана/же электрондук түрдө сунуштаган жана/же Кардардын башка тапшырмасына (буйруусуна) ылайык, Банк Кардардын атына эсеп ачып, аманат (депозит) ачылган күнү Кардардан (же үчүнчү жактын пайдасына мөөнөттүү аманат (депозит) жайгаштырыла турган болсо – акча салуучудан) белгилүү бир мөөнөткө мөөнөттүү аманат (депозит) суммасын кабыл алат жана ушул келишимде, жогоруда көрсөтүлгөн өтүнүч кат-анткетада/тапшырмада, депозиттик продукт параметрлеринде (өзгөчө/атайы шарттарда), Банктык тарифте каралган өлчөмдө жана тартипте сый акы төлөп берүү менен мөөнөттүү аманатты (депозитти) кайтарып берет.

**9.1.3.** Кардар мөөнөттүү аманатты (депозитти) накталай түрдө сыяктуу эле, нак эмес формада салышы мүмкүн.

**9.1.4.** Кардар мөөнөттүү аманат (депозит) суммасынан болгон акча каражатын, аны колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейин эле кайсыл бир үчүнчү жактын пайдасына которууга тиешелүү Банкка тапшырма берүүгө укугу жок.

**9.1.5.** Кардар, эгерде бул шарт тиешелүү депозиттик продукттун параметрлеринде, банктын тарифтеринде каралган болсо, мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча кошумча каражатты/төлөмдү салууга укуктуу. Кардардын үчүнчү жактардан мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча акча каражаттарынын түшүүсүнө макулдугу болгон шартта гана үчүнчү жактар тарабынан мөөнөттүү аманатты (депозитти) толуктоого урксат берилет. Кардардын макулдугу үчүнчү жактардын мөөнөттүү аманатты (депозитти) толуктоо үчүн зарыл болгон маалыматында камтылууга тийиш.

**9.1.6.** Аманат (депозит) боюнча кошумча төлөмдөрдү кабыл алуу жана аларды токтотуу, ошондой эле аманат боюнча акча каражатын бөлүп алуу шарттары Банк тарабанын тиешелүү депозиттик продукт параметрлеринде, банктын тарифтеринде көрсөтүлүүгө тийиш. Мында, аманат (депозит) боюнча акча каражатын Банктын ал салынган бөлүмдөн башка бөлүмүндө толугу менен же алардын бөлүгүн алуу учурунда, Кардар тиешелүү депозиттик продукт параметрлерине, банктын тарифтерине ылайык нак акчага айландыруу үчүн комиссиялык төлөмдү төлөйт.

**9.1.7.** Кардар ушул аркылуу Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими, операциялар реестрин/мөөнөттүү аманатты (эсепти) ачуу боюнча электрондук формадагы маалыматы (жазууларды) жана/же өтүнүч кат-анкета (мөөнөттүү аманаты (депозитти) ачуу үчүн өзү келген шартта) аманат документи болуп саналарына макулдугун билдирет. Кардар өздүк аманат китепчесин (аманатчынын китепчесин) талап кылган шартта, өздүк аманат китепчесин берүүгө милдеттенет жана андан ары ушул келишим, өтүнүч кат-анкета жана өздүк аманат китепчеси аманат документинен болуп эсептелинет. Мында, кандай болбосун операцияны жүргүзүү үчүн (эсеп/аманат боюнча операциялар) Кардар Банкка өздүк аманат китепчесин сунуштоого милдеттенет. Эгерде өздүк аманат китепчеси жоголуп же жараксыз абалга келип калса, Банк Кардардын өтүнүчүнө ылайык ага жаңы өздүк аманат китепчесин сунуштоого тийиш. Ал эми Кардарга мурда берилген китепче күчүн жоготот, башкача айтканда, аманат (эсеп) боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн анык эмес катары эсептелет.

**9.1.8.** Банктын бөлүмдөрү аркылуу аманатты (депозитти) ачуу Кардар тарабынан талаптагыдай толтурулган жана кол коюлган өтүнүч кат-анкетанын, акча каражатынын тиешелүү суммасынын салынышынын негизинде, ошондой эле Кардар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, Банктын ички ченемдик актыларында, төлөм системаларынын эрежелеринде каралган документтердин толук топтому сунуштаган учурда ишке ашырылат.

**9.1.9.** Аманатты (депозитти) аралыктан тейлөө системасы аркылуу ачуу ушул келишимдин жана Кардардын аманатты, электрондук кол тамга жана/же Банк тарабынан белгиленген аны аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары/ыкмалары жана/же Кардар өз алдынча тандаган аралыктан банктык тейлөө системасы/мобилдик тиркеме негизинде ишке ашырылат.

**9.1.10.** Кардар аралыктан тейлөө системасында/мобилдик тиркемеде аманат (депозит) үчүн тиешелүү эсепти ачууга электрондук тапшырмасында мөөнөттүү аманат (депозит) параметрлерин, анын ичинде аманаттын түрүн, суммасын, валютасын, мөөнөтүн, сый акы өлчөмдөрүн жана мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу үчүн каражат чегерилүүгө тийиш болгон Кардардын Банктагы эсеби тууралуу маалыматтарды жана башка параметрлерди (болсо) көрсөтүүгө тийиш.

**9.2.Келишим алкагында ачылган мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча сый акы**

**9.2.1.** Мөөнөттүү анамат (депозит) суммасына сый акы Кардар аманатты ачкан күнгө карата колдонуп жаткан пайыздык ченге ылайык жана жыл ичинде 360 (үч жүз алтымыш) күн, ар бир толук ай ичинде 30 (отуз) календардык күн эсебинде чегерилет.

**9.2.2.** Мөөнөттүү аманаттар (депозиттер) боюнча сый акылардын пайыздык чени жана жылдык натыйжалуу сый акы чени Банктын расмий интернет сайтында жарыяланып турат. Жылдык натыйжалуу пайыздык чен мөөнөттүү аманатты эсептөөдө колдонулат жана маалыматтык мүнөзгө ээ.

**9.2.3.** Мөөнөттүү аманат (депозит) суммасына сый акы, акча каражаты Кардардын мөөнөттүү аманатына (депозитине) тиешелүү ачылган эсебине келип түшкөн күндөн кийинки күндөн тартып, мөөнөттүү аманатты колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки күнгө чейин чегерилет.

**9.2.4.** Аманат боюнча кошумча төлөмдөргө сый акы толуктоолор келип түшкөндөн кийинки күнү чегириле баштайт.

**9.2.5.** Сый акыны төлөө белгилүү бир күнү ай сайын же мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) параметрлеринде, өзгөчө/атайы шарттарында башкасы каралбаса, мөөнөттүү аманат колдонулган мезгил аралыгында аманат колдонулган күн бүткөнгө чейин жүргүзүлүп турат. Эгерде, сый акыны төлөө күнү дем алыш же майрам күндөрүнө туш келип калса, сый акы кийинки жумуш күнү төлөнүүгө тийиш.

**9.2.6.** Кардардын өтүнүч кат-анкетасында, мөөнөттүү аманат (депозит) параметрлеринде, өзгөчө/атайы шарттарында башкасы каралбаса, Кардар тарабынан талап кылынбаган сый акы суммасы аларга сый акы чегерилип турган мөөнөттүү аманат (депозит)

суммасына кошулбайт/көбөйтпөйт.

**9.3.Мөөнөттүү аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда токтотуу (жабуу)**

**9.3.1.** Кардардын демилгеси боюнча мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтүнөн мурда токтотулган жана же шартта, сый акы Банктын тарифтерине ылайык талап боюнча төлөнүүчү аманаттын (депозиттин) ошол учурда колдонулуп жаткан пайыздык чени боюнча төлөнөт.

**9.3.2.** Эгерде Банк тарабынан сый акы Кардарга ай сайын төлөнүп турса, мөөнөттүү аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда токтотууда жана /же жабууда ашыкча төлөнүп кеткен сый акы (пайыздар) суммасы кармалып калууга тийиш. Ашыкча төлөнгөн сый акы суммасы бир тараптуу негизде, акцептсиз тартипте мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) негизги суммасынан же Кардардын кайсыл болбосун эсебинен кармалып калууга тийиш.

**9.3.3.** Ал эми Банктын демилгеси боюнча тиешелүү эсеп/аманат (депозит) мөөнөтүнөн мурда токтотулган шартта, сый акы мөөнөттүү аманат (депозит) ачылган күнгө карата колдонулуп жаткан чен боюнча аманат салынган айкын мезгил үчүн чегерилет, эгерде пролангацияланган (мөөнөтү узартылган) аманат (депозит) токтотула турган болсо, сый акы пролангация учурунда каралган чен боюнча төлөнөт.

**9.3.4.** Банк, Кыргыз Республикасынын сот же башка мамлекеттик органдарынын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Кардардын мөөнөттүү аманат (депозит) суммасын алып коюу/анын бөлүгүн эсептен чыгарууга тиешелүү талаптарын аткарууга туура келсе, Банк тишелеүү эсепти/аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда бир тараптуу негизде тогктотууга/жабууга жана мөөнөттү аманат (депозити ) калдыгын Кардарга же башка ыйгарым укуктуу жакка мөөнөттүү аманат (депозит) колдонулган айкын мезгил үчүн пайыздык сый акыны төлөө менен кайтарып берүүгө тийиш.

**9.3.5.** Кардар эсебине, аманатына акча каражаттары нак эмес түрдө келип түшсө, анын ичинде башка финансы-кредит уюмдарынан келип түшсө, келишимди же анын тиешелүү бөлүгүн мөөнөтүнөн жооко чыгарууда/токтотууда эсептин/аманаттын (депозиттин) (нак эмес түшүүлөрдөн кийинки 90 календардык күнгө чейин) акча каражаттарын нак акча айландырылышы үчүн Кардар Банктын колдонуудагы тарифтеринин шарттарына ылайык Банкка тиешелүү комиссиялык төлөмдү төлөп берет.

**9.4.Мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтүнүн бүтүшү**

**9.4.1.** Банк мөөнөттүү аманат (депозит) шарттарнына ылайык чегерилген сый акыны Кардарга төлөп берүүгө милдеттенет.

**9.4.2.** Эгерде Кардар мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү бүткөндө келбей, мөөнөттүү аманат (депозит) суммасын жана ага чегерилген сый акыны талап кылбаса, эгерде Кардардын өтүнүч кат-анкетасында, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) параметрлеринде, өзгөчө/атайы шарттарында башкасы аныкталбаса, мөөнөттүү аманат (депозит) Банк тарабынан талап боюнча төлөнүүчү эсептер (депозиттер) үчүн белгиленген сый акы чени боюнча жана анын шарттарында узартылган катары эсептелинет.

**9.4.3.** Мөөнөттүү аманат (депозит) суммасын мөөнөтүнөн мурда толук кайтарып берүү, ал тууралуу Кардарга жана анын ыйгарым укуктуу жагына кеминде 10 (он) жумуш күнү мурда алдын-ала билдирүү менен Банк тарабынан бир тараптуу, анын ичинде төмөнкү негиздерде толук жүргүзүлүшү мүмкүн:

- Банк ошол түрдөгү жаңы мөөнөттүү аманатттарды (депозиттерди) кабыл алууну токтотсо;
- Кардардын тиешелүү аманаттар (депозиттер) боюнча пайыздык чен өлчөмүнүн өзгөртүлүшүнө макул болбосо;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, Банктын ыйгарым укуктуу органынын чечиминде каралган башка учурларда.

**9.4.4.** Ушул бөлүктүн шарттары жана келишимдин мөөнөттүү аманат (депозит) тууралуу башка шарттары, аманат суммасы тиешелүү эсепке келип түшкөн учурдан тартып

күчүнө кирет жана мөөнөттүү аманат (депозит) кайтарылган күнгө чейин колдонулат.

**9.4.5.** Мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтү бүткөн күнү (операциялык күндүн акырында) аманаттын (депозиттин) негизги суммасы Кардардын талап боюнча төлөнүүчү эсебине (депозитине) чегирлет жана ал Карадарга кийинки күнү төлөнүп берилиши мүмкүн.

## 10. ТӨЛӨМ КАРТТАРЫН ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ ТАРТИБИ

**10.1.Төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө**

**10.1.1.** Төлөм карттарын тейлөө шарттары жана аларды коопсуз пайдалануу эрежелери Банктын расмий интернет сайтында жана/же аралыктан банктык тейлөөсистемаларында/мобилдик тиркемелерде, ошондой эле ушул келишимдин 11-бөлүгүндөгү Банктык карттарды колдонуу эрежелеринде (мындан ары – эреже) чагылдырылган документтерде/материалдарда камтылган.

**10.1.2.** Төлөм карттарын чыгаруу (анын ичинде виртуалдык карттарды) төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган кызмат көрсөтүүлөргө туташуу/андан чыгуу, ошондой эле төлөм карттары боюнча чыгаша лимиттерин, чектөөлөрдү белгилөө/өзгөртүү, алардын статустарын өзгөртүү Кардар Банкка кайрылган учурда жазган өтүнүч каты боюнча же болбосо Банктын ички ченемдик документтерине, тарифтерине ылайык аралыктан тейлөө шартында ишке ашырылат (электрондук мүмкүнчүлүк болгондо же аралыктан банктык тейлөө системасында техникалык ишке ашыруу учурунда).

**10.1.3.** Банк Кардардан өтүнүч катты кабыл алып, Кардар Банктын тарифтерине ылайык бардык комиссиялык төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин, картка азайтылбаган калдыкты (зарыл болгон учурда) салып, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Банктын ички ченемдик актыларында, төлөм системаларынын эрежелеринде (шарттарында) каралган бардык документтер берилгенден кийинки 5 күндөн 14 календардык күнгө чейинки аралыкта төлөм карттарын чыгарат/кайра чыгарып берет.

**10.1.4.** Банк бир Кардарга (карт эсеп ээсине) саны жана түрү боюнча картты чыгарып берүүдө чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу.

**10.1.5.** Төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө үчүн комиссиялык төлөм өлчөмү, ошондой эле төлөм карты боюнча операциялардын, чыгаша жана кириш лимиттери, карт операциялары боюнча акча каражаттарын которуу лимиттери, валюталар жана/же Банктык эсептин түрү боюнча акча каражаттарын конвертациялоо лимиттери Банктын тарифтеринде жана/же Банктын башка актыларында аныкталат.

**10.1.6.** Кардар төлөм картын ишенимдүү сактоого милдеттүү жана уурдалып же жоголуп кетпеши үчүн талаптагыдай чараларды көрүүгө тийиш. Кардар карттардын уурдалып же жоголуп кетпеши үчүн зарыл чараларды көрбөгөн шартта, ал Банк тарабынан ушул келишим шарттарын жана тиешелүү эрежелерди бузууга жол берүү катары каралат.

**10.1.7.** Кардардын карттарды үчүнчү жактын пайдалануусуна же күрөө катары сунуштоосуна тыюу салынат.

**10.1.8.** Ушул келишимге ылайык Кардар, төлөм карты аркылуу эсептин жол берилген балансынын чегинде төмөнкүдөй операцияларды жүргүзүүгө укуктуу:

- Соода-тейлөө ишканаларында, Интернет түйүнү, анын ичинде QR код аркылуу сатылып алынган товарлар, кызмат көрсөтүүлөр үчүн нак эмес төлөөгө;
- банкоматтар/терминалдар – нак акча берүү пункту аркылуу, ошондой эле Банктын агенттеринен нак акча алууга;
- өз банктык эсебинен Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Банктын аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу алуучунун эсебине акча которууга (карттан картка, электрондук капчыкка);
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык которуу системалары аркылуу акча которууга;

– Банктын аралыктан банктык тейлөөсүндө катталган кызмат көрсөтүүнү сунуштоочулардын дарегине ал аркылуу нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүүгө;
– банктардын, банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири түрмөгүн сунуштаган Агенттерлин кассалары, төлөм терминалдары, банкоматтары, акча которуу системалары жана электрондук капчыктар аркылуу карттарды толуктоо;
– ушул келишимде, Банктын ички ченемдик актыларында, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, төлөм системаларынын эрежелеринде (шарттарында) каралган башка операцияларды/транзакцияларды жүргүзүүгө.

**10.1.9.** Ушул келишимде каралган төлөм карттарын колдонуу менен операцияларды жүргүзүү башка банктын өз алдынча тейленген жабдууларында чектелиши мүмкүн.

**10.1.10.** Кардардын төлөм карты боюнча санкциясыз операциялардын ишке ашырылышы тобокелдигине жол бербөө максатында Банк тарабынан карт боюнча операцияларга чектөөлөр жана лимиттер белгиленет. Чектөөлөр жана лимиттер өлчөмү, ошондой эле аларды белгилөө шарттары, мөөнөттөрү жана тартиби Банк тарабынан өз алдынча аныкталат.

**10.1.11.** Банк, эгерде Кардардын өтүнүч катында мобилдик телефон номери туура эмес көрсөтсө же деги эле көрсөтүлбөгөн болсо SMS-билдирүү кызмат көрсөтүүсүн сунуштабай коюуга укуктуу.

**10.1.12.** Кардардын карт эсебинде SMS-билдирүү кызматына төлөө үчүн жетиштүү акча каражаты болбосо, Кардар ушул келишим шарттарын аткарбай койсо жана ал үчүн алгылыксыз болгон башка учурларда, Банк SMS-билдирүү кызматын бир тараптуу негизде өчүрүп салууга укуктуу. SMS-билдирүү кызматы өчүрүлгөндөн кийин ага кайталап туташуу үчүн Кардар Банкка кат жүзүндө өтүнүч менен кайрылууга же аралыктан банктык тейлөө системасы (техникалык мүмкүнчүлүктөр жөнгө салынган шартта) аркылуу кошулууга тийиш.

**10.1.13.** Банк интернет төлөмдөрдөн жана рекурренттик төлөмдөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө, анын ичинде бардык кардарлар үчүн интернет төлөмдөрдөн пайдалануу шартын бир тараптуу негизде жөнгө салууга жана ошол операциялар көлөмүнө жана санына лимиттерди белгилөөгө укуктуу. Мында, операциялардын көлөмү жана саны Банк тарабынан өз алдынча аныкталат. Зарылчылык болгон шартта Банктын тарифтеринде же ички ченемдик актыларда чагылдырылат.

**10.1.14.** Кардар интернет төлөмдөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу/аны өчүрүү өтүнүчү менен Банкка кайрылуу аркылуу интернет төлөмдөрдү өткөрүү мүмкүнчүлүгүнөн баш тартууга (3D Secure паролу аркылуу карт боюнча операцияларды жана рекурренттик төлөмдөрдү эске албаганда) же аралыктан банктык тейлөө системасында өз алдынча өчүрүп салууга укуктуу (электрондук же техникалык мүмкүнчүлүк болгон шартта).

**10.1.15.** Банктын карттары түздөн-түз байланышуусуз эле жүргүзүү мүмкүнчүлүгү менен (PayWave ж.б.) чыгарылат жана аларга Кардардын демилгеси боюнча бөгөт коюулушу/өчүрүлүп салынышы мүмкүн.

**10.2.Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**

**10.2.1.** Бул келишимди (толугу менен же анын өзүнчө бөлүктөрү/шарттары) бир тараптуу жокко чыгарууга/токтотууга, карттарга бөгөт коюп/жок кылууга, Банктын тарифтерине ылайык кармалып калган комиссиялык төлөмдөрдү кайтарып бербөөгө жана төмөнкү учурларда Кардарга тейлөө ишин токтоткондугу/убактылуу токтотулгандыгы тууралуу маалымдоого:
– Кардар өтүнүч бергенден кийинки 6 (алты) календардык айдан ашуун убакыт карттарын алуу үчүн Банкка келбесе;
– Картты пайдалануу эрежелерин бузууга жол берсе;
– Банк менен Кардар ортосунда мурда түзүлгөн келишимдерди жокко чыгарууга;
– Кардар иштеп жаткан уюмдан – эмгек акы долбооруна катышуучудан бошоп кеткен шартта;

- Банк менен уюм ортосунда түзүлгөн, анын негизинде уюм кызматкерлердин эмгек акыларын алардын карттарына которууну жүзөгө ашырган келишим токтотулганда;
- Эгерде Банктын иш аракети Банк жана/же анын Кардарлары үчүн аброй, экономикалык, финансылык жана башка тобокелдиктерге жана/же жоготууларга/чыгымдарга алып келсе;
- операция параметрлери Банк тарабынан белгиленген жана/же колдонуудагы мыйзамдарда анкыталган чектөөлөрөгө/талаптарга, анын ичинде эсептер боюнча операциялар суммасы жана санына дал келбесе;
- эгерде Кардар стоп-баракчага/Банктын ички “Кара тизмесине” же “Санкция колдонулган тизмеге” кирип калган болсо, Банк Кардардын макулдугусуз эле аны ички “Кара тизмеге/Стоп-баракчага” киргизүүгө жана эч кандай түшүндүрүүсүз эле карт эсептерин ачуудан, аларды тейлөөдөн баш тартууга укуктуу;
- ушул келишимге, Банктын ички ченемдик актыларына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана/же төлөм системаларынын эрежелерине (шарттарына) ылайык башка негиздер боюнча.

**10.2.2.** Кардар тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына каршы келген же аларды бузууга жол берүү менен ишке ашырган же коомдук жеке коопсуздукка, мыйзамдуу мүлктүк жана жарандык укуктарга, үчүнчү жактардын таламдарына каршы келген иш-аракеттерге жол бергендигине же операцияларды ишке ашыргандыгына же болбосо үчүнчү жактар тобуже Кардардын өзү/үчүнчү жак менен алдын-ала макулдашуу аркылуу алдамчылык жана башка шектенүүнү жараткан, же карт боюнча ишке ашырылууга мүнөздүү болбогон операцияларды жүргүзгөндүгүнө шектенүүлөр келип чыкса, Банк алынган маалыматты тактап, аныктаганга чейин Кардарга алдын-ала маалымдоосуз эле анын карттарына, карт эсебине бөгөт коюу менен карттарындагы/карт эсебиндеги бардык акча каражаттарын бир тараптуу негизде кармап калууга укукуу. Банк ошондой эле, картты жокко чыгарып, жогоруда белгиленген алгылыксыз жагдайдан улам келип чыккан бардык чыгым ордун толуктап берүүнү Кардардан талап кылууга укуктуу.

**10.2.3.** Эгерде Кардардын негизги карттары жокко чыгарыла турган болсо, кошумча карттар да жок кылынууга тийиш.

**10.2.4.** Эгерде Кардар төлөм системаларынын эрежелерине (шарттарына) ылайык, талаш жараткан операциялар ишке ашыруу мөөнөтү өтүп кеткенден кийин Банкка кайрылган болсо, ошондой эле ушул келишимдин жана/же төлөм системаларынын эрежелеринде каралган башка негиздер боюнча талаш жараткан маселени териштирүүдө Кардардын демилгесин колдоого албайт.

**10.2.5.** Карт аркылуу операцияларды жана башка операцияларды жүзөгө ашырууда, ПИН-кодду жана/же аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарынын туура эмес киргизилгендиги, ошондой эле банкоматта жана башка төлөм терминалдарында, маалымат системасынын операциялар реестринде операциялардын ийгиликтүү ишке ашырылгандыгы, акча каражаттарынын алынгандыгы/толукталгандыгы/которулгандыгы, төлөмдөр ишке ашырылгандыгы тууралуу жазуулар чагылдырылган жана/же акча каражаттарын алуу банкоматтын/төлөм терминалынын видебайкоо камерасында катталган учурда, ошондой эле башка бир негиздүү себептер/жагдайлар аныкталган шартта, Кардардын карт аркылуу ишке ашырылган жана башка операцияларын жүргүзүүдөн баш тартууга тиешелүү кине коюусу карооо кабыл алынбайт же аларды канаттандыруудан баш тартууга.

**10.2.6.** Төмөнкү учурларда Кардардын карты боюнча операцияларды/транзакцияларды жүргүзүүнү токтотууга, картка бөгөт коюп, андан соң аны жок кылууга жана 5 (беш) банк күнү ичинде карттын кайтарылып берилишин талап кылууга:

– бир нече жолу техникалык овердрафтка жол берилсе. Мында, картка бөгөт коюулушуна алып келген техникалык овердрафт саны, келип чыккан мезгил аралыгы жана суммалары ар бир айкын учурда Банк тарабынан өз алдынча аныкталат;
– Тараптардын бири ушул келишимди токтотуу тууралуу билдирме алган болсо; (тараптардын бири бул келишимди толугу менен же анын кайсыл бир бөлүгүн жокко чыгаруу/токтотууга тиешелүү билдирме алган шартта;
– Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул келишим талабына ылайык карт эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүгө арест коюлса, операцияларды токтотулса, же карт эсебине кандайдыр бир башка милдеттенмелер/чектөөлөр жүктөлсө;
– Кардардан картын жоготуп алышына жана/же андан санкциясыз пайдаланууга жол бергендигине байланыштуу төлөм картына бөгөт коюуга тиешелүү оозеки билдирме же өтүнүч кат келип түшсө;
– Кардар карт реквизиттерин туура эмес пайдаланса (кокусунан/атайлап эле);
– Кардар/үчүнчү жактардын алдамчылыкка баргандыгына же алдамчылык схемасына катышкандыгына шектенүүлөр орун алса;
– ушул келишимде, Банктын тарифтеринде, төлөм системаларынын эрежелеринде (шарттарында), башка келишимдерде/макулдашууларда каралган башка учурларда.

**10.2.7. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу**:

– Банкка тиешелүү документтерди сунуштоо менен эсеп боюнча негизги картты, кошумча карттарды тариздетүүгө жана/же жокко чыгарууга;
– Банкка берилген өтүнүч кат боюнча же аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу (буга электрондук же техникалык мүмкүнчүлүк болгон шартта) өз жоопкерчилиги алдында негизги жана/же кошумча карттары боюнча чектөөлөрдү жана лимиттерди өз алдынча белгилеп/өзгөртүүгө, ошондой эле интернет-операцияларын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн алууга/андан баш тартууга, SMS-билдирмелерди алууга/өчүрүп салууга;
– карт боюнча операциялар ишке ашырылган күндөн тартып төлөм системаларынын эрежелеринде жана Банктын тарифтеринде көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде санкцияланбаган (алдамчылык) операциялар ишке ашырылгандыгына карата Банкка кине койгон талапты жөнөтүүгө. Мындай талап кат жөнөтүлбөгөн шартта операциялар ишке ашырылган жана Кардар тарабынан тастыкталган (санкцияланган) катары эсептелинип, кийинки кине коюулар Банк тарабынан кабыл алынбайт;
– банктык төлөм картын жоготуп алгандыгы, уурдатып жибергендиги жана/же андан санкциясыз пайдаланылгандыгы, ПИН-код туура эмес терилгендиги, магниттик тилке бузулгандыгы же карт реквизиттери өзгөргөндүгү себебинен карттарды кайрадан чыгарып берүү өтүнүчү менен кайрылууга.

**10.2.8.** Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:

– картты уурдатып жиберген, жоготуп алган жана/же андан санкциясыз пайдаланууга жол берилген шартта төлөм системаларынын эрежелеринде, ушул келишимде каралган тартипте картка бөгөт коюу өтүнүчү менен оозеки жана кат жүзүндөгү өтүнүч менен Банкка дароо кайрылууга же аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу ага бөгөт коюуга;
– Кардар үчүн ушул келишимдин алкагында банк тарабынан чыгарылган бардык карттардын талаптагыдай сакталуусун камсыз кылууга;
– мезгил-мезгили менен, бирок айына кеминде 1 (бир) жолу карт эсебинин абалына көз салып, карыздын келип чыгуусуна жол бербөөгө. Кардар бул үчүн аралыктан банктык тейлөө системасынан/мобилдик тиркемеден көчүрмөлөрдү өз алдынча топтоп же карт эсебинен көчүрмө алуу өтүнүчү менен Банкка кайрылууга;
– үчүнчү жактарга, анын ичинде убактылуу же акы төлөнүүчү негизде, өздөрүнүн банктык төлөм карттарын, карт реквизиттерин (анын ичинде номерин, колдонуу мөөнөтүн, CVV/CVC кодун), аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү үчүн

логиндерди жана паролдорду өткөрүп бербөөгө жана колдонууга бербөөгө.
- ушул келишимдин, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын башка талаптарын, эрежелерин жана шарттарын так сактоого.

**10.2.9.** . Кардар төмөнкүлөр боюнча өз алдынча толук жоопкерчиликтүү болуп саналат:

- жоголуп/уурдалып кеткен картка же реквизиттери башка бирөөлөргө маалым болуп калган картка бөгөт коюу талабы менен өз учурунда Банкка кайрылбаса;
- Кардардын карт эсебине жаңылыш чегерилген, Кардарга ашыкча же жаңылыш берилип кеткен акча каражаты Банкка өз учурунда кайтарылбагандыгы;
- 3D Secure технологиясы менен колдоого алынбаган интернет ресурстары аркылуу карт боюнча төлөмдөрдүн жүргүзүлгөндүгү үчүн;
- ушул келишим шарттарына ылайык Кардардын карт эсеби боюнча чыгарылган бардык карттардын талаптагыдай колдонулушу үчүн;
- Банкка өзүнүн байланыш маалыматтарын/почта жана башка реквизиттерин өз учурунда сунуштабаганда, байланыш маалыматтарын убагында берилбей калгандыгы үчүн Кардар менен байланышуу мүмкүн болбогон шартта да Банк Кардар өзү келип кайралганга чейин карттарга бөгөт коюуга укуктуу;
- ыйгарым укуксуз жактар/адамдар тарабынан карт боюнча алдамчылык жана башка операциялар/транзакциялар ишке ашырылышы кесепетинен келип чыккан кандай болбосун чыгымдар, ошондой эле Кардарды адашууга алып келип же ага материалды, финансылык жана башка пайда көрүүнү убадалаган ошол жактардын бардык аракеттери, аракеттенбей коюусу, тике жана/же кыйыр түрдө чыгымга алып келип, күтүлгөн пайданын алынбай калышына түрткү берген жагдайларда. Бул учурда Банк ушул пунктта каралган шарттарды аткарбай коюудан улам келип чыккан финансылык жана башка чыгымдарды карт ээсинен кайтарып алууга/кармап калууга толук укуктуу;
- картты кимдир бирөөгө берип койгондугу же андан ыйгарым укуксуз адамдар санкциясыз пайдалангандыгы, ошондой эле карт эсебин тескөөгө алып, карт боюнча операцияларды/транзакцияларды ишке ашыруу үчүн талап кылынган маалыматтардын (ПИН-код, код катары белгиленген сөз, код, 3D Secure и ж.б.) ачыкка чыгып кетиши үчүн;
- Кардардын карт эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүсү үчүн;
- ушул келишим шарттарын жана эрежелерди так сактабагандыгы кесепетинен Банкка келтирилген чыгым үчүн;
- Банкка келтирилген чыгымдардын толук көлөмү үчүн;
- ушул келишимге ылайык Банкка сунушталган маалыматтардын толуктугу жана тактыгы үчүн. Кардар берилген маалыматтарга өзгөртүүлөр киргизилген шартта ал тууралуу дароо Банкка маалымдоого милдеттенет. Банкка туура эмес/такталбаган, же толук эмес маалыматтар берилгендиги, ошондой эле маалыматтын өз учурунда бербегендиги үчүн кардар андан улам келип чыккан бардык чыгымды толук көлөмдө банкка толуктап берүүгө тийиш;
- Кардардын күнөөсү боюнча Банк тарткан бардык чыгымдар/чыгашалар жана соттук чыгымдар үчүн;
- ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка учурларда.

**10.2.10.** Тараптар карттарды, ПИН-кодду, тастыктоо кодун, 3D Secure паролун же эсептен пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген башка каражаттарды колдонуу менен ишке ашырган операцияларды Кардардын өзү ишке ашырган операциялары катары таанышат.

**10.2.11.** Үчүнчү жактардын карттары же алардын реквизиттеринен колдонууга жол берилбейт. Кардар жогоруда келтирилген шарттарды бузууга жол берүүсү карттын алынып коюулушуна, эсептердин, карт эсебинин жабылышына жана Банк тарабынын бир тарпаптуу негизде ушул келишимдин (толугу менен же анын өзүнчө бөлүктөрүнүн шарттары) жокко чыгарылышына/анын токтотулушуна жана ушундан улам Банкка

келтирилген бардык чыгымдардын (чыгашалардын) Кардар тарабынан толукталып берилишине, кылмыш же башка жоопкерчиликке тартылышына алып келе тургандыгына макул болот.

**10.2.12.** PIN-кодду, 3D Secure паролун терүү, белгиленген лимиттердин алкагында PayWave ыкмасында төлөм карты боюнча операциялар/транзакцияларды, ошондой эле аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен аралыктан банктык тейлөө системасында карт эсеби боюнча өткөрүлгөн операциялар/транзакциялар Кардардын өзү тарабынан ишке ашырылган катары таанылат жана карт эсебинен санкциясыз пайдалануу, алдамчылыкка баруу жана/же башка негиздер боюнча чечемелөөнү/алар боюнча доо коюуну талап кылбайт.

**10.2.13.** Банк-эквайер тарабынан буга чейин карт эсебине кредиттик жана/же кайтарым карт операциялары түрүндө келип түшкөн сумманын кайтарылып алынышы натыйжасында карт эсебинде техникалык овердрафт пайда болгон/келип чыккан шартта, Кардар Банк тарабынан белгиленген мөөнөт ичинде карт эсеби боюнча карыз ордун жабууга милдеттүү. Ошону менен бирге эле, ушул аркылуу Кардар келип чыккан карыз суммасын Кардардын кайсыл болбосун эсебинен акцептсиз тартипте кармап калууга Банкка ыйгарым укук чегерет/тапшырат.

**10.3. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү**:

- Банктын күнөөсү боюнча карт эсеби аркылуу жаңылыш чегерилген операциялар үчүн. Бул учурда Банктын жоопкерчилиги жаңылыш ишке ашырылган операцияларды алып салуу/токтотуу менен гана чектелет.
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларды эске албаганда, төлөм карт ээсинин операциялары боюнча купуялуулуктун сакталышы үчүн.

**10.4. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт**:

- соода-тейлөө ишканаларынын картты тейлөөдөн баш тартышы, ошондой эле эгерде картты тейлөөдөн баш тартуу төлөм системаларынын эрежелеринин талаптарына негизделсе, талаш жараткан карт операциялары боюнча акча каражаттарынын кайтарылышы үчүн;
- интернет (3D Secure технологиясын колдонбостон интернет ресуртары аркылуу операцияларды кошо алганда) жана МОТО аркылуу, булар менен эле чектелбестен, ишке ашырган кандай болбосун операциялардан келип чыгышы мүмкүн болгон кесепеттер, алдамчылык тобокелдиги, төлөм карттарынын реквизиттери боюнча үчүнчү жактардын интернет жана МОТО аркылуу санкциясыз операцияларды жүргүзүү тобокелдиги үчүн;
- негизги карт ээсинен болгон Кардар менен кошумча карт ээсинен болгон Кардар ортосунда келип чыккан талаш маселелерди жана пикир келишпестиктерди жөнгө салуу үчүн;
- Банк өз кезегинде ушул келишим шарттарынын так сакталышы үчүн бардык чараларды көргөн болсо, үчүнчү жактардын – Банктын контрагенттеринин көргөн аракеттери жана/же аракеттенбей коюулары үчүн (анын ичинде Банк тарабынан келишим шарттарынын аткарылышына тоскоолдук кылып же чектеген аракеттер үчүн);
- Кардар ушул келишимдин талаптарын жана төлөм системаларынын эрежелерин сактабагандыгынан улам келип чыккан кесепеттер үчүн;
- түздөн-түз байланышуусуз эле өткөрүлгөн төлөм операциялары үчүн лимиттердин алкагында төлөм карты боюнча ишке ашырылган санкцияланбаган операциялар, ошондой эле ПИН-кодду/3D Secure терүү менен үчүнчү жактар тарабынан ишке ашырылган операциялар үчүн;
- интернет аркылуу төлөө, почта/телефон аркылуу буйрутма берөө (МОТО), аралыктан банктык тейлөө аркылуу которууларды/төлөмдөрдү өткөрүү жагында алдамчылык аракетине жол берилиши кесепетинен келип чыккан чыгымдар үчүн;

- үчүнчү жак тарабынан белгиленген жана Кардардын талабына кедергисин тийгизген карт боюнча лимиттердин, чектөөлөрдүн жана кошумча сый акылардын (комиссиялык төлөм, жыйымдар) белгилениши үчүн;
- жоголуп/уурдалып кеткен картка бөгөт коюу/анын стоп-баракчасын токтотуу талабы менен Кардардын Банкка өз учурунда кайрылбашынан улам келип чыккан кесепеттер үчүн;
- Банкка көз каранды болбогон себептерден улам, карт аркылуу ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтарды кабыл алууну, иштеп чыгууну жана жөнөтүүнү камсыз кылган системаларда үзлгүлтүктөрдүн келип чыгышын шарттаган жагдайлар үчүн;
- ушул келишим шарттарын, ошондой эле андан улам келип чыккан эрежелердин жана милдеттенмелердин аткарылышын бузууга жол бериши кесепетинен келип чыккан чыгымдар үчүн;
- эгерде Кардар көрсөтүлгөн байланыш каналадары боюнча талап жөнөтүп же маалыматтарды жөнөтүүгө көрсөтмө берсе, ошондой эле ал маалыматтар ыйгарым укуксуз жактарга түшүп калган шартта Кардардын ачык байланыш каналдары, анын ичинде SMS, e-mail, факс, социалдык мессенджерлер жана башкалар аркылуу жөнөткөн маалыматтарынын купуялуулугунун сакталышы үчүн;
- акча каражаттарына арест коюлуп/тыюу салынган, чектөөлөр/санкциялар белгиленген учурда Банктык эсеп, карт эсеби боюнча транзакцияларды ишке ашыруу мүмкүн эместиги же ыйгарым укуктуу органдардын, кызмат адамдарынын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык берген документтеринин негизинде карт эсеби, эсептер боюнча операциялардын токтотулгандыгы үчүн;
- Кардардын/карт ээсинин укукка жатпаган интернет ресурстарын колдонуусу учурунда купуя маалыматтарды камтыган картты жоготуп алгандыгы үчүн;
- алдамчылык сайттарында ишке ашырлыган транзакциялар үчүн;
- Кардардын карт боюнча сатып алган товарларынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапаты үчүн;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, төлөм системаларынын эрежелеринде каралган башка учурларда.

## 11. БАНКТЫК КАРТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

**11.1. Жалпы шарттар**

**11.1.1** Карат эсеби Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында жүргүзүлүшү мүмкүн.

**11.1.2.** Банк карт эсебинде акча каражаттарынын минималдуу өлчөмүн (азыйтылбаган калдыкты) белгилөөгө укуктуу, азайтылбаган калдык ушул келишим колдонулган мөөнөт ичинде төлөм карт ээси тарабынан сарпталууга тийиш эмес. Азайтылбаган калдык өлчөмү Банктын тарифтеринде каралат.

**11.1.3.** Тараптар операциялар реестри жана Банк тарабынан төлөм системасы аркылуу жана процессинг борборунан алынган башка документтер/далилдер Кардардын төлөм карты аркылуу ишке ашырылган операциялардын укук ченемдүү экендигин тастыктаган расмий жана жетиштүү документи (анын ичинде электрондук формада)/далили болуп санала тургандыгына келишишти.

**11.1.4.** Төлөм карты аркылуу операцияларды жүргүзүү кызмат көрсөтүүсү үчүн комиссиялык төлөм Банктын ошол күнгө карата колдонулган тарифтери боюнча кармалып калат.

**11.1.5.** Карт эсебине келип түшкөн акча каражаттары кезегине жараша, ошол күнгө карата карыздын жалпы суммасынын ордун жабууга багытталат:

- Кардардын карызды өз учурунда жаппагандыгы үчүн туумдар/айыптык төлөмдөр;
- Банктын комиссиялык төлөмдөрү, ушул келишимдин шарттарына, тарифтерге жана эрежелерге ылайык азайтылбаган калдык суммасын толуктоо, төлөм карты аркылуу

ишке ашырылган оперциялар суммасын кайтарып берүү, ошондой эле Кардардын Банк алдындагы башка карызын төлөө;
- техникалык овердрафтты төлөө;
- эгерде Кардар ушул келишимдин, эрежелердин шарттарын бузууга жол берип, төлөм картын  жана анын ПИН-кодун үчүнчү жакка берип/маалымдап койгон учурда, төлөмдөрдү ишке ашыруу;
- ишке ашырылган операцияларды, анын ичинде үчүнчү жактар тарабынан төлөм картын, анын аналогун же реквизиттерин колдонуу менен операцияларды ишке ашыруу;
- Кардардын Банк алдындагы башка милдеттенмелери.

**11.1.6.** Төлөмдөрдүн бул кезеги Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Банктын ички ченемдик актыларында каралган учурларда, ошондой эле зарылчылык келип чыккан шартта, Кардардын өтүнүчү боюнча Банк тарабынан бир тараптуу негизде өзгөртүлүшү мүмкүн.

**11.1.7.** Эгерде Кардар карт эсеби валютасынан айырмаланган валютадагы төлөм карты боюнча операцияларды жүргүзгөн шартта, Банк  аларды өзү белгилеген же  тиешелүү төлөм системасынын (ЭЛКАРТ, МИР, MASTERCARD, VISA ж.б.) курсу боюнча дароо конвертациялоого тийиш.

**11.2. Картты берүү жана сактоо тартиби**

**11.2.1.** Банк дайындалган картты Кардарга/анын ишенимдүү адамына берет же болбосо Банктын тарифтерине ылайык курьердик кызмат аркылуу картты аларга жеткирет. Кардар картты алууда анын арткы бетинде атайы каралган тилкеге кол тамгасын коюуга тийиш.

**11.2.2.** Төлөм картын пайдаланууга же күрөө катары башка адамдарга/жактарга берүүгө тыюу салынат. Ыйгарым укуксуз адам тарабынан сунушталган төлөм карты алынып коюулууга тийиш.

**11.2.3.** Кардар картты чийилип, кемтилип калбашы үчүн ишенимдүү жерде сактоого милдеттүү.

**11.3. ПИН-кодду берүү жана сактоо тартиби**

**11.3.1.** .Кардар картты активдештирүү тартибин жана ага ПИН-кодду ыйгаруу/алмаштыруу ыкмасы банк тарабынан өз алдынча аныкталышына макул болот.

**11.3.2.** Карт боюнча белгиленген ПИН-кодду Банктын кызматкерлери да билүүгө тийиш эмес, ал картты колдонгон бүтүндөй мезгил аралыгында купуя сакталышы зарыл. Кардар ПИН-кодду башка бирөө көрбөгөндөй шартта, болжолдоп таап алууга оңой болгон комбинацияны колдонуусуз, мисалы телефон номеринин акыркы сандары, туулган күн жана башкалар, белгилөөгө тийиш.

**11.3.3.** ПИН-коддун купуя сакталышын камсыз кылуу үчүн төмөнкү талаптар так сакталууга тийиш:
- эгерде ПИН-код кайсыл бир жерде сакталса, анда төлөм картын жана купуя жазууларды өз-өзүнчө сактап коюу зарыл;
- электрондук жабдууда ПИН-кодду башка бирөөгө көрсөтпөстөн купуя терүү талап кылынат;
- ПИН-кодду карт бетине жазып коюуга жол берилбейт. Бетине ПИН-код жазылган төлөм картыүтары боюнча кине коюулар/дооматтар кароого алынбайт.

**11.3.4.** ПИН-кодду терүүдө андагы сандар электрондук жабдуунун дисплейинен көрүнбөйт, алар шарттуу белгилерге алмаштырылып чагылдырылат. Мында,ПИН-кодду терүүдө катага жол бербөө эң башкы шарт. Бир эле электрондук жабдууда ПИН-код үч ирет катары менен туура эмес терилсе, төртүнчү жолу Банк картка бөгөт коюп, карт банкоматта кармалып калат, соода-тейлөө ишканасы же нак акча берилген пункт тарабынан орун алган жагдай толук териштирилгенге чейин алынып коюулушу мүмкүн.

**11.4. Карт-эсеп ачуу, төлөм картын берүү жана сактоо тартиби**

**11.4.1.** Кардар белгиленген формадагы өтүнүч катты-анкетаны толтуруп кайрылган шартта, Банк ошол анкетага кол койгонго чейин карт ээсин төмөнкү шарттар менен тааныштырууга, ал эми картты чыгарууга/кайра чыгарып берүүгө аралыктан туруп өтүнүч кат берилген учурда, Кардар ошол шарттар менен Банктын расмий интернет сайтынан өз алдынча таанышууга тийиш:

- ушул келишимдин шарттары жана эрежелери;
- сунушталып жаткан кызмат көрсөтүүлөр тарифтери;
- ар бир ишке ашырылган транзакциялар боюнча маалымат алуу, Кардар эсебинен санкциясыз колдонуу мүмкүнчүлүгүнө жол бербөө максатында картка бөгөт коюу ыкмалары;
- карт ээсинин Банк менен жумуш эмес жана дем алыш (майрам) күндөрү байланышуусу үчүн тиешелүү маалыматтар;
- зарылчылык келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ченемдик укуктук актыларына ылайык башка маалыматтар жана документтер менен.

**11.4.2.** Банк Кардардын өтүнүч каты-анкетасы, аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу жөнөткөн электрондук тапшырмасынын негизинде (техникалык мүмкүнчүлүктөр жөнгө салынган шартта) Банктын тарифтерине ылайык азайтылбаган калдыкты ага жайгаштыруу менен Кардардын атына карт эсебин ачып берет жана төлөм картын чыгарат.

**11.4.3.** Төлөм карты Банктын менчиги болуп саналат. Кардар төлөм картынын жана ага карата белгиленген ПИН-коддун талаптагыдай колдонулушу, коопсуз сакталышы үчүн ушул келишим шарттарына жана эрежелерине ылайык жоопкерчилик тартат.

**11.4.4.** Кардардын карт номеринин CVV/CVC-коддорун, 3D Secure паролун жана/же ПИН-кодду кимдир бирөөгө айтып коюучу/ачыкка чыгарылышы кесепетинен, аларды колдонуу менен ишке ашырылган операциялар үчүн Банк жооп бербейт.

**11.5. Төлөм картын колдонуу**

**11.5.1.** Банк төлөм картын чыгарып берет, ал эми Кардар картты кабыл алып, аны тиешелүү төлөм системасынын фирмалык логотиби жайгаштырылган бардык жабдууларда карт операцияларын жүргүзүү үчүн колдонот.

**11.5.2.** Банк төлөм картын тейлөөгө алууну, тиешелүү системанын жана электрондук жабдуулардын кынтыксыз ишин камсыз кылып, аларга тике контролдукту жүргүзүп, Банктан көз каранды болбогон себептер боюнча токтоп калган шартта, тейлөө ишин калыбына келтирүү жагында бардык чараларды көрүүгө тийиш.

**11.5.3.** Бардык соода-тейлөө ишканалары жана төлөм картын тейлеген нак акча берүү пункттары, эрежедегидей эле, ошол жерде карт боюнча тейлөө мүмкүн эсендигин маалымдоо үчүн тиешелүү төлөм системасынын логотибин чагылдырган көрсөткүчтөр менен жабдууга тийиш. Кардар карт операциясын ишке ашыруу үчүн соода-тейлөө ишканасынын кассирине же нак акча берүү пунктуна картты сунуштоо/берүү аркылуу банкоматта тиешелүү функцияларды аткарат.

**11.5.4.** Соода-тейлөө ишканаларында тиешелүү товар үчүн ийгиликтүү төлөө операцияларын кийин бардык маалыматтарды камтыган (суммасы, кайсыл күнү ишке ашырылгандыгы, товардын түрү) көрсөтүлгөн чекти текшерүү менен эсептен тиешелүү сумма алынып коюулууга чейин чекти сактап коюу талап кылынат.

**11.5.5.** Түздөн-түз байланышуусуз эле карт операциялары Банк тарабынан белгиленген лимиттерге ылайык, ПИН-кодду терүүсүз эле жүргүзүлөт. Белгиленген лимиттен ашкан суммадагы карт операцияларынын коопсуздугу ПИН-кодду терүү менен тастыкталууга тийиш.

**11.5.6.** Кардар банкоматтан нак акча каражатын өз алдынча тейлөө шартында ала алат. Карт операциялары ишке ашырылып, банкоматтан тиешелүү банкнота алынгандан кийин чек чыгарылып берилүүгө тийиш. Кардарга тиешелүү купуя маалыматтардын ишенимдүү сакталышы максатында чыгарылган чекти кошо ала кетүү зарыл, аны банкомат жанында калтырууга болбойт .

**11.5.7.** Банкомат менен иш алып барууда кайтарылып жаткан карт же акча каражаты 20-40 секунд аралыгында алынбаса, коргонуу системасы дароо иштеп, Кардардын акчасын, картын же акча белгилерин сакталып калышы максатында банкомат аларды ичкери кайра тартып алып, атайы көзөнөктө кармап турат. Мындай учурда ошол банкоматты тейлеген, тиешелүү төлөм системасынын катышуучусунан болгон жергиликтүү банк (мындан ары - жергиликтүү банк) карттын кармалып калышы себептери териштирилип, Банктан консультация алгандан кийин гана картты Кардарга кайтарып берет. Ал эми ишке ашырылган операция суммасы (же анын алынып коюлбаган бөлүгү) Кардардын карт эсебинен авторизациялоо фактысы боюнча эсептелинип алынат же банкомат кайрадан инкассацияланганда, Кардардын алынып коюлбаган акча каражатынын суммасы такталгандан кийин гана калыбына келтирилет. Мындай учурда Кардар тиешелүү банкоматты тейлеген жергиликтүү Банк менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, колдоо көрсөтүү өтүнүчү менен Банкка кайрылышы мүмкүн.

**11.6. Төлөм картын колдонуу менен интернет аркылуу төлөө**

**11.6.1.** Кардар интернет түйүнү аркылуу эсептешүүдө алар үчүн өз төлөм картынын реквизиттерин көрсөткөн сатуу фирмасынын ишенимдүүлүгүнө (канчадан бери иштеп жатканына, рыноктогу аброюуна, почта дарегине жана башка реквизиттеринин болушуна) өз алдынча баа берет.

**11.6.2.** Кардар эгерде төлөм картын колдонуу менен (анын ичинде виртуалдык картты) интернет аркылуу сатып алган товарлары/кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөөгө ниеттенсе, ал ошол аркылуу төмөнкүлөр үчүн өзүнүн толук жана шартсыз макулдугун тастыктайт:

- Карт-эсеби операция суммасына жана Банк жана/же товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сатуучу жана/же төлөм системасы жана/же төлөм картынын маалыматтарын (карт номерин, колдонуу мөөнөтүнүн бүтүшүн, CVV2 /CVC2 ж.б.) жана/же Кардарга тиешелүү жеке маалыматтарды колдонуу менен Кардар интернет аркылуу ишке ашырган операциянын ошол түрү үчүн колдонулган комиссиялык төлөм суммасы нак дебеттелет;
- Кардар төлөм картын жана Кардарга тиешелүү маалыматтарды колдонуу менен интернет аркылуу ишке ашырган бардык операциялар үчүн, алар Кардардын өзү аркылуу эмес, интернет аркылуу ал төлөмдөрдү ишке ашырууда, картка тиешелүү маалыматтар талаптагыдай сакталбагандыгынын кесепетинен үчүнчү жактарга белгилүү болуп калып, ошол үчүнчү жактар аркылуу тарабынан ишке апшырылган болсо да, алар боюнча Кардар өзү толук жоопкерчилик тартат.

**11.6.3.** Кардар ушул аркылуу төмөнкү жагдайларга байланыштуу бардык тобокелдиктерди өзүнө алат:

- кайсыл бир үчүнчү жактын картка жана/же Кардарга тиешелүү маалыматтарга ээ болушу жана төлөм картын колдонуу менен интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө алардын колдонулушу ыктымалдыгы;
- төлөм картына жана/же Кардарга тиешелүү маалыматтар аларга белгилүү болуп калган үчүнчү жак тарабынан интернет аркылуу төлөмдөрдүн өткөрүлүшү.

**11.6.4.** Кардар, үчүнчү жак тарабынан банкомат, соода-тейлөө ишканалары, интернет аркылуу карт боюнча маалыматтарды, ПИН-кодду жана/же Кардарга тиешелүү жеке маалыматтарды колдонуу менен төлөмдөрдүн өткөрүлүшү кесепетинен келип чыгышы ыктымал болгон жоготууларды, чыгымдарды жана чыгашаларды жана башкаларды өз мойнуна алат жана Кардарга тиешелүү маалыматтар алдын-ала жана толук көлөмдө маалымдалышынан жана Кардар банкомат, соода-тейлөө ишканалары, интернет аркылуу картка жана/же Кардарга тиешелүү маалыматтарды колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүүгө байланыштуу кандай тобокелдиктер келип чыгышы жагдайы менен өз алдынча таанышкандыктан, жогоруда келтирилген жагдайлар боюнча Банкка кине коюп, доо арыз менен кайрыла албайт.

**11.6.5.** Кардар сатып алуу алдында, адатта веб-сайттын башкы баракчасында чагылдырылган товарды кайтарып берүү, жеткирүү/ кызмат көрсөтүү ордун толуктап берүү шарттары менен кылдат таанышып чыгууга тийиш.

**11.6.6.** Веб-сайттын баракчасында чагылдырылган, келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктер менен кылдат таанышып чыгууга.

**11.6.7.** Өз карты боюнча маалыматты сатып алууга төлөө үчүн гана сунуштоого/маалымдоого. Карт боюнча маалыматтарды электролндук почта жана башка байланыш каналдары аркылуу үчүнчү жакка жөнөтүүгө жол берилбейт.

**11.6.8.** Эгерде карт чет өлкөлөргө чыгуу учурунда колдонулса, Банк андан санкциясыз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу максатында кайтып келгенде картты жаңы номери жана жаңы ПИН-код менен кайра чыгартууну сунуштайт.

**11.6.9.** Кардар өз атына чыгарылган карттар, карт эсеби боюнча жүргүзүлгөн бардык интернет операциялар үчүн толук жоопкерчиликти өзүнө алат.

**11.7. Төлөм картын колдонууга бөгөт коюу**

**11.7.1.** Төлөм карты жоголуп же уурдалып кеткен шартта ага бөгөт коюу үчүн дароо төмөнкү даректерге кайрылуу зарыл:

- "Айыл Банк" ААКсынын Байланыш борборуна: **(312) 68-00-00,** ишеним телефонуна **+996 (770) 55 11 00 же Кыргыз Республикасынын бардык уюлдук байланыш операторлору үчүн 5511 кыска номерине телефон чалуу,**

- Банктар аралык процессинг борборунун байланыш борборуна төмөнкү телефон номерлери аркылуу кайрылуу: **(312) 66-43-25, (312) 66-50-83, (996)** 500-63-76-96, **(996)** 777-63-76-96, **(996)** 555-63-76-96**)**).

же, Банктын аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу төлөм картына бөгөт коюу.

**11.7.2.** Картка оозеки жөнөтүлгөн өтүнүч кат боюнча бөгөт коюу код катары белгиленген сөз менен же Кардарды идентификациялоо/верификациялоо жыйынтыгы боюнча анын жеке өзүнө тиешелүү маалыматтарды текшерүү аркылуу тастыктоо талап кылынат.

**11.7.3.** Банкка телефон аркылуу кайрылуу кандай болбосун келип чыккан талаш жараткан жагдайларга иликтөө жүргүзүү үчүн магниттик тилкеге жаздырылат.

**11.7.4.** Банк тарабынан код катары белгиленген сөздү же Кардарга тиешелүү жеке маалыматтарды көрсөтүү менен төлөм картына бөгөт коюлган шартта, Кардардын бөгөт коюлгандан кийинки иш жагдайы боюнча кине коюусу кабыл алынбайт.

**11.7.5.** Кардар картка бөгөт коюлганга чейин ишке ашырылган карт операциялары үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат жана бөгөт коюлган учурдан тартып жоопкерчиликтен бошотулат.

**11.7.6.** Кардардын кошумча кат жүзүндөгү өтүнүчүнүн негизинде же электрондук форматта аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу картка бөгөт коюлгандан кийин (техникалык жактан мүмкүн болгон шартта) Кардарга карт эсеби боюнча жаңы карт чыгарып берет жана ушул келишимдин 11.2, 11.3-пункттарына ылайык жаңы картты активдештирүү жана ага ПИН-код ыйгаруу шарты ишке ашырылат.

**11.7.7.** Мурда жоголуп кеткен төлөм карты табылган учурда Кардар ал тууралуу Банкка дароо маалымдап, андан соң картты Банкка өткөрүп берүүгө тийиш. Табылган карт кайтарылбаган шартта (аны укукка жатпаган/санкцияланбаган иш аракеттер кесепетинен) Кардар ага байланыштуу келип чыккан бардык тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти өзүнө алып, карттын кайтарылбагандыгына байланыштуу Банк тарткан бардык чыгашаларды төлөп берүүгө тийиш.

**11.7.8.** Картка бөгөт коюлгандан кийин да анын талаптагыдай сакталышы же ПИН-коддун купуялуулугу боюнча шарттарды бузууга жол берген, ошондой эле Кардар билип туруп укукка жатпаган аракеттерге барган учурда, Банк ага карата жоопкерчилик чарасын караштырууга укуктуу.

**11.7.9.** Банк төлөм картынан санкциясыз колдонуу ыктымалдыгына бөгөт коюу максатында карттарды тейлөө пункттары аркылуу бөгөт коюлган карттын реквизиттерин жөнөтүүгө укуктуу.

**11.8. Төлөм картынын кармалып калышы**

**11.8.1.** Төлөм карты соода-тейлөө ишканаларында же нак акча берүү пункттарында кармалып калышына төмөнкү учурларда жол берилет, эгерде:

- картка бөгөт коюлган шартта;
- картты сунуштаган адам карт ээсинен болбосо;
- Карт операцияларын жүргүзгөн жерге картын унутуп кетсе.

**11.8.2.** Төлөм карты банкоматта, соода-тейлөө ишканаларынын кассиринде же нак акча берүү пункттарында, Банктын кызматкери тарабынан кармалып калышы мүмкүн. Карт кармалып калган шартта (банкоматта кармалып калган учурларды эске албаганда) тиешелүү акт түзүлөт.

**11.8.3.** Кармалып калган карт тиешелүү чечим кабыл алынгандан кийин же Банкка ошол карт жеткирилип берилген шартта Кардардын кат жүзүндөгү өтүнүчүнүн негизинде Банк тарабынан кайтарылып берилет.

**11.9. Төлөм картын колдонуу мөөнөтү, төлөм картын колдонууну токтотуу, төлөм картын алмаштыруу**

**11.9.1.** Картта анын колдонуу мөөнөтү (айы жана жылы) көрсөтүлөт. Карт анда көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүн акырына чейин анык болуп саналат. Мөөнөтү өтүп кеткен карттарга бөгөт коюлуп, Банкка тапшырылууга тийиш.

**11.9.2.** Кардар картты пайдалануудан баш тарткан учурда, ал кат жүзүндөгү өтүнүч, анын ичинде аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу электрондук форматта Банкка кайрылып, төлөм картын тапшырууга милдеттүү.

**11.9.3.** Төлөм карты мөөнөтү өтүп кеткен же жараксыз абалда калып, ПИН-коду кимдир бирөөгө маалым болуп калган шартта алмыштырылып берилет жана эски карт Банкка тапшырылууга тийиш.

**11.9.4.** Карттын мөөнөтү өтүп кеткен учурда жана Кардар аны андан ары колдонууга ниеттенген болсо, ал карт мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 (отуз) календардык күн ичинде, мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу картты кайра чыгаруу өтүнүчү менен кайрылууга тийиш. Төлөм карт ээси картты кайра чыгартууга өтүнүч катты-анкетаны бербеген шартта, карт дароо жокко чыгарылат жана Кардардын кийинки өтүнүчү боюнча гана жаңы карт чыгарылып берилиши мүмкүн.

**11.10. Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**11.10.1.** Ушул келишимдин жана төлөм системаларынын эрежелерине ылайык, карт эсеби боюнча чыгарылган бардык карттарды (анын ичинде виртуалдык карттарды) колдонуу үчүн Банк алдында толук жоопкерчилик тартууга.

**11.10.2.** Карттарды жоготуп алган, уурдатып жиберген же андан санкциясыз колдонуу учуру аныкталган шартта, ушул келишимде жана төлөм системаларынын эрежелеринде каралган тартипте бөгөт коюу талабы менен оозеки жана кат жүзүндө дароо Банкка кайрылууга.

**11.10.3.** Бул келишим жокко чыгарылган/токтотулган (толугу менен же анын өзүнчө бөлүгү/шарттары) шартта, келишимдин жана эрежелердин шарттарына ылайык карт эсеби боюнча чыгарылган карттар Тараптардын биринен келишимди токтотуу тууралуу билдирме келип түшкөндөн кийин 5 (беш) банк күнүнөн кечиктирилбестен Банкка өткөрүүлүүгө тийиш.

**11.10.4.** Ушул келишимдин жана төлөм системаларынын эрежелерине ылайык карт эсеби боюнча чыгарылган карттарды кайтарып берүү талабы камтылган билдирмени алгандан кийин 5 (беш) банк күнү ичинде карттар боюнча операция жүргүзүүнү токтотууга.

**11.10.5.** Карттарды үчүнчү жактарга бербөөгө. Үчүнчү жактардын карттарды колдонуусуна жол берилбейт. Ушул шарттарды бузууга жол берүү Банк тарабынан карттардын алынып коюлушуна, келишимди бир тараптуу негизде токтотууга (толугу менен же анын өзүнчө бөлүгүнүшарттары) жана Банкка келтирилген бардык чыгымдардын (чыгашаларын) Кардар тарабынан толукталып берилишин шарттайт.

**11.10.6.** Банк карт эсеби, төлөм карты боюнча овердрафты сунуштаган шартта, ушул келишимге, Банктын расмий интернет сайтында жайгаштырылган тарифтерине, ички ченемдик актыларына ылайык чегерилген пайздары менен кошо анын өз учурунда кайтарылышын камсыз кылууга.

**11.10.7.** Келишимде каралган башка милдеттерди жана шарттарды аткарууга.

**11.11. Кине коюу тартиби**

**11.11.1.** Кардар карт боюнча операцияларды ишке ашырууда чыгымдалган акча каражатынын эсебин жүргүзүү жана келип чыгышы ыктымал болгон талаш маселелерди жөнгө салуу үчүн чек баракчаларын сактап коюуга тийиш.

**11.11.2.** Кардар бардык талаш маселелер боюнча кат жүзүндөгү талап менен карт ээсинин атынан төлөм системасы алдында иш алып барган Банкка кат жүзүндө кайрыла алат. Эл аралык төлөм системасынын эрежелеринде талаш жараткан карт операцияларын кароо мөөнөтү белгиленген. Кине коюулардын негиздүүлүгү тастыкталган шартта Банк карт операциясынын суммасын Кардар эсебине толуктап берет. Ал эми негизделбеген кине коюуларга карата Эл аралык төлөм системасы айыптык төлөмдөрдү белгилейт, айыптык төлөмдөр талаш жараткан карт операциясы суммасынан да ашып кетиши ыктымал. Банк Кардардын макулдугусуз эле анын Банкта ачылган эсептеринен айыптык төлөмдөрдү жана негизделбеген кине коюу суммасын акцептсиз тартипте кармап калууга укуктуу.

**11.11.3.** Карт Банктын банкоматында кармалып калган учурда Кардар аты-жөнүн, инсандыгын тастыктаган документтеги маалыматтарды, байланыш маалыматтарын, банкомат жайгашкан жерди, карт кармалып калган күндү жана убактысын милдеттүү түрдө көрсөтүп, кат жүзүндөгү өтүнүч менен Банктын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылууга тийиш. Келип түшкөн өтүнүч кат сунушталган документтер, Кардардын ким экендигин идентификациялоо аркылуу, кол тамгасын коюу менен тастыкталууга тийиш. Өтүнүч катты кароо мөөнөтү Банктын тарифтерине, ички ченемдик актыларына ылайык белгиленет.

**11.11.4.** Эгерде карт башка Банктын банкоматында кармалып калган болсо, Кардар аты-жөнүн, инсандыгын тастыктаган документтеги маалыматтарды, Банктын аталышын, анын байланыш маалыматтарын, банкоматы жайгашкан жерди, карт кармалып калган күндү жана убактысын, ошондой эле кармалып калуу жагдайын ырааттуу чечмелеген өтүнүч кат менен ошол Банктын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылууга тийиш. Кардардын өтүнүч катынын негизинде Банк же болбосо Кардардын өзү карт кармалып калган банк-эквайерге кайрылат. Талапты аткаруу мөөнөтү банк эквайер тарабынан аныкталат.

**11.11.5.** Кардар банкоматтан акча каражатын ала албай калган шартта, ал Банктын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылып, талаш жараткан транзакция өтүнүч катты толтуруп, анда аталган банкоматтын жайгашкан жерин (АТМ номерин), ошол күндү жана берилбей калган каражатар суммасын көрсөтүүгө тийиш.

**11.11.6.** Өтүнүч кат Кардардын ким экендигин тастыктаган документтердин берилиши, ошондой эле Кардардын ага өз кол тамгасын коюу менен күбөлөндүрүлөт. Эгерде болгон болсо, өтүнүч катка банкоматтан чыгарылган чек кошо тиркелүүгө тийиш. Өтүнүч кат 30 (отуз) календардык күн ичинде каралууга тийиш.

**11.11.7.** Эгерде акча каражаты башка Банктын банкоматынан берилбей калса, Кардар ошол бантын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылууга тийиш. Мында банкоматтын жайгашкан жерин (АТМ номерин), ошол күндү жана талаш жараткан транзакция суммасын көрсөтүү менен өтүнүч каттын үлгүсүн толтуруу талап кылынат. Кине койгон өтүнүч кат Кардардын ким экендигин тастыктаган документтин көрсөтүлүшү, ошондой эле кол тамага коюусу менен күбөлөндүрүлүшү зарыл. Акча каражатын берилбей калган банк эквайердин банкоматынан чыгарылган чек, эгерде болгон болсо, өтүнүч катка кошо тиркелүүгө тийиш. Кардардын өтүнүч катынын негизинде Банк берилбей калган акча каражатын кайтарып берүү

мүмкүнчүлүгүн өтүнүчү камтылган кат менен банк-эквайерге кайрылат. Банк эквайер тарабынан башкасы белгиленбесе, өтүнүч кат 30 (отуз) календардык күн ичинде каралууга тийиш.

## 12. БАНКТЫК СЕЙФ ЯЧЕЙКАЛАРЫН (ЧӨНӨКТӨРҮН) ИЖАРАГА АЛУУ

**12.1. Кардарга баалуулуктарды сактоо үчүн өз алдынча пайдаланууга сейфтик ячейканы (чөнөктү) сунуштоо тартиби (сейф ячейкасын ижарага алуу)**

**12.1.1.** Банк Кардардын өзү кол койгон өтүнүч кат-анкетанын негизинде ага ушул келишимде каралган шарттарда баалуулуктарды жана/же документтерди (мындан ары баалуулуктарды), жайгаштырып, сактоо үчүн сейф чөнөктөрүн пайдаланууга (ижарага) сунуштайт.

**12.1.2.** Сейф ячейкасына төмөнкүлөрдү сактоого тыюу салынат:

- адам баласынын ден соолугуна жана курчап турган чөйрөгө кесепеттүү таасирин тийгизүүчү бат күйүп кетүүчү, уулуу, радиоактивдүү заттарды, бат бузулуп жана/же ар кандай мите курттардын тарашына алып келген тамак-аш азыктарын жана буюм-заттарды;
- ок атуучу куралдардын жана алардын ок дарыларынын бардык түрүн, кесүүчү куралдарды, жарылуучу заттарды (жабдууларды), анын ичинде массалык кырып жок кылуучу курал-жарактарды даярдоодо колдонулуучу илимий-техникалык жабдууларды жана технологияларды;
- банги жана психотроптук заттарды, ошондой эле аларды колдонууга керектелүүчү буюм-заттарды;
- кескин таасир этүүчү ууларды;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Банктын ички ченемдик актыларына ылайык мамлекеттик чек ара аркылуу алып келүүгө/алып кетүүгө тыюу салынган, жарандык жүгүртүүдөн алынган, сактоого болбой турган башка предметтер.

**12.1.3.** Сейф ячейкасы Кардардын өтүнүч кат-анкетасында көрсөтүлгөн мөөнөткө ижарага сунушталууга тийиш. Мында, Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык комиссиялык төлөм талап кылынат.

**12.1.4.** Сейф ячейкасын ижарага алуу мөөнөтү Банктын бөлүмдөрүндө Кардар өзү кол койгон, ижара мөөнөтүн узартууга тиешелүү өтүнүч кат-анкетанын негизинде, ошол күнгө карата колдонулган тарифтерге ылайык пролонгацияланышы (узартылышы) мүмкүн.

**12.1.5.** Ижара мөөнөтү ичинде Кардардын сейф ячейкасын алмаштырууга өтүнүч катынын негизинде ага ячейка алмаштырылып берилиши мүмкүн.

**12.1.6.** Сейф ячейкасын ижарага алуу мөөнөтү ичинде төлөө шарты Банктын тарифтеринде аныкталат жана өтүнүч кат-анкетага кол койгон күнү, ал эми пролонгациялоо учурунда ижара мөөнөтүн узартуу өтүнүчүнө кол койгон күнү толук көлөмүндө төлөнүүгө тийиш.

**12.2. Сейф ячейкасын ачуу жана жабуу, анын ачкычтарын сактоо тартиби**

**12.2.1.** Сейф ячейкасы эки кулпу менен жабылат. Сейф бир эле учурда эки ачкыч – Банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин ачкычы жана Кардар ачыкычы менен ачылат. Кардар сейфти өз ачкычы менен жабат, ал эми Банктын кулпусу автоматтык түрдө жабылууга тийиш, же болбосо кулпунун механизми эки ачкыч (Кардардын жана Банктын) менен жабылууну болжолдосо, кулпу бир эле учурда Кардардын жана Банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин ачкычы менен жабылууга тийиш.

**12.2.2.** Сейфтин ачкычтары Банк тарабынан бекитилген, өз алдынча сейфти пайдалануу укугуна түзүлгөн карточкага кол коюп берүү аркылуу Кардарга тапшырылат. Буга чейин, ошол учурга карата колдонулуп жаткан тарифтерге жана Банктын ички ченемдик актыларына ылайык, бүтүндөй ижарага алуу мезгили үчүн төлөм жана гарантиялык төлөм (камсыздандыруу депозити, күрөө) төлөнүүгө тийиш.

**12.2.3.** Ижара мезгили ичинде сейф ячейкаксынын ачкычын жоготуп алган шартта, Кардар ал тууралуу бир жумуш күнүнөн кечиктирбестен банкка маалымдап, күрөө суммасынын (гарантиялык төлөмдүн, камсыздандыруу депозитинин) эсебинен ошол күнгө карата колдонулган тарифтерге ылайык кулпуну алмаштырууга кеткен чыгашаларды толуктап бериши зарыл, анын ичинде тиешелүү сумма Кардар эсебинен Банк тарабынан акцептсиз тартипте эсептен алынып коюулушу да мүмкүн.

**12.2.4.** Сейф ячейкасынын кулпусу сынып калган, же ачкычы жоголуп кеткен учурда ячейка Кардардын көз алдын ачылууга тийиш. Бул учурда Кардар сейфке салынган баалуулуктардын бүтүндүгүн жана сакталып тургандыгын кат жүзүндө тастыктоого милдеттүү.

**12.2.5.** Кардар ушул келишимдин 12.1.2-пунктчасында көрсөтүлгөн, аларды сактоого тыюу салынган буюм-заттарды сейф ячейкасына салгандыгы үчүн жоопкерчилик тартууга тийиш.

**12.2.6.** Кардар сейф-ячейкасынын ачкычын Банкта сактоого укугу жок.

**12.2.7.** Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- сейф ячейкасын аны колдонуу боюнча бекитилген эрежеге ылайык гана, башкача айтканда тыюу салынган буюм заттардан тышкары, баалуулуктарды сактоо үчүн гана пайдаланууга;
- Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык, ячейка ижарага алынган бүтүндөй мөөнөт үчүн, анын ичинде ушул келишим мөөнөтү узартылган учурда да, тиешелүү төлөмдү өз учурунда төлөп турууга;
- ижара мөөнөтү бүткөндө же ал мөөнөтүнөн мурда токтотулган шартта, сейф ячейкасын бошотуп, ачкычы менен бирге, сейфти пайдалануу укугуна бекитилген формадагы карточкага кол коюп берүү аркылуу аны Банктын ыйгарым укуктуу кызматкерине оң абалында тапшырууга;
- сейф ячейкасынын ачкычынын ишенимдүү сакталышын камсыз кылууга, ошондой эле ачкыч жоголуп кетсе, ячейканын бузулганы же анын кандайдыр бир башка кемчилдиги аныкталган шартта ал тууралуу дароо Банкка маалымдоого;
- сейф ячейкасынын бузулуп калышына жол бербөө, эгерде туура эмес ачып/жабуудан улам анын кулпусунун сынып калышына байланыштуу жаңысына алмаштырууга жана сейф ячейкасын ачууга кеткен чыгашаларды банктын тарифтерине ылайык төлөп берүүгө;
- сейф ячейкасынын ачкычынын дубликатын жасатпоого;
- сейф ячейкасын субижарага бербөөгө;
- ушул келишимдин, Банктын ички ченемдик актыларынын, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын аткарууга.

**12.2.8.** Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык тариздетилген ишеним каттын негизинде сейф ячейкасын пайдалануу укугун ишенимдүү башка адамына берүүгө;
- өтүнүч катынын негизинде сейф ячейкасын ижарага алууну мөөнөтүнөн мурда токтотууга, мында, Кардардын ал үчүн буга чейин төлөгөн төлөмү мөөнөтүнөн мурда токтотткондон кийинки алгачкы календардык айдан тартып Банк алдындагы анын карызын эсептеп кармап калуу менен гана кайтарылат.

**12.2.9.** Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кардарды сейф ячейкасын пайдалануусунда аны талаптагыдай, сапаттуу тейлөөгө;
- ячейкага баалулуктарды өз алдынча жайгаштыруу жана андан алуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө. Мында, Банк видеобайкоо системасы аркылуу Кардардын сейф сакталган жайга кирип/чыгуусун контролдукка алууга тийиш;
- Кардар сейф сакталган жайга кирүүсүндө, анда башка бирөөнүн болбоосун камсыз кылууга;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана ушул келишимде

каралган учурларды эске албаганда, сейф ячейкасына салынгандарды карап чыгуу учурунда Кардар үчүн купуялуулуктун сакталышына, ошондой эле сейф ячейкасын ижарага берүүдө, анда буюм заттарды сактоону, Кардар сейф операциялары жана аларга салынган баалуулуктарга тиешелүү маалыматтардын купуялуулугунун так сакталышына кепилдик берүүгө.

**12.2.10.** Банк сейф ячейкасын ижарага тапшырууну бир тараптуу негизде токтоткон учурда же болбосо ижара мөөнөтү бүткөндө Кардар келбей койгон шартта, Кардардын өтүнүч катында көрсөтүлгөн дарек боюнча ага кат жүзүндө билдирме жөнөтүүгө же ушул келишимде каралган башка ыкмада сейф ячейкасын бошотуп берүү же ижара мөөнөтүн узартуу зарылчылыгы боюнча ага билдриме жөнөтүүгө, ошондой эле Кардар келбей койгон шартта анын катышуусусуз эле сейф ячейкасы ачыла тургандыгын жана бошотуп бербеген ар бир календардык күн үчүн Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык айыптык төлөм (туумдар) чегериле тургандыгы тууралуу эскертүү жөнөтүүгө укуктуу. Ячейкага салынган баалуулуктар Кардардын Банк алдыдагы бардык карызы, ошондой эле айыптык төлөмдөр төлөнгөндөн кийин гана Кардарга тапшырылат.

**12.2.11.** Бул келишим бир тараптуу негизде мөөнөтүнөн мурда токтотулган шартта, ижара мөөнөтү же болбосо Банктын билдирмесинде көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийинки 30 (отуз) календардык күн ичинде Кардар келбей кое турган болсо Банк сейф ячейкасын бир тараптуу негизде сындырып ачууга укуктуу.

**12.2.12.** Банктын жоопкерчилиги сейфке салынган баалуулктарга таркатылбайт. Банк сейф ячейкасынын талаптагыдай сакталышы жана бүтүндүгү үчүн гана жоопкерчиликтүү. Банк сейф ячейкасына баалуулктарды жайгаштыруу учурун контролдугуна ала албайт, салынгандар описин кабыл албайт жана ячейкага салынгандар боюнча маалыматтарды каттабайт.

**12.2.13.** Кардар сейф ячейкасына тыюу салынган буюм заттардын сакталышы, ошондой эле ушул келишим талаптарын аткарбай коюу же талаптагыдай аткарбоо кесепеттеринен Банкка келтирилген чыгымдар үчүн толук мүлктүк жоопкерчилик тартат.

**12.3. Сейф ячейкасын ачуу**

**12.3.1.** Банк, төмөнкү учурларда бир тараптуу негизде Келишимди аткаруудан баш тартууга (толугу менен же анын өзүнчө бөлүгү/шарттары), келишимди жокко чыгарууга (толугу менен же анын өзүнчө бөлүгү/шарттары) жана/же бир тараптуу негизде сейф ячейкасын ачууга укуктуу:

- Кардардын дайынсыз жок болуп кеткендиги же көзү өткөндүгү тууралуу маалымат болсо;
- мураска укук жөнүндө күбөлүктүн жана башка укуктук тастыктоочу документтердин негизинде сейфке салынган баалуулуктарга менчик укугу башка адамга/жакка өткөн болсо;
- эгерде Кардар сейфти ушул келишимдин 12.1.2-пунктчасында көрсөтүлгөн, аларга тыюу салынган буюм заттарды сактоо үчүн колдонгон болсо;
- Кардар сейф ачкычын жоготуп алган же код катары белгиленген сөздү унутуп калган учурда;
- күтүүсүз жагдайлар (форс-мажор) келип чыкканда;
- Кардар ушул келишимде каралган милдеттенмелерин аткарбай койгондо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде каралган башка учурларда.

**12.3.2.** Банк сейф ячейкасын ачууга түрткү берген себептер жана сейфти ачкан күн тууралуу Кардарга кат жүзүндө маалымдайт. Көрсөтүлгөн дарек боюнча Кардардын жашабагандыгы, ошондой эле анын Банкка келбегендиги сейф ачуу күнүн кийинкиге жылдыруу үчүн негиз болуп саналбайт.

**12.3.3.** Сейф ячейкасы Банк кызматкерлери тарабынан ички ченемдик актылардын талабына ылайык, комиссия түзүп, тишелүү актыны тариздөө аркылуу ачылат. Банк сейф ачуу

процессин видего же сүрөткө тартып алууга укуктуу. Сейф ячейкасына салынган баалулуктар таңгакталып, чапталган түрдө Кардар же анын ишенимдүү адамы же болбосо мураскору (укугу өткөн адам) Банкка кайрылганга чейин, бирок 6 (алты) айдан ашпаган мөөнөткө бул үчүн атайы каралган сейфке сактоого өткөрүлөт.

**12.3.4.** Кардар, анын ишенимдүү адамы же мураскору (укугу өткөн адам) белгиленген мөөнөттө келбеген шартта Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык сактоодогу баалуулуктарды жок кылуу, сатып өткөрүү же сатып алуу жол-жобосун демилгелөөгө укуктуу.

**12.3.5.** Тинтүү же баалуулуктарды алып коюу жагдайы келип чыккан шартта сейф ячейкасын ачуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

**12.4.Сейф ячейкасынан пайдалануу**

**12.4.1.** Кардардын сейф ячейкасы жайгашкан жерге кирүүсү жана андан баалуулуктарды алуусу операциялык күн ичинде ишке ашырылууга тийиш. Сейф жайгашкан жерге андагы баалуулуктардын сакталышын камыз кылуу максатында видеобайкоо жүргүзүлөт жана ал тууралуу Банктын ички ченемдик актыларынын талабына ылайык Кардарга эскертилет.

**12.4.2.** Кардар сактоо жайына кирүү алдында инсандыгын тастыктаган документти көрсөтүп, Банк тарабынан бекитилген өз алдынча сейфти колдонуу укугу карточкасына ал тууралуу кол коюп, белгилөөгө тийиш.

**12.5. Жеке сейфти (сейф ячейкасын) ижарага алуудагы күрөө (гарантиялык төлөм, камсыздандыруу депозити)**

**12.5.1.** Ушул келишим боюнча милдеттенмелеринин талаптагыдай аткарылышы максатында Кардар Банктын колдонуудагы тарифтерине, ички ченемдик актыларына ылайык Банкка күрөөнү (гарантиялык төлөмдү, камсыздандыруу депозитин) салууга тийиш.

**12.5.2.** Банк күрөөнүн (гарантиялык төлөмдүн, камсыздандыруу депозитиин) эсебин катоо үчүн өзүнчө эсепти ачат, ал эми Кардардын ушул келишим боюнча милдеттенмелери толук аткарылганга чейин ал эсепти тескөөгө алууга укугу жок.

**12.5.3.** Банк сейфтик ячейканы ижарага алуу мөөнөтү бүткөндөн кийин Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими боюнча Кардардын карызын эсептеп кармап калуу менен күрөө суммасын (гарантиялык төлөмдү, камсыздандыруу депозитин) Кардарга кайтарылып берүүгө тийиш.

## 13. ЭЭСИ КӨРСӨТҮЛБӨГӨН МЕТАЛЛ ЭСЕПТЕРИ

**13.1. Эсепти жүргүзүү тартиби**

**13.1.1.** Банк ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебин Кардардын банк Тарабынан белгиленген форма боюнча түзүлгөн өтүнүч кат-анкетасынын негизинде же Кардардын электрондук билдирүүсүнүн (тапшырмасынын, буйруусунун) жана/же аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу ишке ашырылган/аткарылган иш-аракеттеринин (аны техникалык жактан ишке ашыруу учурунда) жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган документтеринин негизинде ачат.

**13.1.2.** Ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебиндеги каражаттардын саны үтүр белгисинен кийинки 4 белгиге чейинки тактыкта, граммдар менен эсептелет.

**13.1.3.** Банк аталган эсептеги баалуу металл калдыгына пайыздык сый акы чегербейт.

**13.1.4.** Башка ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебинен (бир түрдөгү баалуулук түрүндө) которуу жана Банктын курсу боюнча улуттук/чет өлкө валютасына конвертациялоо аркылуу (металлды сатып алуу) бул эсепти толуктоого жол берилиши мүмкүн.

**13.1.5.** Ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебинен башка ушундай эле эсепке которуу (бир түрдөгү балуулук түрүндө), ошондой эле Банктын курсу боюнча улуттук/чет өлкө валютасына конвертациялоо аркылуу (металлды сатып алуу) баалуулукту (металлды) кайтарып берүү ишке ашырылат.

**13.1.6.** Кардардын Банктан баалуулукту (металлды) сатып алуусу жана сатуусу анын ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебине чегерүү аркылуу нак эмес формада жүргүзүлөт.

**13.1.7.** Банк Кардар эсебине келип түшкөн каражаттарды ушул келишимде көрсөтүлгөн санда жана өлчөө бирдигинде кабыл алат жана чегерет.

**13.1.8.** Банк ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебиндеги каражаттарды ушул келишимде көрсөтүлгөн санда жана өлчөө бирдигинде которот.

**13.1.9.** Банк эгерде, эсептен алынып жаткан каражат саны ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебиндеги каражат калдыгынан ашпаган санда гана ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебинен баалуулуктарды (металлды) эсептен алып салуу операциясын ишке ашырат. Ээси көрсөтүлбөгөн металл эсеби боюнча овердрафтка жол берилбейт.

**13.2. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу**

**13.2.1.** Баалуулукту (металлды) Банктын коммерциялык курсу боюнча улуттук жана чет өлө валютасында сатып алууга.

**13.2.2.** Баалуулукту (металлды) Банктын коммерциялык курсу боюнча улуттук жана чет өлө валютасында сатууга.

**13.2.3.** Банкта ачылган металл эсебине же акча которуу өтүнүчүнө ылайык башка банкта ачылган эсепке которууларды ишке ашырууга.

**13.3.** Кардар Банктын расмий интернет сайтында, аралыктан банктык тейлөө системасында же анын кеңселеринде, ички ченемдик актыларында чагылдырылган Банктык эсепти ачуу, тейлөө боюнча ушул келишим шарттарын, талаптарын жана анда каралган милдеттерди так аткарууга тийиш.

## 14. АРАЛЫКТАН БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ/МОБИЛДИК ТИРКЕМЕ

**14.1. Аралыктан банктык тейлөө системасын/мобилдик тиркемени колдонуу шарттары жана тартиби**

**14.1.1.** Банк жөнгө салынган аралыктан банктык тейлөө системасынын, анын ичинде мобилдик тиркеменин алкагында Кардарга төмөнкүдөй кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштайт:

- белгилүү бир күнгө карата же мезгил аралыгы үчүн айкын убакыт ыргагында эсептердин абалын карап, таанышууга;
- эсеп боюнча акча каражаттарынын жылышына тиешелүү маалыматтарды алууга;
- сатып алган товарлар (сунушталган кызмат көрсөтүүлөр, аткарылган иштер) үчүн QR–кода жана аралыктан тейлөөнүн башка каражаттары аркылуу төлөмдөрдү кабыл алуу/төлөө;
- товарларды (кызмат көрсөтүүлөр, иштер) сатып өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн MasterCard/VISA/ Элкарт банктык карттары аркылуу төлөмдөрдү кабыл алуу/төлөө
- PIN-кодду, Паролду, Логинди жана башка аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын алмаштыруу;
- Бирдиктүү маалымат системасына туташтырылган мамлекеттик ар кандай маалымат системаларында авторизациялануу үчүн бирдиктүү каттоо жазуусу катары Бирдиктүү маалымат системасын колдонуу;
- электрондук кол тамганы колдонуу менен Бирдиктүү маалымат системасында жеке ишкер катары каттоодон өтүү;
- электрондук патентти тариздетүү жана төлөө;
- Кардардын пластик карттары жана башка эсептери боюнча операциялары тууралуу отчетторду алуу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде салыктык төлөмдөрдү, айыптык төлөмдөрдү, айыл өкмөтүнүн, муниципалдык уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөөлөр;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, мобилдик байланыш, интернет-провайдердердин

кызмат көрсөтүүлөрүнө, такси жана башкалар үчүн төлөөлөр;
- Банк ичинде которуулар, анын ичинде өздүк эсептер ортосунда которуулар, клиринг жана гросс системасы аркылуу банктар аралык которуулар, SWIFT системасы аркылуу валюта түрүндө которуулар;
- контролдук-кассалык машинкалар тейлөө системасынан "eKassa" пайдалануу мүмкүнчүлүгүн сунуштоо (аралыктан банктык тейлөө системаларында/мобилдик тиркемелерде техникалык/функционалдык ишке ашыруу учурунда);
- Банк тарабынан аралыктан банктык тейлөө шарттарына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул келишимге, Банктын ички ченемдик актыларына, ошондой эле https://www.ab.kg расмий интернет сайтанда жайгашкан тарифтерге ылайык сунушталган банктык, төлөм, электрондук (санарип) жана башка кызмат көрсөтүүлөрдөн/продукттардан пайдаланууга, операцияларды/транзакцияларды ишке ашырууга.

**14.1.2.** Кардар мобилдик тиркемени өз жабдуусуна (Android и iOS) тиешелүү тиркемени көчүрүп жана жүктөп алуу аркылуу өз алдынча туташат. Мобилдик тиркеме Apple Store жана Play Market тиркеме дүкөндөрүнөн жана Банктын https://www.ab.kg. Даректеги расмий сайтанан да кошумча жүктөп алууга болот.

**14.1.3.** Кардар интернет түйүнүнө жана аралыктан банктык тейлөө системасына туташуу үчүн талап кылынган техникалык, программалык жана коммуникациялык ресурстарда өз алдынча жана өз эсебинен камсыздоого тийиш. Ошону менен бирге эле Кардар, аралыктан банктык тейлөө системасын колдонууда Кардар менен Банк ортосунда жөнөтүлгөн маалыматтар тымызын угуу, көчүрүп алуу, программалык-техникалык каражаттарды бузуп кирүү, ошондой эле системага кирүү, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын колдонуу, вирустардан, кибер чабуулдардан жана башкалардан сактануу эрежелерин бузууга жол берүүнүн натыйжасында үчүнчү жактарга маалым болуп калышы ыктамалдыгы тобокелдигин жана ал үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алат.

**14.1.4.** Тараптар ушул келишимдин алкагында алынган маалыматтарды иштеп чыгуу, коргоого алуу жана жөнөтүү системалары алардан санкциясыз колдонуудан ишенимдүү, натыйжалуу жана коопсуз коргоону камсыз кылуу, ошондой эле электрондук документтин аныктыгын тастыктоо үчүн жетиштүү экендигин таанышат.

**14.1.5.** Ушул аркылуу, келишимде көрсөтүлгөн шарттар так сакталбаган учурда, аралыктан банктык тейлөө системасын пайдалануу анын эсептеринен, ошондой эле системанын колдонуучулары үчүн каралган маалыматтардан (шилтеме) санкциясыз пайдалануу тобокелдиги келип чыгышы ыктымалдыгы Кардарга маалымдалган.

**14.2. Аралыктан банктык тейлөөнү сунуштоо шарттары**

**14.2.1.** Банк, ушул келишимдин шарттарына, Банктын ички ченемдик актыларына/документтерине, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык, төмөнкү талаптар аткарылган шартта Карадарга аралыктан банктык тейлөө кызмат көрсөтүүсүн сунуштайт:
- Кардар аралыктан банктык тейлөө системасында/мобилдик тиркемесинде ийгиликтүү каттоодон өткөн болсо;
- жаңы кардарлар үчүн Кардарды аралыктан идентификациялоо жана верификациялоодон өткөрүлгөн шартта;
- идентификациялык параметрлерди чагылдырууга, аутентификациялоо каражаттарында Кардар авторизациялоодон/аутентификациялоодон ийгиликтүү өткөрүлгөн учурда;
- ушул Ачык оферта, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими акцепттелгенде;
- талап кылынган операцияны ишке ашыруу үчүн Кардар эсебинде жетиштүү өлчөмдө акча каражаты болгон шартта;
- айрым бир операцияларды/транзакцияларды ишке ашырууда Кардар Банк белгилеген лимиттерди так сактаган болсо;

- сунушталган кызмат көрсөтүүлөр үчүн Банктын тарифтерине ылайык комиссиялык сый акы (каралган шартта) Кардар тарабынан төлөнгөн болсо;
- эсептер боюнча мыйзамдык тартипте белгиленген операцияларды ишке ашырууга чектөөлөр жок болсо;
- кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн Банктын техникалык мүмкүнчүлүгү болсо;
- аралыктан банктык тейлөө системасында операциялардын/транзакциялардын айрым бир түрүн ишке ашыруу үчүн банк белгилеген башка шарттардын сакталышы учурунда.

**14.2.2.** Банк, аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу Кардар которуучу акча каражаттарына чектөөлөрдү, параметрлерди жана максималдуу суммасы боюнча лимиттерди өз ыңгайына жараша жана башка критерийлерге таянуу менен бир тараптуу негизде белгилөөгө/өзгөртүүгө укуктуу. Кардар чектөөлөрдүн белгиленгендиги, лимит өлчөмү жөнүндө акча каражатын аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу которуу процессинде билиши/таанышуусу мүмкүн. Мында Кардар, акча каражатын алуучу менен анын ортосунда келишимдик мамилелер жөнгө салынгандыгын гарантиялайт жана анын эсеби боюнча ишке ашырылып жаткан операциялардын мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

**14.2.3.** Кардар кызмат көрсөтүүлөргө “төлөөлөр” параметрлери тастыкталганга чейинки кайсыл болбосун убакытта кызмат көрсөтүүнү пайдалануудан баш тартууга укуктуу.

**14.2.4.** Кардар ушул аркылуу аралыктан банктык тейлөө системасына кайсыл болбосун убакытта, бир тараптуу негизде кандай болбосун өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду киргизип, аны жеткире иштеп чыгууга жана өз ыңгайына жараша аралыктан банктык тейлөөнүн жаңы ыкмасын/опцияларын колдонууга киргизүүгө Банк укуктуу экендигине макул болот жана аны тастыктайт.

**14.2.5.** Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- интернет түйүнү же байланыш каражаттары аркылуу жөнөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугун сакталбашынан улам келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди өзүнө алууга;
- мобилдик жабдуунун, мобилдик байланыш номеринин, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарынын жана аралыктан банктык тейлөө системасына кирүүдө колдонулган маалыматтардын коопсуздугун, алардан санкциясыз пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюуну камсыз кылуу, анын ичинде, логинди, туруктуу колдонулган паролду, бир жолку паролду, коддорду жана аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарынын үчүнчү жактарга маалымдабоого, өткөрүп бербөөгө;
- карттардын ПИН-кодун, аралыктан банктык тейлөө системасына кирүү паролун, паролдорду, операцияларды жана тастыктоо кодун жана 3D Secure (интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашыруудагы бир жолку паролдорду) үчүнчү жактарга билдирбөөгө;
- аралыктан банктык тейлөө шартынан пайдаланууга мүмкүндүк берген, мобилдик телефонго жүктөлгөн банктык тиркемелердин коопсуз сакталышын жана колдонулушун камсыз кылууга;
- системага кирүү, аутентификациялоо каражаттарынын же карттардын үчүнчү жактар тарабынан мыйзамсыз колдонулушу тобокелдиги келип чыккан шартта, эсептерден санкциясыз пайдалануу, акча каражаттарын эсептеп алып коюу, мобилдик жабдуудан мобилдик телефон номеринен мыйзамсыз (санкциясыз) колдонуу/жоготуп алуу учурунда, ал тууралуу байланыш каналдары аркылуу Банкка (анын ичинде,Банктын тиешелүү бөлүмдөрүнө, Байланыш борборуна кайрылуу аркылуу да) дароо маалымдоого. Эгерде Кардар бул тууралуу өз учурунда маалымдабаган болсо, Банк системага кирүү, аутентификациялоо каражаттарынын же карттардын мыйзамсыз колдонулушунан улам келип чыккан чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт;
- Кардар ушул келишим (аны толугу менен же анын айрым бир бөлүгүн шарттарын) жокко чыгарылгандан/токтотулгандан жана/же операция ишке ашырлган күндөн

кийинки 540 (беш жүз кырк) күн ичинде эмитенттин же үчүнчү жактардын ушул келишим боюнча ишке ашырылган которуулары/төлөмдөрү боюнча Кардардын күнөөсүнөн улам Банкка карата негиздүү кине коюуларына ылайык, Банктан эсептелинип кармалып калган бүтүндөй сумманы Банктын талабын алгандан кийинки 10 (он) күндөн кечиктирбестен, талашсыз тартипте төлөп берүүгө милдеттүү;

- эсептерден санкциясыз колдонуу жана алардан акча каражаттарын эсептеп алып коюу, мобилдик жабдууларды, мобилдик телефон номерин (анын ичинде сим-картты, номерди алмаштыруу) жоготуп койгон шартта, ошондой эле аралыктан банктык тейлөө системасында катталган Кардарга карата шектенүүлөр орун алса, ал тууралуу Банкка +996 (312) 68 00 00 номери, ишеним телефонунун +996 (770) 55 11 00 номери, 5511 кыска номер, +996 (312) 66 54 03 факс номери же ab24@ab.kg электрондук почта аркылуу дароо маалымдоого. Бул учурда да, жогоруда чагылдырылган жагдайлар кесепетинен Кардар дуушар болгон чыгым үчүн Банк эч кандай жоопкерчилик тартпайт;
- аралыктан банктык тейлөө системасында катталган мобилдик телефон номерин, электрондук почта дарегин билдирүүлөрдү/маалыматтарды, 3D-Secure коду менен SMS-билдирүүлөрдү алуу үчүн жаңы мобилдик телефон номерине, жаңы электрондук почта дарегине (техникалык мүмкүнчүлүк жөнгө салынган шартта), паролдорду, тастыктоо коддорун жана/же Кардарды аутентификациялоочу/идентификациялоочу башка идентификаторлорго, каражаттарга өз алдынча алмаштырууга/өзгөртүүгө. Бул учурда Кардар жогоруда көрсөтүлгөндөрдү алмаштырууга/өзгөртүүгө байланыштуу келип чыккан кандай болбосун алгылыксыз жагдайлар тобокелдигин өзүнө алат жана ал үчүн өз эсебинен, өз алдынча жооп берет;
- Банктын расмий интернет сайтында, аралыктан банктык тейлөө системасында же Банктын кеңселеринде жайгаштырылган/жарыяланган ушул келишимде, Банктын ички ченемдик актыларында каралган башка шарттарды, талаптарды жана милдеттерди аткарууга.

**14.2.6.** Банк тарабынан ушул Ачык офертаны, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин жокко чыгаруу/өзгөртүү чечими кабыл алынган шартта, ал келишим боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоону бир тараптуу негизде токтотууга/токтотуп турууга, ошондой эле Кардардын эсептеринен санкциясыз пайдаланылды же ага аракеттер көрүлгөндүгү боюнча негиздер болсо же башка бир жагдайларга ылайык Кардарды аралыктан тейлөөнү убактылуу токтотууга укуктуу.

**14.2.7.** Банк Кардардын Банк алдындагы карыздарын төлөө мөөнөтү келип жеткендиги, Банк алдындагы милдеттенмелер боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн жана башка карыздардын келип чыккандыгы, техникалык овердрафттын пайда болгондугу жана ушундай эле мүнөздөгү башка маалыматтарды кошо алганда, кандай болбосун башка жагдайлар тууралуу Кардардын мобилдик телефонуна SMS-билдирүү же PUSH-билдирүүлөр же болбосо почта аркылуу кат жөнөтүү, электрондук почта, аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу билдирүүлөрдү жөнөтүү жана башка ушундай эле ыкмаларда өз ыңгайына жана тандоолоруна жараша ага маалыматтарды жөнөтүүгө укуктуу экендигин, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн байланыш каналдары аркылуу бир жолку паролду, аралыктан банктык тейлөө системасында ишке ашырылган операцияларды тастыктоо кодун, 3D Secure паролун, эсептер, төлөм карттары боюнча жүргүзүлгөн операциялар тууралуу маалыматтарды жана башка билдирүүлөрдү/маалымдоолорду алууга да макулдугун билдирет.

**14.2.8.** Мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан идентификациялоо үчүн Кардар бекитилген нускоолорго таянуу менен паспорттук жана башка маалыматтарды чагылдырып, паспорттун алдынкы жана арткы бетин сүрөткө тартып, өзүн паспорту менен бирге сүрөткө тартып, суроолорго үн коштоо аркылуу жооп берип, видео чалууларды демилгелеп (бир же бир нече жолу чалуу талап кылынбашы мүмкүн), Банктын нускоолоруна ылайык башка аракеттерди көрүүсү зарыл. Эгерде бул, Кыргыз

Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган болсо, же Банктын талабына ылайык Кардар Банктын бөлүмдөрүндө (же мүмкүнчүлүк болсо – Банктын агенттеринин бөлүмдөрүндө) идентификациялоо жол-жоболорунан өтүүгө тийиш.

**14.2.9.** Кардарды аралыктан туруп идентификациялоодо белгиленген, ушул келишимге ылайык операциялар/транзакциялар боюнча чектөөлөрдү алып салуу, лимиттерди көбөйтүү, ошондой эле башка банктык операцияларды жүргүзүү/бүтүмдөргө келишүү зарылчылыгы келип чыккан учурда Кардар жеке идентификациялоодон жана верификациялоодон өтүү үчүн талап кылынган документтерди кошо алып, Банктын кайсыл болбосун жакын жайгашкан бөлүмүнө өзү кайрылууга тийиш.

**14.2.10.** Банк эгерде, келип түшкөн электрондук документтердин жана/же Кардардын кол тамгасынын аныктыгына шектенүүлөр орун алса жана/же ушундай эле башка себептер келип чыккан учурда, аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу кандай болбосун буйрууларды аткаруудан баш тартууга укуктуу.

**14.2.11.** Кардар мобилдик тиркемеде, аралыктан банктык тейлөө системасына кирүү же болбосо ушул мобилдик тиркеме, аралыктан банктык тейлөө системасынын жардамы аркылуу кайсыл бир операцияны/транзакцияны ишке ашырууну же бүтүмдөргө келишүүнү демилгелеши, Кардардын ошол учурда колдонулуп жаткан ушул келишимдин редакциясы, Банктын тарифтери, ошондой эле субъекттин жеке маалыматтарды топтоого, аларды иштеп чыгууга же аларды жөнөтүүгө макулдугу, Банктын ачык-айкын жайгаштырылган актылары менен (буга чейин алар Банк тарабынан бир тараптуу негизде өзгөртүлгөн болсо) таанышып чыккандыгынын, алардын маани-маңызы Кардарга түшүнүктүү болгондугун, аларга макулдугун/демек, бардык милдеттенмелерди өзүнө ала тургандыгын, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн операциялар/бүтүмдөр боюнча келишимдик мамилени жөнгө салып, аралыктан банктык тейлөө системаларынын бардык шарттарына макулдугунун айкын тастыктамасы экендигин тааныйт жана ага кепилдик берет.

**14.2.12.** Эгерде Кардар паролду, ПИН-кодун жана аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын унутуп калган (жок кылып алган) шартта, аралыктан банктык тейлөө системасына кирүүгө мүмкүнчүлүк берген бул каражаттар үчүнчү жактарга маалым болуп калды деп шектенсе, Кардар аралыктан банктык тейлөө системасынын тиешелүү опцияларын (техникалык мүмкүнчүдлүктөр жөнгө салынган шартта) колдонуу менен аларды өз алдынча калыбына келтирүү/өзгөртүүнү ишке ашырып, же болбосо Банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнө кайрыла алат. Бул учурда Кардар Банк тарабынан белгиленген эрежелерге ылайык идентификациялоодон өтүүгө тийиш. Жогоруда белгиленген кесепеттүү жагдайлардан улам келип чыккан тобокелдиктер жана жаңылыш идентификациялоо үчүн жоопкерчилик Кардарга жүктөлөт.

**14.2.13.** Кардар мобилдик тиркемеде, аралыктан банктык тейлөө системасында мобилдик телефон номерин, электрондук почта дарегин өз алдынча өзгөрткөндүгү/алмаштыргандыгы, ошондой эле операцияларды/транзакцияларды, келишилген бүтүмдөрдү жана башка электрондук документтерди (суммалары, лимиттери жана башка параметрлери боюнча) тастыктоо ыкмасын SMS-билдирүү, электрондук почта аркылуу бир жолку паролду жөнөтүү, бармак басым же башка ыкмалар менен (аралыктан банктык тейлөө системасында техникалык мүмкүнчүлүктөр каралган болсо), тастыктоо шартын өзгөртүүсү же операцияларды деги эле тастыктабай коюудан улам келип чыккан бардык тобокелдиктерди толугу менен өзүнө алат жана алар үчүн жеке жоопкерчиликтүү болуп саналат.

**14.2.14.** Тиешелүү банктык чектелген эсеп ачылган/өзгөртүлгөн/жабылган жана/же операция/транзакция, акча каражатын которуу/толуктоо/эсептеп алып коюу жана/же банктык, төлөм, электрондук (санариптик) жана башка кызмат көрсөтүүлөр/бүтүмдөр, электрондук документ качан гана Кардар аралыктан банктык тейлөө системасында/мобилдик тиркемесинде (анын ичинде Кардардын тастыктоосун/макулдугун Банк алган учурда) электрондук кол тамганы,

аутентификациялоо/идентификациялоо, авторизациялоо каражаттарын чагылдыруу, биометрикалык идентификацияланууну (бармак басым, Face ID ж.б.) колдонуу (же аларсыз эле) аралыктан банктык тейлөө системасында/мобилдик тиркемелерде айкын бир талап кылынган аракеттерди (белги коюу, тиешелүү тастыктоо белгисин басуу, белгини-шилтемени/опцияны басуу, мобилдик тиркемеге, тейлөө шартына/функуионалга кирүү (катталуу), реквизиттерди/маалыматтарды жана башкаларды толтуруу) көрүү аркылуу ишке ашырылган шартта, алар ишке ашырлган, кол коюлган/тастыкталган катары эсептелинет.

**14.2.15.** Кардардын аралыктан банктык тейлөө системасында/мобилдик тиркемеге катталуу учурунда көрсөтүлгөн мобилдик номерине (ишенимдүү номерине)/электрондук почта дарегине аталган аралыктан тейлөө системасына/мобилдик тиркемеге кирүү, интернет төлөмдөрдү тастыктоо/3D Secure кызмат көрсөтүүсүнө туташуу, СМС-билдирүү кызматына туташуу, эсептер боюнча электрондук көчүрмөлөрдү алуу үчүн зарылччылык келип чыккан шартта паролдор, код, пин-коддор жана/же башка маалыматтар көрсөтүлгөн СМС-билдирүүлөр/билдирмелер жөнөтүлүшү, ошондой эле электрондук документтерге (электрондук формадагы маалыматтарга) кол коюу/акцептөө, анын ичинде Кардардын алардын шарттары менен таанышып чыккандыгы, аларга макулдугу фактысын тастыктоо, жана башка максаттар үчүн Кардардын электрондук кол тамгасы катары таанылган пароль, тастыктоо коду жана/же аутентификациялоо/идентификациялоо, авторизациялоо каражаттары жөнөтүлүшү да мүмкүн.

**14.2.16.** Кардар ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин акцептөө/түзүү аркылуу, интернет түйүнүндө, аралыктан банктык тейлөө системаларында/мобилдик тиркемелерде операцияларды жүргүзүүдө коопсуздук чараларын так сактоо зарылчылыгы боюнча сунуш-көрсөтмөлөр/маалыматтар менен таанышып чыккандыгын, аларга макул экендигин, тааный тургандыгын, тобокелдиктер келип чыгышы ыктымалдыгынан, жогорку деңгээлдеги тобокелдиктер камтылган операциялардан сактануу, паролду, коддорду жана башка купуя маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүгө болбой тургандыгы жагында чара көрүү зарылчылыгын айкын түшүнүү менен төмөнкүлөргө макул экендигин, аларды таанып, тастыктай тургандыгын билдирет:

- Кардардын банктык төлөм картынын/виртуалдык картынын реквизиттери жана аралыктан тейлөөгө алуунун башка каражаттарын колдонуу менен Интернет аркылуу ишке ашырылган бардык операциялар/транзакциялар Кардардын атынан, анын эсебинен ишке ашырылган катары эсептелет/таанылат жана Кардар ошол операциялар/транзакциялар үчүн бардык жоопкерчиликти өз мойнуна алат;
- күндөлүк эсептин абалына ыкчам контролдукту жүргүзүү Интернет түйүнү аркылуу операцияларды ишке ашырууда келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди кыскартууга/аларга бөгөт коюуга өбөлгө түзөт;
- Кардар мобилдик номерин, анын мобилдик телефонун, смартфонун, планшетин жана башкаларын жоготуп алган/уурдатып жиберген учурда, анын банктык эсебинин, банктын төлөм картынын/виртуалдык картынын реквизиттерин санкциясыз колдонулгандыгына/андан санкциясыз пайдаланылгандыгына шектенүүлөр келип чыккан шартта, Кардар өз картынан, эсебинен, мобилдик тиркемесинен андан ары пайдаланууга бөгөт койдуруу үчүн +996 (312) 68-00-00 телефон тномерине 5511 кыска номерине дароо маалымдоого тийиш;
- Банктык ачык оферта, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими, карттарды коопсуз пайдалануу эрежелери, сунушталып жаткан кызмат көрсөтүүлөр тарифтери, Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жагында жалпы шарттар менен, анын ичинде банкомат, терминалдар, интернет-банкинг, мобилдик банкинг, мобилдик тиркемелер, ошондой эле аралыктан банктык тейлөөгө алуунун башка системалары, ар бир ишке ашырылган транзакцияларга тиешелүү маалыматтарды

алуу ыкмалары, Кардар эсебинен санкциясыз колдонуу мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу максатында карттарга бөгөт коюу шарттары, бир валютаны экинчисине конвертациялоо схемасы, конвернтациялоо операцияларын ишке ашыруудагы алмашуу курсу, Кардар/карт ээси менен жумуш эмес жана майрам (дем алыш) күндөрү байланышуу үчүн байланыш маалыматтары, Банктын картына акча каражаттарын чегерүү мөөнөттөрү, картты жоготуп алган/уурдап жиберген шартта Банктын кассасынан акча каражатын алуу тартиби, ошондой эле башка маалыматтарды алуу шарттары менен;

- эгерде 6-12 айдан көбүрөөк убакыт аралыгында аларда акча каражаттарынын жылышы катталбаган шартта, минималдуу (азайтылбаган) калдык жок болсо банктык эсепти/карт эсебин Банктын бир тараптуу негизде жабуусуна, банктык эсеп боюнча операцияларды/транзакцияларды бир тараптуу негизде токтотуусуна, тейлөө кызматынан/аралыктан банктык тейлөө системасынын функционалынан/мобилдик тиркемеден жана/же sms-билдирүүнү жөнөтүү аркылуу башка негиздер боюнча алардан пайдаланууга бөгөт коюуга же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде каралган башка учурларда аралыктан банктык тейлөө системасында/мобилдик тиркемеде тиешелүү билдирмени жарыялоо/жөнөтүү аркылуу аларды токтотууга;
- Кардар Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими менен таанышууда/ага кол коюуда/жана ишинде колдонууда өз ыңгайына жараша кайсыл тилди тадап аларын өз алдынча аныктайт;
- мына ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими электрондук өз ара иш алып баруу/маалымат алмашууга катышкан тараптардын (Кардар менен Банк ортосунда) Кардардын Өтүнүч кат-анкетага өз кол тамгасын коюусу же өздүк кол тамга аналогун/планшеттеги графикалык кол тамганы жана/же тиешелүү кодду, паролду жана/же Кардарды идентификаицялоонун башка идентификаторлорун/каражаттарын колдонуу/терүү аркылуу электрондук кол тамганы (анын ичинде мобилдик тиркемеге (жана/же башка системага/жабдууга/тейлөө шартына) кирүү/тастыктоо аркылуу), ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзүүсү (кол коюусу) аркылуу алар тарабынан түзүлгөн жана Кардар тарабынан Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин түзүүгө ушул ачык офертага кол койгон/акцептеген катары эсептелинет/таанылат;
- Кардар ушул ачык офертанын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин бардык шарттарына/пункттарына сыяктуу эле, анын айрым пунктуна/шартына макул эмес болгон учурда, ал Банктык кызмат көрсөтүүлөр келшимин түзүүдөн, Өтүнүч кат-анткетаны, мобилдик тиркемени, аралыктан банктык тейлөө системасын колдонуудан баш тартууга жана/же Банктын ушул келишим боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнөн/продукттарынан, тейлөө шартынан пайдаланууну токтотууга укуктуу. Эгерде Кардар ушул келишимге кол койгондон/аны түзүүдөн кийин банктык, төлөм жана башка кызмат көрсөтүүлөрдөн/продукттардан/тейлөө шартынан пайдаланууну уланткан учурда, Кардар ушул келишим менен (анын ичинде Банк тарабынан ага келечекте сунушталган өзгөртүүлөр/толуктоолор менен) өз алдынча таанышкан катары эсептелинет/таанылат, ошондой эле Кардар ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимине (өзгөртүүлөрү менен кошо) толугу менен кошулган, эч кандай шартсыз кабыл алган/акцептеген, кол койгон (кошулуу жолу менен да) катары эсептелинип/таанылып, аларга толук макулдугун жана келишим шарттарына макул болбогон маселелер боюнча Банкка карата эч кандай кине койбой, Банкты жоопкерчиликтен толук бошото тургандыгын билдирет.

**14.3 Коопсуздук шарттары**

**14.3.1** Мобилдик тиркемеге PIN-code (же аутентификациялоонун/идентификациялоонун, авторизациялоонун башка каражаттары аркылуу) боюнча кирүү мүмкүнчүлүгү берилет жана бул купуя маалымат болуп саналат жана Кардарга, Кардардын

пайдалануучуларына сунушталат. Кардар PIN-code (же аутентификациялоонун/идентификациялоонун, авторизациялоонун башка каражаттарын) үчүнчү жакка маалымдап койгондугу үчүн толук жоопкерчилик тартууга тийиш.

**14.3.2** Кардардын мобилдик тиркемеден талаптагыдай пайдалана албагандыгы, ага карата кайдыгер мамиле жасагандыгы үчүн Банк эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

## 15. ЭЛЕКТРОНДУК КОЛ ТАМГАНЫ, АРАЛЫКТАН БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ СИСТЕМАСЫНДА АУТЕНТИФИКАЦИЯЛОО КАРАЖАТТАРЫН КОЛДОНУУ

**15.1.** Кардар аралыктан банктык тейлөө системасына, анын ичинде “Интернет Банкинг” мобилдик тиркемесине логин, пароль, ПИН-код аркылуу жана/же тастыктоо коду же болбосо Банк тарабынан белгиленген/аныкталган жана Кардардын электрондук кол тамгасы, анын ичинде жөнөкөй электрондук кол тамгасы катары таанылган/аларга теңештирилген башка аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары (же Кардар өз алдынча нукка салган учурда) аркылуу кире алат.

**15.2.** Электрондук кол тамга Кардардын өздүк кол тамгасынын аналогу болуп саналат.

**15.3.** Кардардын электрондук кол тамга жана ушул келишимдин алкагында аутентификациялоо/идентификацилоо каражаттары аркылуу кол коюлган электрондук документ кагаз жүзүндөгү документтей эле юридикалык күчкө ээ жана ушул келишим шарттарын аткаруу үчүн кабыл алынат жана талаш маселелерди сотто кароо учурунда жана башка пикир келишпестик жагдайында далил катары колдонулат.

**15.4.** Кардар электрондук кол тамганы, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын төмөнкү учурларда колдонушу мүмкүн:

- ушул Ачык офертаны, Банктын башка оферталарын акцептөөдө, анын ичинде ушул келишимди түзүүдө (ага кол коюуда) жана аларга өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду киргизүүдө;
- типтүү жана башка операцияларга макулдук/тастыктоону алууда (жеке маалыматтарды топтоо, иштеп чыгууга (жөнөтүүгө) карт чыгарууга өтүнүч катка, паролду, кодду, лимиттерди жана башкаларды белгилөөгө/алмаштырууга ж.б.);
- банктык, төлөм жана башка операцияларды/транзакцияларды ишке ашырууга, бүтүмдөргө келишүүгө жана/же төлөмдөрдү өткөрүүгө, эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө, электрондук төлөм документин тариздетүүдө;
- келишимдерге, банктык эсептерди, депозиттерди (аманаттарды) жана башка эсептерди ачууга билдирмелерге кол коюуда;
- келишимдерге, кредит, белгиленген лимиттерге ылайык овердрафт алууга билдирмелерге кол коюуда;
- Кардардын аты-жөнүн жана жеке идентификациялык номерин эске албаганда, башка тастыктоочу маалыматтарды жаңылоодо. Ал эми жаңылоо аларды верификациялоого мүмкүнчүлүк болгон шартта гана ишке ашырылат;
- Банктык кызмат көрсөтүүлөр, продукттар, тарифтер, ченемдик актылар/документтер, аларга киргизилген өзгөртүүлөр, толуктоолор, жаңылоолор, жаңы мүмкүнчүлүктөр менен таанышууда, аларга макулдук берүүдө жана/же тастыктоодо;
- ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана Банктын расмий интернет сайтында, маалымат такталарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системаларында каралган же болбосо Банк менен Кардар ортосунда түзүлгөн өзүнчө бир келишимдерде, макулдашууларда, оферттерде (кат жүзүндө жана/же электрондук формадагы) бул тууралуу белгиленген учурларда, ушул келишимге кол койгонго чейин сыяктуу эле, андан кийин да келип чыккан башка учурларда.

**15.5.** Кардар ушул келишимди акцептөө менен мобилдик тиркемеге, аралыктан банктык тейлөө

системасына кирүү жана анда операцияларды/транзакцияларды ишке ашыруу, бүтүмдөргө келишүү жана башка аракеттерди көрүү үчүн паролду, коддорду, ПИН-коддорду жана/же ушундай эле башка идентификаторлорду колдонуусу анын өзү кол коюу, электрондук кол тамга коюу аркылуу тастыктоосу экендигине макул болот, анын таанып жана күбөлөндүрөт.

**15.6.** Кардар электрондук кол тамганы аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын өзү гана колдонууга милдеттүү жана үчүнчү жактарга берүүсүнө жол берилбейт, ошондой эле ал ошол каражаттардын талаптагыдай колдонулбагандыгы/сакталбагандыгы үчүн да жоопкерчиликтүү болуп саналат.

**15.7.** Кардардын электрондук кол тамганы, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен ишке ашырган бардык бүтүмдөрү, операциялары/транзакциялары, төлөмдөрү, эсептешүүлөрү Банкка карата да туура, мыйзамдуу жана аткарууга жетиштүү далил катары юридикалык күчкө ээ экендигине макул болот.

**15.8.** Кардардын электрондук кол тамганы, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын колдонуусу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, кагазга чыгарылган түрдөгү, өзү кол койгондой эле юридикалык натыйжаларга алып келет.

**15.9.** Кардардын аралыктан банктык тейлөө системасында операцияларды/транзакцияларды жүргүзүүгө, төлөмдөрдү өткөрүүгө, эсептешүүлөр, бүтүмдөргө келишүүгө берген буйруусу анын электрондук кол тамгасы, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары менен тастыкталган электрондук төлөм документи түрүндө электрондук ыкмада жөнөтүлөт.

**15.10.** Мобилдик тиркемеде же аралыктан банктык тейлөө системаларына аутентификациялоо/идентификациялоо (электрондук кол тамганы) каражаттарын колдонуу аркылуу кирүү менен операцияларды/транзакцияларды жүргүзүү, төлөмдөрдү (төлөм тапшырмаларын) ишке ашыруу, бүтүмдөргө келишүү, өтүнүч каттарды жана башка аракеттерди көрүүгө буйруу, Кардар тарабынан операцияларды (анын ичинде кол коюу/түзүү, макулдукту билдирүү, таанышып чыгуу, тапшырма берүүгө жана башкаларды) ишке ашыруу чечимин тастыктоо катары эсептелет, Кардардан алынган, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык тариздетилген кагаз жүзүндөгү буйруудай эле каралат.

**15.11.** Эгерде аралыктан банктык тейлөө системасына кирүү учурунда паролдор, коддор же болбосо аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары катары менен 3 (үч) ирет туура эмес киргизилген болсо, кызмат көрсөтүүлөрдү аралыктан банктык тейлөө системалары аркылуу сунуш кылуунун коопсуздугу үчүн Банк Кардардын аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүүсүнө бөгөт коюуга укуктуу.

**15.12.** Кардардын анкетасында белгиленген аты-жөнү, ошондой эле Кадар аралыктан банктык тейлөө системасына киргизген мобилдик телефон номери, паролдор жана/же коддор, аутентификациялоо/идентификациялоонун башка каражаттары ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимине же электрондук документке жеке кол койгон Кардар өзү экендигин белгилеген маалымат болуп саналат.

**15.13.** Бул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимине же электрондук кол тамга менен электрондук документке кол койгон жакты аныктоо/идентификациялоо, төмөнкү ыкмалардын биринде (же чогуу алганда) Кардардын ким экендигин аныктоо же салыштыруу жолу менен жүзөгө ашырылат:

- Кардарды идентификациялоо, каттоо учурунда анкетасында көрсөтүлгөн мобилдик телефон номери, мобилдик телефон номери алмашкан учурда, код жөнөтүлгөн мобилдик телефон номери менен, жана/же
- Банк тарабынан мобилдик телефон номерине/электрондук почата дарегине жөнөтүлгөн тастыктоо кодун терилген код менен, жана/же
- мобилдик тиркемеге алгачкы ирет киргенде терилген ПИН-кодду, паролду жана/же

кодду мобилдик тиркемеге кийин киргенде терген ПИН-код, пароль жана/же код менен, жана/же

- электрондук документке кол коюу учурунда Банк өз ыңгайына жараша белгилеген Кардарды аныктоо/идентификациялоонун жана/же аутентифкацтялоонун башка ыкмалары.

**15.14.** Жогоруда белгиленген ыкмалардын бири ал тарабынан операцияларды/транзакцияларды, төлөмдөрдү, эсептешүүлөрдү, банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн, продукттардан пайдаланууну ишке ашыруу, электрондук документке, электрондук билдирүүгө келишүү (кол коюу), акцепттөө, таанышуу, макулдугун берүү же башкача тастыктоо үчүн Кардарды идентификациялоо жана/же аутентификациялоого жетиштүү болуп саналат.

**15.15.** Операциялардын/транзакциялардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн Кардар ушул Бакнык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, Банктын ички ченемдик актыларынын, улуттук жана эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринин, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык, аралыктан банктык тейлөө боюнча системасына кирүү паролдорун, коддорун жана/же аутентификациялоо/идентификациялоонун башка каражаттарын мезгил-мезгили менен алмаштырып турууга милдеттенет.

**15.16.** Эгерде паролдор, коддор, ПИН-коддор жана аутентификациялоо жана/же идентификациялоонун башка каражаттары унутулуп, жоголуп же уурдалып кеткен болсо, же аларды пайдаланууга ыйгарым укуктуу болбогон үчүнчү жактарга белгилүү болуп калышы ыктымалдыгы келип чыкса, Кардар ал тууралуу Банктын Кардарларды колдоо кызматына телефон чалуу аркылуу же Бакнктын кеңсесинеп келүү менен дароо билдирүүгө, ошондой эле мобилдик тиркемеде, аралыктан банктык тейлөө системаларында (техникалык мүмкүнчүлүктөр жөнгө салынган шартта) паролду, ПИН-кодду жана башка кирүү/аутентификациялоо каражаттарына өз алдынча бөгөт коюуга, өзгөртүп/алмаштырууга милдеттүү. Банк, паролдун жоголгондугу же уурдалгандыгы тууралуу Кардардан билдирме алган учурда, пароль, код, же башка аутентифкиациялоо каражаттары алмаштырылганга, же болбосо Кардар Банкка аралыктан банктык тейлөө системасына бөгөт коюуну алып салуу тууралуу кат жүзүндө буйрутма бергенге чейин аралыктан банктык тейлөө системасына бөгөт коюуга укуктуу.

**15.17.** Кардар идентификатор маанилерин, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын, авторизациялоону туура киргизген кезде, Банк Кардарды ийгиликтүү аутентификациялоо/идентификациялоодон өткөргөн катары саналат.

**15.18.** Ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими тарабынан жөнгө салынбаган электрондук кол тамганы, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын/ыкмаларын пайдалануу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына, Банктын расмий сайтында, маалымат такталарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системаларында жайгаштырылган же болбосо Банк менен Кардар ортосунда ушул келишимге кол койгонго чейин сыяктуу эле, андан кийин да түзүлгөн өзүнчө бир келишимдерде, макулдашууларда, оферттерде (кат жүзүндө жана/же электрондук формадагы) жөнгө салынат.

**15.19.** Кардар ушул аркылуу электрондук кол тамганы (кодду, паролду, аутентификациялоо/идентификациялоо, авторизациялоо каражаттарын, биометрикалык идентификациялоону (бармак басым, Face ID ж.б.) жана/же Кардардын электрондук почта дареги жана/же башка реквизиттери боюнча SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн башка идентификаторлор жана/же мобилдик тиркемеде/тейлөө шарттарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системасынын башка функцияларында) колдонуу менен түзүлгөн/кол коюлган документ кагаз жүзүндөгү, ага Кардар өзү кол койгон документ (келишим/макулдашуу, оферта, милдеттенме жана башка бүтүмдөр) катары эсептелинери ага маалымдалгандыгын, аларга макулдугун,

тааный тургандыгын жана толук түшүнүп, аларды тастыктай тургандыгын билдирет. Мында, бир электрондук кол тамга менен бүтүндөй электрондук документтер топтомуна, башкача айтканда, Кардар кол койгон, электрондук документте түздөн-түз көрсөтүлгөн бир нече электрондук документке (электрондук формадагы маалыматка) кол коюлат.

## 16. СООДА ЭКВАЙРИНГИ

**16.1 POS-терминалдарды орнотуу/ага туташуу тартиби:**

**16.1.1** Банк, аныкталган формадагы Өтүнүч кат-анкетанын негизинде POS-терминалды орнотот/ага туташтырат. POS-терминал эсептешүү эсебиндеги акча каражаттарын иштеп чыгуу жана чегерүү, товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу, төлөм тиркемелерин/тейлөө шарттарын колдонуу менен Банктын POS-терминалы, ошондой эле Банк жана башка банк эмитенттер тарабынан чыгарылган төлөм карттары аркылуу, ушул келишимде каралган тартипте нак эмес төлөмдөрдү кабыл жүзөгө ашыруусу үчүн Кардарларга сунушталат.

**16.1.2** Банк ушул келишимдин 16.1.1-пунктунда каралган кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн Ишканага менчик менчик укугунда таандык болгон жана/же Ишкана тарабынан Банкка же башка менчик ээлерине пайдаланууга берилген POS-терминалды (анын ичинде ККМ функциясы QR-код, башка функциялар чечимдери менен) Банктын тиешелүү маалымат, каттоо жана башка системаларында, ошондой эле зарылчылык келип чыккан шартта "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКта, Фискалдык маалымат операторунда, Өз ара иш алып баруу операторунда жана/же Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына, төлөм системаларынын эрежелерине, Банктын ички актыларына ылайык каттоодон өткөрөт, ага туташтырат.

**16.2 Өз ара эсептешүүлөр тартиби**

**16.2.1** Кардар менен Төлөөчү ортосунда Төлөөчүнүн төлөм картынын жардамы, ошондой эле төлөм тиркемелерин/тейлөө шарттарын (анын ичинде QR-код боюнча, аралыктан банктык тейлөө кызматтарыныи башка шаймандарын) колдонуу менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөм суммасы, процессинг борборунан клиринг файлы өз учурунда келип түшүү шартында, POS-терминалда операциялык күн жабылгандан кийинки банк күнү Кардардын Банкта улуттук валютада ачылган эсептешүү эсебине чегерилет.

**16.2.2** Тараптар төлөм валютасы катары улуттук валюта – кыргыз сому (KGS) санала тургандыгын таанышат.

**16.2.3** Банктын төлөм карттары же төлөм тиркемеси/тейлөө шарттары аркылуу QR-кодду , аралыктан банктык тейлөө кызмат көрсөтүүлөрүнүн башка шаймандарын колдонуу менен ишке ашырылуучу комиссиялык сый акы өлчөмү Банктын расмий сайтында жайгаштырылат. Комиссиялык сый акыда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган бардык салыктар, жыйымдар жана башка төлөмдөр камтылат

**16.3 Операцияларды жүзөгө ашыруунун жана аларды тариздетүүнүн жалпы шарттары**

**16.3.1** Ар бир операция төлөм карт ээсинин ПИН-кодун (4 мааниден турган, карт ээсине гана белгилүү болгон) терүү аркылуу ишке ашырылат. Эгерде Банк жана/же башка банктар тарабынан чыгарылган карттар боюнча ПИН-кодду көрсөтүү талап кылынбаса, анда Кардар чектин эки нускасын кагазга чыгарып алып, карт ээсинен чек нускасына кол коюуну талап кылып, төлөм карт ээсин идентификациялоо үчүн инсандыкты тастыктаган документтердин көрсөтүлүшүн жана төмөнкү эки документте тең кол тамганынын бирдейлигин салыштырып текшерүүнү Кардардан өтүнүү:

– карттын арткы бетинде (Карт ээсинин кол тамгасы милдеттүү түрдө көрсөтүлүүгө тийиш);

– кагазга чыгарылган соода чегинде, анда да төлөм карт ээси кол коюуга тийиш;

Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн документтерде кол тамгалар дал келбесе, анда Кардар операция жүргүзүүдөн баш тартууга тийиш.

**16.3.2.** Операцияларды жүргүзүү төлөм карт ээсинин инсандыгын тастыктаган документтин көрсөтүлүшүн талап кылса, операция ошол документ көрсөтүлгөн шартта жана карт бетине, Картка түшүрүлгөн жана инсандыкты тастыктаган документтердеги маалыматтар бири-бирине дал келген шартта гана өткөрүлүшү мүмкүн.

**16.3.3.** Ар бир операция андан ары POS-терминалдан фискалдык жана/же соода чегин кагазга чыгарып алуу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Фискалдык чек Кардар үчүн/соода чеги эки нускада (биринчиси – Кардар үчүн, экинчиси – Карт ээси үчүн) кагазга чыгарылат. Айрым учурларда Банктын алгачкы эле талабы боюнча Кардар өз чегин Банктан талап келип түшкөндөн кийинки 2 (эки) жумуш күнү ичинде Банкка сунуштоого милдеттүү.

**16.3.4.** Суммасы улуттук валютадагы 100 (жүз) эсептик көрсөткүч өлчөмүнөн ашкан операцияларды жүргүзүү учурунда же ал операция Банк тарабынан Кадарга берилген/жөнөтүлгөн нускоодо чагылдырылган "шектүү" операция белгисин камтыса, Кардардын ыйгарым укуктуу адамы/өкүлү Карт ээсинен анын инсандыгын тастыктаган документти талап кылып, инсандыкты тастыктаган документте көрсөтүлгөн маалыматтар менен Карт ээси төлөөгө сунуштаган карт боюнча идентификациялык маалыматтарды салыштырып текшерүүгө тийиш, инсандыкты тастыктаган документтердеги маалыматтар менен карттагы тастыктоочу маалыматтар дал келген шартта, Кардардын кызматкери инсандыкты тастыктаган документтеги маалыматтарды (паспорт номерин, аны берген органдын аталышын жана берилген күнүн) Кардардын чегинде көрсөтүүгө тийиш.

**16.3.5.** Эгерде инсандыкты тастыктаган документтерди маалыматтар картта көрсөтүлгөн маалыматтарга дал келбей калса же Карт ээси салыштырып текшерүү үчүн инсандыкты тастыктаган документтерди бербеген болсо, Кардардын кызматкери операцияны ишке ашыруудан баш тартууга тийиш.

**16.3.6.** Операцияларды ишке ашыруу жана аларды тариздетүү боюнча жогоруда көрсөтүлгөн шарттар Карт ээси, Төлөөчү тарабынан ПИН-кодду колдонуусуз төлөмдөрдү кабыл алуу жана/же төлөм карт эмитентинин, төлөм системаларынын эрежелеринде жана жол-жоболорунда, төлөм тиркемелеринде/тейлөө шарттарында белгиленген лимиттер чегинде контактсыз төлөмдөргө карата колдонулбайт. Мындай транзакциялар үчүн жоопкерчилик төлөм карт эмитентине, карт ээлерине, Төлөөчүгө, төлөм тиркемеси/тейлөө шарты ээсине жүктөлөт.

**16.3.7.** Өзгөчө шарттар: Соода эквайринги боюнча Банк тарабынан Кардарга өткөрүлүп берилген жана/же Кардар тарабынан өз алдынча алынган бардык эрежелер, колдонмолор, нускоолор жана башка маалыматтар ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**16.4 <u>Банк төмөнкүлөргө укуктуу</u>:**

**16.4.1** Кардардын жана анын персоналынын ушул келишим жоболорун, Банк тарабынан Ишканага жөнөтүлгөн/берилген нускоолордун так сакталышын текшерүү.

**16.4.2** Кардардын ага кошумча макулдугун алуусуз эле анын Банктагы эсептешүү эсебинен ушул келишим боюнча Кардарга сунушталган кызмат көрсөтүүлөр үчүн комиссиялык сый акыны (комиссиялык төлөмдү) эсептеп кармап калууга (акцептсиз тартипте).

**16.4.3** Кардар ушул келишим шарттарын бузууга жол берген учурда жана келишимде каралган жоопкерчилик келип чыккан шартта, ошондой эле келишимде жана Банк тарабынан Кардарга жөнөтүлгөн нускоолордо каралган операцияларды ишке ашыруу тартибинин так сакталбашы/талаптагыдай сакталбашы кесепетинен Банк жана/же төлөм карт ээси/Төлөөчү чыгымга кириптер болгон шартта Кардардын банк алдындагы карыз өлчөмүндө анын Банктагы эсептешүү эсебинен тиешелүү карыз суммасын, анын ичинде ушул келишим шарттарында каралган төлөмдөр, туумдар жана/же айыптык төлөм суммасын жана/же Банк тарабынан Кардарга өткөрүлүп берилген, бирок

жоголуп кеткен же жараксыз абалда калган жабдуунун наркынын суммасын жана/же Банкка, Карт ээсине/Төлөөчүгө келтирилген чыгым суммасын акцептсиз тартипте эсептеп кармап калууга. Ошондой эле Кардардын эсептешүү эсебинде акча каражаты жетишсиз болуп калган шартта, тиешелүү сумманы Кардардын Банктагы кайсыл болбосун башка эсебинен, кандай болбосун валютада (Банк тарабынан операция ишке ашырылган күнгө карата белгиленген коммерциялык сатып алуу курсу боюнча чет өлкө валютасын сомго которуу аркылуу) Кардардын ага кошумча макулдугун алуусуз эле (акцептсиз тартипте) эсептеп кармап калууга.

**16.4.4** Жаңылыш чегерилген суммаларды да Кардардын ага кошумча макулдугун алуусуз эле (акцептсиз тартипте) анын эсептешүү эсебинен кармап калууга.

**16.4.5** Кардар ушул келишим шарттарын аткарбай койгон же талаптагыдай аткарбаган, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынан талаптары сакталбаган учурда POS-терминалдын, башка жабдуунун иш алып баруусун токтото турууга, Төлөм карт ээси/Төлөөчү аларга каршы пикирин билдирген операциялар суммасына, ошондой эле текшерүүлөрдүн жүргүзүүсү натыйжасында шектүү катары таанылган операциялар суммасына Кардардын эсептешүү эсебинде бөгөт коюуга.

**16.4.6** Кардарга өткөрүлүп берилген POS-терминалды анын соода аянтында, Кардардын кассири отурган жерге жакын орнотуп берүүгө.

**16.5 <u>Банк төмөнкүлөргө милдеттүү</u>**:

**16.5.1** Кардардын кат жүзүндөгү өтүнүчү боюнча ага POS-терминалды (терминалдарды) эки тараптын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол койгон кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча Кардарга акысыз негизде пайдаланууга (ижарага берүүгө).

**16.5.2** Кардардын POS-терминалын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте, ушул келишим шарттарына ылайык, белгиленген тартипте каттоодон өткөртүүгө.

**16.5.3** Зарылчылыкка жараша Кардарды жарнама материалдары (стикерлер) менен камыз кылууга. Кардарга Эсептешүү эсебин ачуу жана жүргүзүү келишиминде каралган тартипте POS-терминал аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөр боюнча маалыматты камтыган, эсептешүү эсебинен көчүрмөнү берүүгө.

**16.5.4** Кардардын персоналын POS-терминал аркылуу операцияларды жүргүзүү жана тариздетүү тартиби боюнча акысыз окутуудан өткөрүү жана жумуш ордунда аларды үйрөтүү.

**16.5.5** Кардарга POS-терминал менен иш алып баруу жагында нускоону электрондук түрдө жөнгө салынган байланыш каналдары аркылуу жөнөтүүгө.

**16.5.6** Кардар тарабынан ушул келишимlt каралган тартипте POS-терминал аркылуу жүргүзүлгөн операцияларды тейлөөгө алууга, Кардар менен Төлөм карт ээсинин/Төлөөчүнүн ортосунда ишке ашырылган операциялар боюнча суммаларды келишимде каралган шарттарды эске алуу менен Кардардын Банкта ачылган эсептешүү эсебине чегерүүгө.

**16.5.7** Кардардын кызматкерлерине +996 (312) 66-43-25; +996 (312) 66-50-83 телефон номерлери боюнча күнү-түнү/24 саат бою консультациялык кеп-кеңештерди берүү.

**16.6 <u>Кардар төмөнкүлөргө укуктуу</u>**:

**16.6.1** Банктагы эсептешүү эсебинен POS-терминал аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөр боюнча маалыматты камтыган көчүрмөнү алууга.

**16.6.2** Ушул келишимде каралган шарттарды эске алуу менен ишкананын Банкта ачылган эсептешүү эсебине чегерүү аркылуу ишке ашырлган операциялар товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу) боюнча акча каражатын алууга.

**16.6.3** Төлөм карт ээсине/Төлөөчүгө баш тартууга ушул келишимде, тиркемелерде жана Банк сунуштаган нускоолордо каралган учурларда операцияларды ишке ашыруудан баш тартууга.

**16.6.4** Эскилиги жетишинен улам иштен чыккан POS-терминалды, ошондой эле, бузулуп калышына байланыштуу аны ремонттон өткөрүү себебинен Банкка таандык POS-терминалдын алмаштырылышын талап кылууга.

**16.7** **Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**16.7.1** Банкка таандык болгон POS-терминалды (терминалдарды) эки тараптын өкүлдөрү кол койгон кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча акысыз пайдаланууга.

**16.7.2** Банкка таандык POS-терминалды Кардардын кассасына жакын жерде орнотуу жана бүтүндөй жумуш убактысы аралыгында төлөм карт ээлерин тейлөө ишин жөнгө салуу үчүн орун-жайды акысыз сунуштоого.

**16.7.3** Банктын мүлкүнө аяр мамиле жасап, ага тиешелүү POS-терминалдын талаптагыдай сакталышын жана Банк тарабынан белгиленген талаптарга ылайык колдонулушун камсыз кылууга.

**16.7.4** Кардарга жумуш убактысы аралыгында Банкка таандык POS-терминалдарды техникалык тейлөөгө алуу жана технологиялык чараларды көрүү үчүн банк кызматкерлерине тоскоолдуксуз мүмкүнчүлүктү камсыз кылууга.

**16.7.5** Ушул келишимдин жоболорун так сактап, ошондой эле анын тиркемелеринде, Банктын эрежелеринде жана нускоолорунда камтылган талаптарды/шарттарды аткарууга, анын ичинде POS-терминалды колдонууда, картты кабыл алууда коопсуздук эрежелерин, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык төлөм каражаты катары төлөм терминалдары/тейлөө шарттары аркылуу QR-код боюнча операцияларды жүргүзүүдө (төлөм карт ээсине авторизациялоо, идентификациялоо/аутентификациялоо, QR-код боюнча төлөмдөрдү, төлөм тиркемелерин, тейлөө шарттарын, лимиттерди жана башка талаптарды) тиешелүү система тарабынан четке кагылган операциялар боюнча суммаларды кайтарып берүү тартибин, карттар, QR-код, төлөм инструменттери, тейлөө шарттары боюнча сатылып алынган товарлар наркын толуктап берүү жол-жобосун, уурдалып кеткен/жоголгон карт аркылуу ишке ашырылган операцияларды аныктоодо же санкциясыз транзакцияларды жүргүзүүдө өз ара иш алып баруу тартибин, ошондой эле POS-терминалдарды Кардардын пайдалануусуна өткөрүп берилген менчик ээлери тарабынан белгиленген, аларды пайдалануу боюнча нускамалардын, эрежелердин жана шарттардын так аткарылышын камсыз кылууга.

**16.7.6** Кардардын кызматкерлери/өкүлдөрү Банк тарабынан берилген нускоолордо көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүүдө өз милдеттенмелерин талаптагыдай/сапатсыз аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алып, анын кесепетинен Банкка жана/же Төлөм карт ээсине/Төлөөчүгө келтирилген чыгымдын ордун толуктап берүүгө.

**16.7.7** Төлөм картын төлөөгө кабыл алып, төлөм тиркемелери/тейлөө шарттары аркылуу ушул келишимге жана Банк тарабынан берилген нускоолорго ылайык операцияларды жүргүзүүгө. Төлөм карт ээси же Төлөөчү тарабынан төлөм тиркемелери/тейлөө шарттары аркылуу (анын ичинде QR-код боюнча) колдонуудагы карттарды төлөөгө кабыл алуудан негизсиз баш тартуу жагдайына жол бербөөгө.

**16.7.8** Эгерде тиешелүү операция POS-терминалда операциялык күн жыйынтыкталганга чейин ишке ашырылган болсо, POS-терминал аркылуу ошол операция суммасына же анын бөлүгүнө кайтарым операцияларды ишке ашырууга.

**16.7.9** Кардардын ыйгарым укуктуу адамынын кол тамгасы коюлган, кайтарым операция суммасын Кардар эсебинен алып, аны Төлөм карт ээсинин/Төлөөчүнүн эсебине чегерүү үчүн операция суммасына же анын бөлүгүнө кайтарып операциясын жүргүзүү өтүнүч катын Банкка сунуштоого. Кайтарым операция Банктын операциялык күнү жыйынтыкталгандан кийин, бирок операция ишке ашырылгандан кийинки 90 календардык күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлүүгө тийиш.

**16.7.10** Товарлар (кызмат көрсөтүүлөр) үчүн төлөөгө төлөм картын кабыл алуу, ошондой эле накталай эсептешүү аркылуу сатылган товарларга (кызмат көрсөтүүлөргө) караганда

кандайдыр бир үстөк акысыз (комиссиялык төлөмсүз) QR-код боюнча төлөөлөрдү жүргүзүүгө.

**16.7.11** Мындай операцияларды жүргүзүүгө Банктын тиешелүү окутуудан өткөн, нускоолор менен таанышып чыккандыгы тууралуу баракчага кол койгон Кардардын кызматкерлерине/өкүлдөрүнө мүмкүнчүлүк берүүгө.

**16.7.12** Эсептешүү эсебин ачууга өтүнүч катта көрсөтүлгөн иш багыты өзгөргөн шартта, 10 (он) күндөн ашпаган убакыт ичинде ал тууралуу Банкка маалымдоого.

**16.7.13** Банк тарабынан сунушталган POS-терминалды, чыгаша жана жарнама-маалыматтык материалдарды, нускамаларды үчүнчү жактын пайдалануусуна өткөрүп бербөөгө.

**16.7.14** Ушул келишимде көрсөтүлгөн сыйакы өлчөмүн, ошондой эле Төлөм карт ээлеринин/Төлөөчүлөрдүн операциялары боюнча маалыматтарды, Банктын кат жүзүндөгү алдын-ала берген уруксатысыз ачыкка чыгарбоого.

**16.7.15** Операцияны ишке ашырууда ага маалым болуп калган, купуялуулукту камтыган маалыматтарды ачыкка чыгарбоого, ошондой эле мындай маалыматтардын өз кардарлары/өкүлдөрү тарабынане ачыкка чыгарылышына жол бербөөгө.

**16.7.16** Ушул келишимде же Банктын  талабында каралган тартипте жана мөөнөттөрдө чектердин жана/же башка тастыктоочу документтердин нускаларын Банкка сунуштоого.

**16.7.17** Карттар/QR-код боюнча ишке ашырылган операцияларга байланыштуу башка маалыматтардын, чек нускаларынын коопсуз жайда, купуялуулук так сакталган шарттарда 5 (беш) жыл аралыгында сакталышын камсыз кылууга жана Банктын кат жүзүндөгү же оозеки талабы боюнча гана аларды 2 (эки) күн ичинде Банкка сунуштоого.

**16.7.18** Кардардын эсептешүү эсебине чегерилген каражаттар боюнча көчүрмөнү мезгил-мезгили менен, бирок айына кеминде бир жолу алып турууга. Эгерде чегерилген каражат суммасы чек боюнча суммага дал келбей калган шартта Кардар ал тууралуу Банкка дароо билдирүүгө жана көчүрмө алгандан кийинки 10 (он) календардык күндөн кечиктирбестен бухгалтердик салыштырып тактоо үчүн чекти ага көрсөтүүгө.

**16.7.19** Банк тарабынан Кардарга сунушталган POS-терминал бузулуп калган/иштен чыккан учурда ал тууралуу дароо Банкка маалымдоого жана техникалык экспертизанын жана/же ремонт иштеринин жүргүзүлүшүн талап кылууга.

**16.7.20** Товарларды (иштерди/кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып өткөрүү жайларында Банктын логотиби жана/же карттары/QR-коду чагылдырылган жарнамаларды жайгаштыруу боюнча Банктын бардык сунуш-көрсөтмөлөрүн так аткарууга.

**16.7.21** Бул келишим токтотулган шартта POS-терминалды кабыл алуу-өткөрүп берүү боюнча кол коюлган актка ылайык оң абалында Банкка кайтарыпа берүүгө.

**16.7.22** Ишкананын POS-терминалын, ошондой эле Банктан жана/же башка менчик ээлеринен пайдаланууга алынган POS-терминалды соода аянтында, Кардардын кассиринин жумуш ордунун жанында же Банкка алдын-ала билдирип же макулдашкандан кийин, Кардар көрсөткөн башка жайларда орнотуп берүүгө.

**16.7.23** Кардарга менчик укугунда таандык болгон жана/же ага башка менчик ээлери тарабынан сунушталган, иштеп жаткан POS-терминал иштен чыккан жана/же бузулуп калган шартта, ал тууралуу Банкка өз учурунда маалымдап, ошондой эле өз эсебинен жана өз күч-аракети менен аларды ремонттоого.

**16.7.24** Соода эквайринги боюнча шарттарды алгылыктуу аткаруу максатында Кардар аларды Банктын https://www.ab.kg дарегинде расмий сайтынан же ушул Ачык офертадагы/Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминдеги шилтемеге өтүү аркылуу өз алдынча көчүрүп алуу же Банктан суратып алуу жолу зарыл болгон эрежелерди, колдонмолорду, нускоолорду жана башка маалыматтарды өзү алууга милдеттенме алат.

**16.7.25** Ушул Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминде, Банк тарабынан Кардарга көрсөтүлүүчү эрежелерде/нускоолордо, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук

ченемдик-укуктук актыларында камтылган башка милдеттерди/талаптарды аткарууга.

## 17. ИНТЕРНЕТ-БАНКИНГ

**17.1** Банк Кардарга “Интернет-Банкинг” системасында банктык кызмат көрсөтүүнү – аралыктан тейлөө кызматын сунуштайт. Кардар ушул келишимде жана Эсептешүү эсебин ачуу жана жүргүзүү келишиминде каралган шарттарда операция ишке ашырылган учурга карата колдонулуп жаткан тарифтерге ылайык сунушталган кызмат көрсөтүүлөр үчүн Банкка төлөп берет.

**17.2 "Интернет-Банкинг"системасында тейлөөнү сунуштоо шарттары**

**17.1.1.** "Интернет-Банкинг" системасында тейлөө Кардардын тапшыруусу боюнча интернет түйүнү аркылуу аралыктан сунушталат.

**17.1.2.** Кардардын «Интернет-Банкинг» системасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү анын жеке өзүнүн кол тамга коюусу укугу менен: Кардарга системага кирүү логинин жана паролун берүү төмөнкүдөй 2 варианттын бири аркылуу жүзөгө ашырылат:

- операциялык кызматкерге кагазга чыгарылып, конвертке салынып чапталган түрүндө берүү;
- системанын администратору тарабынан кардардын почта дарегине архивацияланган түрдө логинди жана паролду жөнөтүү аркылуу, ал эми архивдин паролу Кардардын телефонуна смс-билдирүү аркылуу жөнөтүлөт.

**17.1.3.** Кардар ушул келишимди түзгөндөн жана аралыктан банктык тейлөө/мобилдик банкинг системасында Кардарды Интернет аркылуу тейлөөгө алууга туташтыруу/аны колдонуу үчүн зарыл болгон аракеттерди ишке ашыргандан кийин гана "Интернет-Банкинг" системасында тейленүүгө укукка ээ болот.

**17.1.4.** Тараптаптар, “Интернет Банкингке” туташуу коддору, логин, пароль/код жана/же башка аутентификациялоо/идентификациялоо, авторизациялоо каражаттары Кардардын электрондук санариптик кол тамгасы болуп санала тургандыгын жана ал Кардардын ыйгарым укуктуу жактарынын өздүк кол тамгасына барабар экендигин таанышат.

**17.1.5.** Тараптар "Интернет-Банкинг" системасы аркылуу төлөмдөрдү өткөрүп, эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык тариздетилген электрондук төлөм документтерин колдонушат.

**17.1.6.** Тараптар коддорду туура чагылдыруу менен "Интернет-Банкинг" системасында тариздетилген электрондук төлөм документтерин Кардар тарабынан даярдалган, андан Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык юридикалык жактан тариздетилген, кагазга чыгарылган түрдө алынган төлөм документтериндей эле карала тургандыгын таанышат.

**17.1.7.** Тараптар, Банк тарабынан мезгил-мезгили менен эсеп боюнча сунушталган көчүрмөлөр Кардардын өз эсептешүү эсеби боюнча, анын ичинде "Интернет-Банкинг" системасын колдонуу менен ишке ашырылган банктык операцияларын тастыктаган расмий документ болуп санала тургандыгын таанышат. Тараптар ошондой эле, "Интернет-Банкинг" системасы аркылуу өткөрүлгөн операциялар боюнча кандайдыр бир талаш маселелер келип чыккан шартта, эсеп боюнча жогоруда көрсөтүлгөн көчүрмө Кардардын тапшыруусуна ылайык, Банк тарабынан операциялар ишке ашырылгандыгы фактысын тастыктаган талашсыз далил болуп санала тургандыгына макул болушту.

**17.1.8.** Тараптар "Интернет-Банкинг" системасында иштөө учурунда бирдиктүү убакыт шкаласы катары электрондук документтерде көрсөтүлгөн Бишкек убактысын таанып тургандыгын билдиришет.

**17.1.9.** "Интернет-Банкинг" системасында банктык тейлөөнүн алкагында Банк Кардарга төмөнкүдөй кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштай алат:

- күнү-түнү (майрам жана дем алыш күндөрү да) Банкта ачылган бардык эсептерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн;

- "Интернет-Банкинг" системасында каралган банктык операцияларды операциялык жумуш күнү ичинде жүргүзүлүшүн;
- маалыматтарга көз салып, эсептердеги калдыктарды, ошондой эле эсептер боюнча акча каражаттарынын жылышына, ишке ашырылган банктык операцияларга көз салып туруу;
- үчүнчү жактардын Кыргызстандын башка коммерциялык банктарында ачылган эсептерине улуттук валютадагы төлөмдөрдү жүргүзүү;
- үчүнчү жактардын эсептерине чет өлкө валютасында акча каражатын которуу;
- банк күнү ичинде ошол операциялык күн алкагында улуттук жана чет өлкө валюталарында ички банктык төлөмдөрдү жүргүзүү;
- банк күнү ичинде Бишкек убактысы боюнча саат 8:30дан 17:00гө чейин операциялык күнү конверсиондук бүтүмдөргө келишүү;
- эсеп (эсептер) боюнча көчүрмөлөрдү, ошондой эле банктык коммерциялык курс жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик курсу боюнча маалыматтарды алуу;
- маалыматтык каттар/билдирүүлөр менен алмашуу (маалымат алуу каттары, кине коюулар, даттануулар, Банктан маалыматтарды, анын ичинде жарнамалык мүнөздөгү маалыматтар ж.б. менен);
- "Интернет-Банкинг" системасында Улуттук банктын клиринг же гросс эсептешүү системалары боюнча улуттук валютадагы акча каражаттарын которуу, эл аралык SWIFT системасы аркылуу чет өлкө валютасындагы каражаттарды которуу, банк ичиндеги которуулар жана тапшырманы аткаруу учуруна чейинки конверсиондук бүтүмдөргө тиешелүү төлөм тапшырмаларын жокко чыгаруу;
- Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул келишмиге, Банктын ички ченемдик документтерине/материалдарына, Банктын https://www.ab.kg расмий сайтында жайгаштырылган тарифтерине ылайык аралыктан банктык тейлөө алкагында сунушталган башка банктык, төлөм, жлектрондук (санарип) жана башка кызмат көрсөтүүлөрү/продукттары, операциялары/транзакциялары, сервистерин.

**17.1.10.** Банк, учур талабына ылайык иштелип чыккан заманбап программалык камсыздоолор жана техникалык каражаттардын жардамы аркылуу Кардардын маалыматтары жана активдери камтылган Банктын серверинин коргоого алынышын гарантиялайт. Ошондой болсо да, Кардар анын техникалык каражаттарынын интернет түйүнүнө туташтырылышына байланыштуу келип чыгышы ыктымал болгон бардык тобокелдиктерди өз мойнуна алып, техникалык каражаттарын, системага кирүү мүмкүнчүлүктөрүн өз алдынча коргоону камсыз кылып, санкциясыз кирүү ыктымалдыгы, паролдорду, коддорду чечмелеп алуу, алдамчылык, хакердик жана интернет түйүнүнөн вирустук чабуулдардан улам орун алган тобокелдиктерди өз алдынча четтетет.

**17.2. <u>Банк төмөнкүлөргө милдеттүү</u>**:

**17.2.1.** "Интернет-Банкинг" системасынын талаптагыдай ишин камсыз кылууга. Системаны пайдалануу учурунда техникалык проблемалар келип чыккан шартта, Банк белгиленген мөөнөттө аларды четтетүү жагында бардык күч-аракетин жумшоого тийиш. Бул учурда Кардар Банкка кандайдыр бир кине коюуга укугу жок, техникалык проблемалар четтетилип жаткан учурда жөнгө салынган ыкмаларда банк операциялары жүзөгө ашырылууга же болбосо документтерди банкка жөнөтүүнүн альтернативалуу башка ыкмасын колдонууга тийиш;

**17.2.2.** Кардар ушул келишимге кол койгондон кийин ага17.2.3-пунктка ылайык код ыйгарылат жана келишимдин 17.3.2 жана 17.3.3-пунктчаларына ылайык системага кирүү коддорун ага берүүнү камсыз кылууга;

**17.2.3.** Банктын веб-серверинен авторизацияланбаган негизде пайдалануу ыктымалдыгын

жокко чыгаруу максатында бардык мүмкүн болуучу ыкмалар менен байланыш каналынын купуялуулугун камсыз кылууга;

**17.2.4.** Кардарды ушул келишим шарттарына ылайык "Интернет-Банкинг" системасында тейлөөнү жүзөгө ашырып, Кардардын тапшырмасын ушул келишимде/мыйзам талаптарында каралган мөөнөттө аткарууга;

**17.2.5.** тиешелүү билдирмени (биринчи талабы боюнча) алгандан кийин Кардардын "Интернет-Банкинг" системасына кирүү мүмкүнчүлүгүн дароо токтотууга;

**17.2.6.** Кардарга "Интернет-Банкинг" системасынан колдонуу боюнча электрондук түрдө колдонмону берүүгө. Анда электрондук төлөм документтерин даярдоо, аларга кол коюу жана Банкка жөнөтүү тартиби аныкталат;

**17.2.7.** Системада электрондук төлөм докуменеттерин колдонуу менен Кардардын улуттук жана чет өлкө валютасындагы банктык эсептерин жүргүзүү маселеси боюнча адистерге кеп-кеңештерди берүүгө.

**17.3. <u>Банк төмөнкүлөргө укуктуу</u>**:

**17.3.1.** Төмөнкү учурларда Кардардын идентификациялык номерин дароо жокко чыгарып, "Интернет-Банкинг" системасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө тыюу салып же убактылуу токтотууга:

- ушул келишимде каралган учурларда жана тартипте Кардардын кат жүзүндөгү өтүнүчүнүн негизинде;
- Кардардын банктык эсептери жабылган шартта;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Кардардын банк эсептерине арест/бөгөт коюлганда;
- Кардар Банк тарабынан белгиленген минималдуу лимит суммасын так сактабаган болсо;
- Кардардын Банк алдындагы кайсыл бир карызынын орду жабылбай калган шартта;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана Банктык эсепти ачуу жана жүргүзүү келишиминде каралган башка учурларда.

**17.3.2.** Кардар Банктын тарифтери боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөлөрдү кечиктирген шартта, анын электрондук төлөм документтерин аткарууга кабыл албай коюуга.

**17.4. <u>Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү</u>**:

**17.4.1.** "Интернет-Банкинг" системасында тейленүүгө байланыштуу Банктын ага карата талаптарын аткарууга.

**17.4.2.** Банктын "Интернет-Банкинг" системасында тейлөө жагындагы кызмат көрсөтүүлөрүнө белгиленген тарифтерге ылайык төлөп берүүгө.

**17.4.3.** "Интернет-Банкинг" системасына кирүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн коддорду үчүнчү жактардан талаптагыдай сактоого.

**17.4.4.** Коопсуздук шарттарын сактоо максатында мезгил-мезгили менен (3 айда кеминде бир жолу) "Интернет-Банкинг" системасына кирүү паролун алмаштырып турууга.

**17.4.5.** Коддорду жоготуп алган (уурдатып жиберген) учурда телефон же электрондук почта аркылуу өзүнүн/анын ыйгарым укуктуу адамдарынын инсандыгын тастыктаган маалыматтарды билдирүү менен "Интернет-Банкинг" системасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюулушун оозеки талап кылып, Банкка дароо кайрылууга жана зарыл болгон учурларда Банктын талабы боюнча кийинчерээк ал талап кат жүзүндө тастыкталууга (ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы жана юридикалык жактар үчүн мөөр басылып күбөлөндүрүлгөн) тийиш.

**17.4.6.** Банкка кат жүзүндөгү тиешелүү билдирмени жөнөтүү аркылуу реквизиттеринин (анын ичинде электрондук почта дарегинин, телефон номерлеринин, уюштуруу документтеринин, ыйгарым укуктуу жактарынын) өзгөргөндүгү тууралуу 5 (беш) банк күнү ичинде Банкка маалымдоого.

**17.4.7.** "Интернет-Банкинг" системасы аркылуу ишке ашырылган бардык операциялар үчүн толук финансылык жоопкериликти өзүнө алууга.

**17.4.8.** “Интернет Банкинг” системасы боюнча шарттарды алгылыктуу аткаруу максатында

Кардар аларды Банктын https://www.ab.kg дарегинде расмий сайтынан же ушул Ачык офертадагы/Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминдеги шилтемеге өтүү аркылуу өз алдынча көчүрүп алуу же Банктан суратып алуу жолу зарыл болгон эрежелерди, колдонмолорду, нускоолорду жана башка маалыматтарды өзү алууга милдеттенме алат.

**17.4.9.** Сапаттуу интернет байланышынын жөнгө салынышын компьютердик жабдуунун оң абалда күтүлүшүн камсыз кылууга.

**17.5.** **<u>Кардар төмөнкүлөргө укуктуу</u>**:

**17.5.1.** "Интернет-Банкинг" системасынын кызмат көрсөтүүлөр топтомунан ушул келишимде каралган шарттарда пайдаланууга.

**17.5.2.** "Интернет-Банкинг" системасына кирүү паролун өз ыңгайына жараша алмаштырууга.

**17.5.3.** "Интернет-Банкинг" системасы аркылуу ишке ашырылган банктык операциялар боюнча төлөм тапшырмасынын аткарылышы тууралуу Банктан кагаз жүзүндө тастыктоону алууга.

## 18. БАНКТЫН ТАРИФТЕРИ

**18.1.** Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер, анын ичинде комиссиялык төлөм өлчөмдөрү жана түрлөрү, чендер, алмашуу курсу, сый акылар, пайыздар, лимиттер, төлөмдөр жана кызмат көрсөтүүлөр наркына төлөөлөр, ошондой эле айыптык төлөм (туум) өлчөмдөрүнө тиешелүү маалыматтар жана башка шарттар Банктын расмий интернет сайтында, маалымат такталарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системасында жарыяланып турат.

**18.2.** Ушул келишимдин алкагында банктык кызмат көрсөтүүлөрдү, продукттарды сунуштоодо Банк Кардар эсебинен комиссиялык төлөм өлчөмдөрдү, чендерди, алмашуу курсун, сый акыларды, пайыздарды, төлөмдөрдү, айыптык төлөмдөрдү жана/же колдонуудагы тарифтерге ылайык сунушталган башка кызмат көрсөтүүлөр наркын акцептсиз тартипте эсептеп кармап калат.

**18.3.** Кардар ушул аркылуу өзүнүн кайсыл болбосун банктык эсебинен сунушталган банктык кызмат көрсөтүүлөр, ушул келишимдин, Банк менен Кардар ортосунда түзүлгөн башка келишимдердин жана макулдашуулардын, банктык операция/транзакция ишке ашырылган кызмат көрсөтүүлөр, продукттар сунушталган учурга карата колдонулган тарифтерге ылайык Кардардын Банк алдындагы кандай болбосун карызынын ордун жабуу эсебинен акча каражаттарын биринчи кезекте акцептсиз тартипте эсептеп кармап калууга Банкка тапшырма берет (укук чегерет).

**18.4.** Кардар Банктын тарифтеринен тышкары, өз эсебинен жогоруда көрсөтүлгөндөргө кошумча бардык салыктарды, айыптык төлөмдөрдү башка милдеттүү жыйымдарды жана банктык кызмат көрсөтүүлөр, продукттардын сунушталышына байланыштуу башка төлөмдөрдү, ошондой эле айыптык санкцияларды, комиссиялык төлөмдөрдү жана банк-коореспонденттердин, субагенттердин, Банктын агенттенрининин, төлөм системаларынын жана банктык операциялардын/транзакциялардын ишке ашырылышына тартылган же ага байланыштуу болгондордун чыгашаларын төлөп берүүгө милдеттенет. Мында, төлөөлөр тарифтери төлөөлөр тартибинде эле ишке ашырылат.

**18.5.** Банк кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди, анын ичинде комиссиялык төлөмдөрдүн, чендердин өлчөмүн жана түрлөрүн, алмашуу курсун, сый акы, пайыздардын, лимиттердин/чектөөлөрдүн, кызмат көрсөтүүлөр наркын, айыптык төлөмдөрдү, санкцияларды жана башка шарттарды тиешелүү маалыматты Банктын расмий интернет сайтында, маалымат такталарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системасында, ушул келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдөн кечиктирбестен жайгаштыруу аркылуу Кардарга маалымдоо менен бир тараптуу негизде жаңылоого, өзгөртүүгө жана/же толуктоого укуктуу.

**18.6.** Кардардын колдонуудагы тарифтерге киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен өз учурунда жана өз алдынча тааныша албагандыгы же ага мүмкүнчүлүгүнүн болбогондугу операцияларды ишке ашыруу учуруна карата колдонулуп жаткан тарифтерге ылайык тиешелүү төлөмдөрдү төлөө милдеттенмесин аткарбай коюушу же талаптагыдай аткара албай калышы кесепетинен келип чыгышы мүмкүн болгон милдеттенмелерден Кардарды боштпойт.

## 19. ӨБӨЛГӨ ТҮЗҮҮЧҮ ШАРТТАР

**19.1.** Банк тарабынан уюштурулган өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чаралар (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар).

**19.1.1.** Банк өз ыңгайына жараша өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чараларды (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар) өткөрүүгө жана Кардарга тиешелүү сыйакыларды чегерүүгө укуктуу.

**19.1.2.** Өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чараларды (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар) өткөрүү шарттары, ошондой эле сыйакыларды чегерүү жана аларды пайдалануу тартиби Банк тарабынан аныкталат жана Банктын расмий булактары (интернет-сайт, мобилдик тиркеме, Банктын кеңселери жана социалдык түйүндөр) аркылуу Кардарга толугу менен тааныштырылат.

**19.1.3.** Өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чаралардын (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар) алкагында сыйакылар кошумча колдоо/мүмкүнчүлүк катары сунушталат жана иш-чарада каралган формада (акча каражаты, жеңилдиктер, кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөлөр жана башкалар) конвертациялоого чейин Банктын акчалай милдеттенмеси болуп саналбайт.

**19.1.4.** Чегерилген сыйакылар Кардар эсебинде же Банктын мобилдик тиркемелеринде ачылган атайы бонустук (виртуалдык) эсепте алардын эсебин жүргүзүү үчүн чагылддырылышы мүмкүн. Сыйакыны колдонуу Банк тарабынан белгиленген тартипте жана шарттарда жүргүзүлөт.

**19.1.5.** Чегерилген кешбэк Банк тарабынан Кардардын банктык эсебине же картына же болбосо анын атайы виртуалдык эсебине же мобилдик тиркемелеринде сыйакылардын эсебин жүргүзүү үчүн каралган башка эсепке Банк өзү аныктаган тартипте жана мөөнөттөрдө чегерилүүгө тийиш.

**19.1.6.** Кардар сыйакыны Банк тарабынан аныкталган мөөнөттөрдө жана шарттарда колдоно алат. Банк белгиленген мөөнөттүн акырында тиешелүү иш-чаралардын (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар) шарттарында башкасы каралбаган болсо, эч кандай компенсациясыз аларды жокко чыгарууга/токтотууга укуктуу.

**19.1.7.** Банк ушул офертанын 19.1.2-пунктчасында көрсөтүлгөн расмий булктар аркылуу Кардарга ал тууралуу маалымдоо менен өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чараларды (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар), ошондой эле сыйакыларды чегерүү жана алардын колдонуу тартибин бир тараптуу негизде өзгөртүүгө, убактылуу токтотууга же такыр эле токтотууга же болбосо мөөнөтүн узартууга укуктуу.

**19.1.8.** Банктын өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чараларына (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында түздөн-түз каралбаса, аффилирленген жана байланыштуу жактарды эске албаганда, айкын бир иш-чара үчүн белгиленген талаптарга/критерийлерге жооп берген Кардарлар - жеке ишкерлер (идентификациялоодон өткөн) катышууга укуктуу.

**19.1.9.** Өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чараларды (акциялар, бонустук программалар, кешбэктер жана башка сыйакылар) өткөрүү эрежелери, сыйакыларды чегерүү жана пайдалануу тартиби Банктын расмий интернет сайты, ошондой эле башка расмий балктары аркылуу Кардарга маалымдалат.

**19.1.10.** Кардардын Банктын өбөлгө түзүүчү/шыктандыруучу иш-чараларына катышуусу Кардардын/Кардарлардын фотосүрөттөрүн же видео жазууларын, аудиожазууну жана алар жөнүндө башка маалыматтарды жарнамалык, маркетингдик материалдарда жана башка коомдук максаттарда колдонууга Кардардын кат жүзүндөгү макулдугун (кол коюусун) билдирет.

## 20. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

**20.1.** Тараптар, ушул келишим шарттарын аткарбай койгондугу жана/же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн келишимде, Банктын тарифтеринде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринде (шарттарында) каралган учурларда жана/же аларда каралган негиздер боюнча жоопкерчилик тартат.

**20.2.** Банк ушул келишимде каралган учурларда, ошондой эле Кардарды Ачык офертанын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, Банктын тарифтеринин шарттары, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелери (шарттары), Банктын ачык жайгаштырылган актыларынын/документтеринин, аларга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен өз учурунда тааныштырбай калгандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**20.3.** Эгерде банктык операцияларды ишке ашыруу/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо кечиктирилип, аларга бөгөт коюулуп, кайтарылбай калышы, которулган акчанын/төлөмдүн кармалып калышы, акча каражаттарынын жоголуп кетиши жана банк-корреспонденттин, төлөм системасынын, башка үчүнчү жактардын күнөөсү боюнча келип чыккан башка жагдайлардан улам, же болбосо санкциялардын/чектөөлөрдүн киргизилишине, аресттин коюлушуна, лицензиянын кайтарылып алынышына, жогорку бийлик органдары тарабынан (анын ичинде чет мамлекеттер) чечимдин кабыл алынышынан, алдамчылыкка жол берүүдөн, ошондой эле Кардардын өзү, бенефициардык менчик ээси, төлөмдөр/которуулар боюнча толук маалыматты бербегендиги же болбсо төлөмдүн, алуучунун реквизиттерин жаңылыш/туура эмес көрсөтүшү же болбосо документтерди/тапшырмаларды тариздетүүдө маалыматтардын ката, бурмаланган түрдө так эмес берилиши, ошондой эле Кардардын күнөөсү боюнча башка бир жагдайлардын орун алышы, күтүүсүз жагдайлардын (форс-мажор) келип чыгышы, Кардар тарабынан ушул келишимдин шарттарынын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам жоболорунун жана/же Кардар жараны болгон өлкөнүн мыйзам талаптарынын аткарылбай калышы же талаптагыдай аткарылбай калышына байланыштуу келип чыккан кесепеттер үчүн Банк жооп бербей тургандыгына Кардар макулдугун билдирет.

**20.4.** Жогорудагы пунктта көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыккан шартта Кардар өз эсебинен (Банктын катышуусусуз эле), келип чыккан талаш маселелерди, сунушталган кызмат көрсөтүүлөр, аткарылган иштер, товардын сатып алуу-сатуу жана башка иш аракеттердин натыйжасында алардын эсебинен акча каражаттары келип түшкөн/түшпөй калган жеке адамдар же юридикалык жактар менен андан аркы өз ара эсептешүүлөрдү өз алдынча жөнгө салат.

**20.5.** Мобилдик жабдууну, мобилдик телефон номерин жоготуп алгандыгы/алмаштыргандыгы, аралыктан банктык тейлөө системасында электрондук почта дарегин, мобилдик номерин жаңысына алмаштыргандыгы/өзгөрткөндүгү жана билдирүүлөрдү, 3D-Secure коддор менен SMS-билдирүүлөрдү, паролдорду, тастыктоо коддорун жана/же башка идентификаторлорду, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын алуу үчүн ошол өзгөртүүлөр тууралуу Банкка өз учурунда билдирбегендигинен улам келип чыгуучу тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти Кардар өзүнө алат. Мында Кардар, жогоруда белгиленген жагдайлар, ошондой эле Кардар маалыматты алуусу үчүн көрсөткөн башка реквизиттердин өзгөрүүсү (почта, башка даректерди кошо алганда) же Банк тарабынан жөнөтүлгөн маалыматтардын аларды алууга ыйгарым укугу жок болгон жактарга түшүп калуусу учурунда, ошондой эле Кардар ушул келишимдин шарттарын сактабагандыгы үчүн Банкты бардык жоопкерчиликтен бошотот.

**20.6.** Банктын жоопкерчилиги эгерде ушул келишимдин, төлөм системасынын эрежесинин шарттарында башкасы карабласа, Банктын жол берген жаңылыш иш аракеттери/аракеттенбей коюусу үчүн Кардарга келтирилген айкын чыгым өлчөмү менен гана чектелет.

**20.7.** Кардар ушул келишимде каралган учурларда, тиешелүү каражаттардан, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарынан же үчүнчү жактардын карт боюнча, аралыктан банктык тейлөө системасында санкциясыз ишке ашырылган операциялары/транзакциялары, ошондой эле Кардардын ушул келишим шарттарын же анын жоболорун, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын бузууга жол бериши кесепетинен Банкка келтирилген чыгымдар жана чыгашалар үчүн Банк алдындагы бардык жоопкерчиликти жана тобокелдиктерди өзүнө алат.

**20.8.** Кардар жогоруда аталган кесепеттер менен таанышып чыккандыгын жана ушул Келишимдин жоболорун сактоо, анын ичинде картка, анын реквизиттерине, аралыктан банктык тейлөө системасына кирүү каражаттарын үчүнчү жактарга берүүгө тыюу салууну сактоо үчүн жеке жоопкерчилик тарта тургандыгы, аларды сактабагандык үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кылмыш жана башка жоопкерчиликке тартылышы мүмкүндүгү тууралуу кабардар болгондугун тастыктайт.

**20.9.** Банк, Кардардын аралыктан банктык тейлөө системасынан, мобилдик тиркемелерден/аны тейлөө шарттарынан, аралыктан тейлөөнүн башка инструменттерин пайдаланышына байланыштуу анын товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөр (анын ичинде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү) сунуштоочулар/алуучулар менен келишимдик жана башка мамилелери үчүн жоопкерчилик тартпайт, Банк ошондой эле программалык жана/же башка тейлөө каражаттарынын, маалымат системаларынын, анын ичинде мамлекеттик/муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү кабыл алган мамлекеттик порталдын убактылуу токтоп калышы, туура эмес иштөөсү, каталарга жана/же үзгүлтүктөргө жол бериши үчүн да жооп бербейт.

**20.10.** Банк мобилдик тиркеме аркылуу сунушталган кызмат көрсөтүүлөр/төйлөө шарттарында такталбаган, толук эмес, актуалдуу болбогон маалыматтардан улам Кардарга келтирилген кесепеттер үчүн да жоопкерчилик тартпайт.

**20.11.** Кардар жеке ишкер катары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык мобилдик тиркеме кызмат көрсөтүүсү аркылуу Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматында каттоодон өтүүдө сунушталган маалыматтардын, жеке маалыматтардын тактыгы жана толуктугу үчүн өз алдынча жооп берет.

**20.12.** Кардар Банк тарабынан Кадарга өткөрүлүп берилген POS-терминалды жана башка жабдууну жоготуп, бузуп алгандыгы, уурдатып жибергендиги үчүн баштапкы наркы боюнча жоопкречилик тартит. Мында, POS-терминалдын жана башка жабдуунун баштапкы наркы дегенден улам, аны кабыл алуу-өткөрүп берүү актысында белгиленген, Банк сатып алган бааны түшүнүү зарыл.

**20.13.** Банк үчүнчү жактарга таандык болгон POS-терминалдын иштебей жаткандыгы, ошондой эле Кардарга пайдаланууга POS-терминалды же башка жабдууну сунуштаган (ижарага берген) үчүнчү жактар менен Кардардын ортосундагы келишимдик/финансылык мамилелер үчүн да жоопкерчилик тартпайт

## 21. КУПУЯ МААЛЫМАТТАР

**21.1.** Тараптар ушул келишим колдонулган мезгил ичинде жана аны токтотккондон/жокко чыгаргандан кийин да (толугу менен же анын өзүнчө бөлүктөрү/шарттары), келишим талабын аткаруунун жүрүшүндө алынган, ар бир Тарап үчүн купуялуулукту камтыган маалыматтардын үчүнчү жакка маалым болуп калышына жана алардын пайдасы үчүн колдонулушуна жол бербөө, ошондой эле мындай маалыматтарды алууга ыйгарым укугу жок жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, улуттук жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринде каралган учурларды эске албаганда, мындай маалыматтарды алууга тийиш болбогон үчүнчү

жактарга аларды тике же кыйыр түрдө жөнөтүүлүшү, алардын маалыматтарды алышына жол бербөөгө, маалыматтарды жарыялабоо же кайсыл бир башка ыкмаларды колдонуу менен алардан пайдаланбоо милдеттенмесин өзүнө алат.

**21.2.** Үчүнчү жактарга купуя маалыматтардын берилишине, жарыяланышына же ачыкка чыгарылышына башка тараптын макулдугу менен Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, Тараптар ортосунда түзүлгөн башка келишимдер жана макулдашууларда каралган учурларда гана жол берилет.

## 22. КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ШИЛТЕМЕЛЕР

**22.1.** Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарууда Тараптардын бири да, алардын аффилирленген жактары, кызматкерлери, ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кандайдыр бир укукка жатпаган артыкчылыктарга же укукка жатпаган максаттарга жетүү үчүн кайсыл болбосун жактарга таасир этүүсү же чечим кабыл алууга же көмөктөшүүсү үчүн тике же кыйыр түрүндө кандайдыр бир акча каражаттарын же баалуулуктарды төлөп берүүгө же алууга багытталган аракеттерди ишке ашырбоого милдеттенишет. Ошондой эле Тараптар кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагындагы колдонулган мыйзам талаптарын бузууга алып келген аракеттерди көрбөөгө жана келишим тараптарынын ортосунда сыяктуу эле, үчүнчү жактар жана мамлекеттик жана башка органдарга карата коррупциялык укук бузууларга жол бербөөгө милдеттенишет. Тараптар ошондой эле ушул талапты өзүнүн аффилирленген (байланыштуу) жактарына, кызматкерлерине, контрагенттерине жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жеткирүүгө милдеттенишет. Эгерде ушул пункттун кайсыл бир жоболорун бузууга жол берилген же бузулушу ыктымал деген шектенүүлөр Тараптардын биринде келип чыкса, ал тууралуу кат жүзүндө башка Тарапка маалымдоого милдеттенет.

## 23. КЕЛИШИМДИ КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ, АГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ/ЖОККО ЧЫГАРУУ

**23.1.** Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими ушул Ачык оферта шарттарына ылайык Кардар менен түзүлгөн (кол коюлган, акцептелген) учурдан тартып күчүнө кирет жана ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негиздер боюнча, анда белгиленген тартипте жокко чыгарылган/токтотулган (толугу менен же анын өзүнчө бөлүктөрү/шарттары) учурга чейин колдонулат.

**23.2.** Кардар ушул келишимди акцептөө менен Банк, өзүнүн https://www.ab.kg дареги боюнча расмий интернет сайтында, маалымат такталарында жана/же аралыктан банктык тейлөө системасында тиешелүү өзгүртүүлөр күчүнө киргенге чейинки кеминде 10 (он) жумуш күнү мурда тиешелүү документтердин жаңы редакцияларын жана/же аларга сунушталган өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду/жаңылоолорду жарыялоо аркылуу ушул Ачык офертанын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, аралыктан банктык тейлөө системасынан шарттарына, Банктын тарифтерине жана башка актыларынын/документтеринин шарттарына кайсыл болбосун убакытта, өз ыңгайына жараша жана демилгеси боюнча бир тараптуу негизде аларга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу экендигине макул болот.

**23.3.** Эгерде, Ачык офертанын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, тарифтердин, банктын башка актыларынын/документтеринин жаңы редакциялары жана/же аларга карата өзгөртүүлөр/толуктоолор, жаңылоолор күчүнө киргенге чейин Банк Кардардан аларга макул эместигин, келишимди токтотуу/жокко чыгарууга (толугу менен же анын айрым бөлүктөрүн/шарттарын) тиешелүү Банк тарабынан белгиленген формада жана тартипте тариздетилген кат жүзүндөгү өтүнүчтү же электрондук документти албаган болсо, Кардар Банктын кызмат көрсөтүүлөр келишиминин жаңыртылган/өзгөртүүлөр

киргизилген шарттарын, банктын тарифтерин жана Кардар аларды милдеттүү түрдө сактап, аткарууга тийиш болгон, юридикалык күчүнө кирген катары таанылган актылардыа/документтерди толугу менен кабыл алган (түзгөн, акцептөө, ага кошулуу аркылуу) алган катары эсептелет жана таанылат.

**23.4.** Эгерде Кардар Ачык офертанын, Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишиминин, тарифтердин жаңы редакциясы жана/же Банктын тиешелүү актыларына/документтерине сунушталган өзгөртүүлөр/толуктоолорго макул эмес болсо, ал банктык эсебин жаап, ушул келишим боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууну токтотуп/жокко чыгарып (толугу менен же анын айрым бөлүктөрүн/шарттарын), Банктын кеңсесине түздөн-түз келүү менен кат жүзүндөгү өтүнүчтү калтыруу же белгиленген формада жана тартипте тариздетилген электрондук документти/билдирүүнү жөнөтүү аркылуу Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимин жокко чыгарууга укуктуу.

**23.5.** Тараптардын ар бири ал тууралуу экинчи Тарапка бир тараптуу негизде билдирүү менен ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда жана аларда белгиленген тартипте келишимдин аракетин же анын өзүнчө бөлүктөрүн/шарттарын токтотууга/жок кылууга укуктуу. Мында, Тараптар башкасы тууралуу макулдашпаган болсо ушул келишимге карата кандайдыр бир кошумча же өзүнчө келишимди түзүү талап кылынбайт.

**23.6.** Кардар Банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин колуна кат жүзүндөгү кайрылууну, анын ичинде аралыктан банктык тейлөө системасынан аны чыгарып салуу өтүнүчүн түздөн түз тапшыруу же электрондук байланыш каражаты/аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу жөнөтүлгөн электрондук билдирүүнүн негизинде, өз демилгеси боюнча бул келишимди (толугу менен же анын өзүнчө бөлүктөрү/шарттары) жокко чыгарат/токтото алат.

**23.7.** Банк ушул келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте, ошондой эле Кардар аралыктан банктык тейлөө системасынан 12 айдан көбүрөөк убакыт пайдаланбаган шартта бул келишимдин талабын аткаруудан (толугу менен же анын айрым бөлүктөрүн/шарттарын) баш тартууга, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү, продукттарды сунуштоону убактылуу/такыр токтотууга, анын ичинде Кардар эсебин/эсептерин жабууга жана/же ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда жана белгиленген тартипте, ошондой эле Кардар аралыктан банктык тейлөө системасын 12 айдан ашык убакыт колдонбогон шартта бул келишимди (толугу менен же анын айрым бөлүктөрүн/шарттарын)толугу менен мөөнөтүнөн мурда жокко чыгарууга/токтотууга (күчүн жоготкон катары таанууга) укуктуу. Мында, аралыктан банктык тейлөө системасы 6 ай колдонулбаган болсо же ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка жагдайлар боюнча Кардардын статусу, аралыктан банктык тейлөө системасында тиешелүү билдирүүнү жайгаштыруу аркылуу “бөгөт коюлган” статусуна өзгөртүлүшү мүмкүн.

**23.8.** Банк, Кардардын белгилүү болгон акыркы дарегине, мобилдик телефон номерине жана/же электрондук почтасына тиешелүү билдирүүнү/маалымдоону жөнөтүү аркылуу, ошондой эле аралыктан банктык тейлөө системасын, интернет-банкингди, мобилдик банкингди, мобилдик тиркемени, Банктын расмий интернет сайтын колдонуу аркылуу же ушул келишимде, Банктын ички ченемдик актыларында/документтеринде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка ыкмаларда Кардарга ал тууралуу маалымдоосуз эле тиешелүү билдирүүлөрдү жөнөтүү аркылуу бул келишимди (толугу менен же анын өзүнчө бөлүктөрү/шарттары), бир тараптуу негизде жокко чыгарууга/токтотууга, Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү, продукттарды толугу менен алардын бөлүгүн сунуштоону убактылуу/такыр токтотууга же болбосо башка аракеттерди көрүүгө укуктуу. Мында, Кардардын мындай билдирүүгө/маалымдоого макулдугу колдоого алынышы, тастыктоосу, акцептөөсү талап кылынбайт

**23.9.** Банктык кызмат көрсөтүүлөр келишими (толугу менен же анын айрым

бөлүктөрү/шарттары) жокко чыгарылган/токтотулаган учурга карата ушул келишим боюнча Кардардын Банк алдында орду жабыла элек кандай болбосун карызы жана/же Банк алдында ушул келишщим боюнча аткарылбай калган милдеттенмелери, анын ичинде негизги карызды, банктын чегерген пайыздарын, чегерилген айыптык төлөмдөрдү, туумдарды жана башкаларды төлөө боюнча карызы орун алган учурда, Кардардын алардын ордун жабуу, төлөө, ордун толуктап берүү, аткаруу боюнча милдеттенмеси келишимди токтотуу/жокко чыгаруу фактысына көз карандысыз, Кардардын Банк алдындагы карыз орду толук жабылганга/милдеттенмелери аткарылганга чейин күчүндө болот.

**23.10.** Бул келишими (толугу менен же анын айрым бөлүктөрү/шарттары) жокко чыгарылган/токтотулган шартта, келишим боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо же пайдалануу токтотулган учурда бардык төлөм карттарына бөгөт коюлат, анык эмес деп табылат жана Банкка өткөрүлүп берилүүгө тийиш.

**23.11.** Бул келишим (толугу менен же анын айрым бөлүктөрү/шарттары) жокко чыгарылган/токтотулган учурда Банк Кардарга анын эсептериндеги, мөөнөттүү аманаттарындагы (депозиттериндеги) Банктагы карт эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгын накталай түрүндө кайтарып берет же болбосо Кардардын буйруусунун/өтүнүчүнүн негизинде каражаттар башка эсепке/аманатка (депозитке) которулат.

**23.12.** Тараптар, эгерде бул келишим (толугу менен же анын өзүнчө бөлүктөрү/шарттары) токтотулган/жокко чыгарылган (толугу менен анын бир бөлүгү) анын калган шарттары жана/же Банк менен Кардар ортосунда түзүлгөн, өзүнчө эсептерди ачуу жана тейлөө ишин жөнгө салган, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү жана/же продукттарды сунуштоого ишин жөнгө салган башка келишимдер, макулдашуулар юридикалык күчүндө калат жана Банктын тиешелүү билдирмесинде/маалдымдоосунда башкасы каралбаса, өз алдынча (келишимдин шарты) катары колдонула берет.

**23.13.** Ушул келишимдин жоболору банктык эсептерге, мөөнөттүү аманаттарга/депозиттерге, төлөм карттарына, талап боюнча төлөнүүчү аманаттарга/депозиттерге, ээси көрсөтүлбөгөн металл эсептерине, ошондой эле келишим түзүлгөнгө чейин сыяктуу эле, андан кийин да ачылган/колдонулуп жаткандарга, анын ичинде аралыктан банктык тейлөө, банктык сейфти ижарага сунуштоо жана башка банктык кызмат көрсөтүүлөрлө/продукттарга да таркатылат.

**23.14.** Эгерде кайсыл бир себептер/жагдайлар боюнча келишим толугу менен же анын бөлүгү күнчүн жоготсо же келишимде тиешелүү шарттар камтылбаган учурда Банктын ички эрежелеринин/актыларынын жоболору/шарттары (учурда колдонулуп жаткандар сыяктуу эле, келечекте кабыл алынуучу), ошондой эле Кардар менен тиешелүү операцияларды жүргүзүүгө/бүтүмдөргө келишүүгө байланыштуу түзүлгөн, колдонулуп жаткан келишимдердин/макулдашуулардын шарттары колдонулат. Банктын ички эрежелеринде/актыларында тиешелүү жоболор/шарттар камтылбаган учурда Кардар менен келишимдерди/макулдашууларды түзүүдө Кыргыз Республикасынын бан ишин жөнгө салган жоболору, ошондой эле эл аралык/жергиликтүү банктык тажрыйбада колдонулган шарттарга таянуу менен иш алып баруу талап кылынат.

## 24. ТАЛАШ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУ

**24.1.** Келишим боюнча же аны менен байланыштуу келип чыккан талаш маселе жана пикир келишпестиктерди Тараптар сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө аракеттенишет. Келип чыккан талаш маселе жана пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөр жолу менен чечилбеген учурда алар ушул келишим, улуттк жана/же эл аралык төлөм системаларынын эрежелери (шарттары), Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары тарабынан белгиленген тарипте чечилет.

**24.2.** Кардардын дооматы негиздүү деп табылган учурда Банк келип чыккан талаш маселелерди жөнгө салуу үчүн өндүрүштүк операцияны корректировкалоону ишке ашырат, ошондой эле башка зарыл болгон аракеттерди көрөт.

**24.3.** Кардарга карата доомат же ал тарабынан кетирилген ката/күнөө далилденген учурда, Кардар аларды кошо алганда, бирок аны менен гана чектелбестен, коюлган дооматтарды/кине коюуларды кароого алуу учурунда Банк тарткан бардык чыгымдардын/чыгашалардын ордун толугу менен толуктап берет: Банктын кине коюуну кароого алуусу үчүн комиссиялык төлөмдөрдү, тиешелүү төлөм системасынын, банк-корреспонтенттердин, агенттердин, өнөктөштөрдүн комиссиялык жана айыптык төлөмдөрүн, алар айрым учурларда талаш жараткан операциянын суммасынан да ашып кетиши ыктымал.

**24.4.** Банк, талаш жараткан жагдайды жөнгө салуу боюнча бардык мүмкүн болгон чараларды көрүп, келип түшкөн өтүнүчтү кароого алуу натыйжасы боюнча Кардарга кат жүзүндө же электрондук формада маалымдоого тийиш. Банк талаш маселенин маани-маңызына жараша ушул келишим шарттарына, тиешелүү төлөм системасынын эрежелерине, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык аларды кароого алуу мөөнөтүн өз алдынча аныктоого укуктуу.

**24.5.** Тараптар операциялар реестрин, жазууларды/маалыматтарды, телефонго жаздырылып алынган маалыматтарды жана электрондук жабдууларга жаздырылган маалыматтарды (анын ичинде, банк серверинде) талаш маселени чечүүдө далил катары таанууга макул болушту. Мында, жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар (далилдер) бул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

## 25. ФОРС-МАЖОР (КҮТҮҮСҮЗ ЖАГДАЙЛАР)

**25.1.** Тараптар келишим түзүлгөндөн кийин келип чыккан, алдын-ала болжолдой албаган, алгылыктуу чаралар менен бөгөт кое албаган күтүүсүз келип чыккан жагдайлардын (форс-мажор) кесепетинен ушул келишим боюнча милдеттенмелеринин бөлүгүн же аларды толугу менен аткара албай калганы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

**25.2.** Ушул келишим боюнча жогоруда аталган жагдайлар келип чыкканда жана/же ал четтетилгенде жагдайлардын келип чыгышынан улам, келишим боюнча милдеттенмелерди аткара албай калуу шартына дуушар болгон тарап, жалпы белгилүү жагдайлардын/шарттардын келип чыгышын эске албаганда, тиешелүү тастыктоолорду кошо тиркөө менен 5 (беш) банктык күнү ичинде ал тууралуу кат жүзүндө башка тарапка маалымдоого тийиш.

**25.3.** Билдирүү берүү шарттары бузулган учурда, эгере Тараптар ортосунда башкасы каралбаса, ага дуушар болгон Тарап ушул Келишим боюнча жоопкерчиликтен бошотуу үчүн негиз болуп саналууга форс-мажор жагдайларына/окуяларына таянуу укугун жоготот.

## 26. БАШКА ШАРТТАР

**26.1.** Банктын өз ыңгайына жана тандоосуна жараша Кардар каттоодон өткөн/жашап жаткан дарек боюнча почта байланышы, электрондук почта дареги, аралыктан банктык тейлөө системасы, факс аркылуу, анын уюлдук/мобилдик байланыш нормерлери боюнча push-билдирмелерди, SMS-билдирүүлөрдү жөнөтүү, социалдык месенджерлер же Кардардын өтүнүч катта же болбосо ушул келишимдин алкагында тариздетилген башка документтерде, системада көрсөтүлгөн башка ыкмалар аркылуу же болбосо Банктын расмий интернет сайтында келишим талабынын аткарылышы, анын жокко чыгарылышы/токтотулушу жана/же көрүлгөн башка иш-аракеттер тууралуу билдирүүнү/маалыматты жөнөтүүгө укуктуу экендигине Кардар макул болот. Мында,

эгерде Банк билдирүүнү/маалымдоону жөнөткөн күнү Кардар жогоруда көрсөтүлгөн даректер боюнча жок болсо (ошондон улам андан билдирмени алгандыгы бюнча тастыктоону алуу мүмкүн болбогондугу, жаңы дарегин Банкка маалымдабагандыгы) же болбосо Кардар Банктын расмий интернет сайтынан, аралыктан банктык тейлөө системасынан же болбосо башка мүмкүнчүлүктөр аркылуу Банктын билдирмелери/маалымдоолору менен өз алдынча тааныша албаган болсо, тиешелүү билдирүүлөр/маалымдоолор талаптагыдай жеткирилген катары эсептелинети.

**26.2.** Эгерде Кардар тарабынан операцияларды жүзөгө ашырууда колдонулган жабдуулар же байланыш каналдары үзгүлтүккө учурап, же иштен чыккан шартта же болбосо Кардар алар аркылуу Банктын билдирүүлөрүн/маалымдоолорун алган мобилдик телефон номери өзгөртүлүп/ага бөгөт коюлган, ошондой эле анын почта дареги/электролндук почта дареги өзгөртүлүп/жоголуп кеткен, бөгөт коюлган шартта, Кардар ошол жагдайлар тууралуу Банкка талаптагыдай негизде маалымдабаган болсо Банк Кардардын тишелүү билдирмелерди албагандыгы же алардын үчүнчү жакка маалым болгондугу үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**26.3.** Кардар оозеки түрдө тиешелүү маалыматтарды, анын ичинде жеке маалыматтар менен эле чектелбестен, эсеби же карты, ишке ашырылган операциялары, белгиленген лимиттер жана/же чектөөлөр же болбосо картка бөгөт коюлушуна тиешелүү ж.б. маалыматтарды алуу үчүн Банктын Авторизациялоо борбору/Байланыш борбору менен телефон аркылуу сүйлөшүүлөрүнүн жаздырылып алынышына макулдугун билдирет. Банктын Байланыш борбору менен Кардар ортосундагы жаздырылып алынган телефон аркылуу сүйлөшүүлөр Кардардын Банкка оозеки кайрылуу фактысынын тастыктоосу болуп саналат.

**26.4.** Кардар төлөөгө жөндөмсүз абалга калып, Банк алдындагы милдеттенмелерин кечиктирип жана/же алар үчүн жооп берүүгө мүмкүнчүлүгү жок болсо, ошондой эле ушул келишим талабын/шарттарын аткарбай койсо же аталаптагыдай аткара албаган шартта Келишимди акцепттөө аркылуу ал Банк алдындагы карыздарды өндүрүп алуу максатында Банктын өз ыңгайына жараша, бир тараптуу негизде сот органдарына доо арыз менен кайрылуусуна укук чегерүү менен Банктын Кардар, анын эсептери, Банк алдындагы бүтүндөй карызы, операцияларда/транзакцияларда, камсыздоо түрлөрү тууралуу маалыматтарды Кыргыз Республикасынын/чет мамлекеттерлин укук коргоо жана башка мамлекеттик (муниципалдык органдарына), төлөм системасынын өкүлдөрүнө жана кайсыл болбосун үчүнчү жакка берүүсүнө макулдугун билдирет.

**26.5.** Тараптар бул келишим мамлекеттик жана/же расмий тилде түзүлөрүнө макулдашышты. Кардар келишим кайсыл тилде даярдалса да анын бүтүндөй тексти сыяктуу эле, айрым бөлүктөрүнүн маани-маңызы ага түшүнүктүү экендигин билдирет. Келишим жоболорун чечмелөөдө түшүнбөстүктөр келип чыга турган болсо, Тараптар орус тилинде даярдалган текстке таяна тургандыгын билдиришти.

**26.6.** Келишимдин ушул пунктуна ылайы Кардар өз эрки боюнча, билип туруп, эгерде ушул келишимге, тарифтерге жана Банктын башка актыларына/документтерине өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор/жаңылоолор киргизилген болсо, аларга макулдугун билдирип, таанып, тастыктай тургандыгын билдирет. Ошондой эле ал, субъекттин жеке маалыматтарын топтоого, иштеп чыгууга жана алардын берилишине, ар бир жолу мобилдик тиркемеге, аралыктан банктык тейлөө системасына ар бир жолу кирүүсү (аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын, электролндук кол тамганы колдонуу менен) анын тиешелүү жаңылоолорду, өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду акцептөөсү болуп саналат, ал эми макулдугун Банк алган катары эсептелинет.

**26.7.** Бул келишимге карата бардык тиркемелер, билдирмелер, өтүнүч каттар, анкеталар, эрежелер, саясаттар, келишимдер, Банктын тарифдери, келишимге карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор/жаңылоолор анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**26.8.** Кардар, мобилдик тиркемеден эсепке алуу жазуусун өчүрүү Банкка өзү келип кайралганда жана тиешелнң өтүнүч катты толтурганда гана ишке ашырыларына

макулдугун берди. Кардар тууралуу маалымат Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык өтүнүч кат берилгенден кийинки белгилүү бир мезгил аралыгында сакталууда турат.

| БАНК | КАРДАР* |
|---|---|
| **«Айыл Банк» ААКсы**<br>720040, Бишкек ш., Я.Логвиненко атындагы көчө, 14<br>Телефон: +996 (312) 680000<br>Факс: +996 (312) 665403<br>Электрондук почта: office@ab.kg<br>Интернет-сайт: http://www.ab.kg<br>ИНН: 01803199710084<br>Баштапкы мамлекеттик катоодон өткөн күнү: 1997-жылдын 18-марты.<br>Каттоо номери: 508-3301-ОАО | |

***МЕН, «АЙЫЛ БАНК» ААКсынын КАРДАРЫ, УШУЛ АЧЫК ОФЕРТАНЫ АКЦЕПТЕГЕНГЕ (КОЛ КОЙГОНГО ЧЕЙИН) БАНКТЫН РАСМИЙ ИНТЕРНЕТ САЙТЫНДА, АРАЛЫКТАН БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ СИСТЕМАСЫНДА ЖАЙГАШТЫРЫЛГАН ТӨМӨНКҮ ДОКУМЕНТТЕРДИН БАРДЫК ШАРТТАРЫ МЕНЕН ӨЗ АЛДЫНЧА ТААНЫШЫП ЧЫККАНДЫГЫМДА, ОШОНДОЙ ЭЛЕ АЛАР ТАК ЖАНА ЖЕТКИЛИКТҮҮ ЖАЗЫЛГАНДЫГЫН, МЕН ҮЧҮН ТОЛУК ТҮШҮНҮКТҮҮ ЭКЕНДИГИН ТАСТЫКТОО МЕНЕН БИРГЕ ЭЛЕ, АЛАРГА МАКУЛ БОЛУП, АКЦЕПТЕДИМ:**

– "Айыл Банк" ААКсын тарабынан жеке адамдарга Банктын кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо келишимин түзүүгө Ачык оферта;
– Банктын тарифтери (шилтемеде);
– Банктын депозиттик жана башка продуктарынын, кызмат көрсөтүүлөрүнүн шарттары/параметрлери (шилтемеде);
- Аралыктан банктык тейлөө системасын колдонуучулар үчүн маалымат (шилтемеде);
- Купуялуулуктун сакталышы саясаты, Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасы;
- Соода эквайринги боюнча эрежелер, нускоолор, колдонмолор/маалыматтар (шилтемеде)
- Интернет-банкинг боюнча эрежелер, нускоолор, колдонмолор/маалыматтар (шилтемеде)
- Банктын расмий интернет сайтында жайгаштырылган Банктын документтери/материалдары.

**"Айыл Банк" ААКсы тарабынан жеке ишкерлерге банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимин түзүүгө ачык офертага (сунушка) карата**

**1-ТИРКЕМЕ**

**Операциялар жана лимиттер:**

1. **Он эки ай ичиндеги пайдасы менен мамлекеттик системалар аркылуу аралыктан идентификациялоо жана верификациялоодо жеке ишкерлер боюнча лимиттер:**

| | Электрондук капчык үчүн | Чектелген фукционалдык банктык эсеп үчүн |
|---|---|---|
| Лимит | 1 000 000 сом | 8 000 000 сом |

**2-ТИРКЕМЕ**

**Карт ээси банктык эсеп валютасынан башка валютада операцияларды жүргүзүүдө конвертациялоонун ар кандай варианттарын караштырган, бир валютадан экинчиге конвертациялоонун болжолдуу схемасы**

Эл аралык төлөм системаларынын ("MasterCard, VISA"), Кыргыз Республикасынын улуттук төлөм системасынын (ЭЛКАРТ) жана Россиянын улуттук системасынын "Айыл Банк" ААКсында эмитирленген төлөм карттарын колдонуу менен чек ара аркылуу операцияларды жүргүзүүдө эсептешүүлөр эл аралык төлөм системасынын курсу боюнча ишке ашырылат.

Коммерциялык банк тарифтери, ошондой эле эл аралык төлөм системасынын, улуттук төлөм системасынын, төлөм карттардын улуттук системасы боюнча бир нече валютада операцияларды жүргүзүүлдө комиссиялык төлөм каралган эмес жана операция суммасынан 00% түзөт

(Кардар менен Банк ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык Банктын тарифтери боюнча валюта алмаштыруу операциялары, мультипликаторлор үчүн комиссиялык төлөм каралган эмес)

Эл аралык төлөм системасынын, "Айыл Банк" ААКсы тарабынан эмитирленген карттары боюнча болжолдуу конвертациялоо схемасы

Эл аралык төлөм системасынын алмашуу курсу (шарттуу түрдө)

1 ш.б. =460,00 теңге

1 ш.б. = 96,0085 рубль

1 ш.б. = 79,00 сом

"Айыл Банк" ААКсынын алмашуу курсу (шарттуу түрдө)

1 ш.б. = каражаттарга бөгөт коюу учуруна карата 79,60 сом.

1 ш.б. = банктык эсептен акча каражаттарын эсептеп алуу учуруна карата 86,50 сом

**1-мисал. Чет өлкө интернет-дүкөндөрүндө жүргүзүлгөн операция**

Эл аралык төлөм системасынын карттары аркылуу чет өлкө интернет дүкөндөрүндө 150 000 теңгеге суммасына товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу/аларга төлөө

1) эгерде банктык эсеп АКШ доллары валютасында ачылса:

анда, бул операцияны жүргүзүү төмөнкүчө ишке ашырылат:

- Эл аралык төлөм системасы: 150 000 тенге /460 тенге = 326,09 АКШ доллары
- коммерциялык банк банктык эсепте 326,09 АКШ долларына бөгөт коет.

Кийин 326,09 АКШ доллары Кардардын эсебинен эсептеп алынып коюлат.

2) эгерде банктык эсеп улуттук валютада ачылса

анда, бул операцияны жүргүзүү төмөнкүчө ишке ашырылат:

- эл аралык төлөм системасы: 150 000 тенге /460 тенге = 326,09 АКШ доллары

- коммерциялык банк: банктык эсепте 25956,764 сомго (326,09 АКШ доллары * 79,60 сом) бөгөт коет;

Эсептешүүлөрлдү жүргүзүүдө жана курс өзгөргөн учурда банктык эсептен 28206,78 сом (326,09 АКШ доллары* 86,50 сом) алынып салынат

Айырма 2250,02 сомду түзүп калат, анткени Банктын эсептеп алып салуу күнүнө карата курсу бөгөт коюулган күндөгү курстан айырмаланып турат

**2-мисал. Кыргыз Республикасында аймагында жайгашкан дүкөндөрдө (соода-тейлөө ишканасында) жүргүзүлгөн операция**

Эсеби чет өлкө валютасында ачылган эл аралык төлөм системасынын, улуттук төлөм системасынын, улуттук төлөм карттар системасынын карттары аркылуу 1600 сом суммасына товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу/аларга төлөө

1) Эгерде төлөм өлкө аймагында коммерциялык банктын POS-терминалы аркылуу жүргүзүлгөн болсо, анда банк төлөм борбору системасынын белгиленген алмашуу курсу боюнча конвертациялоону ишке ашырат.

Коммерциялык банк кардар эсебинен 20,10 АКШ долларын (1600 сом/79,60) кармап калат

2) Эгерде төлөм башка коммерциялык банктын түйүнү аркылуу өткөрүлсө.

-Эл аралык төлөм системасы: 1600 сом /79,00=20,25 АКШ доллары

- коммерциялык банк 20,25 АКШ долларыга бөгөт коет

Андан ары 20,25 АКШ доллары Кардар эсебинен алынат.

**3-мисал. Россия Федерациясынан эл аралык төлөм системасынын (P2P перевод), улуттук төлөм системасынын, улуттук төлөм картары системасынын карттарынын кыргыз сомунда ачылган эсепке 100 000 рубль суммасында акча которуу:**

-Эл аралык төлөм системасы: 100 000 рубль/96,085=1041,57 АКШ доллары.

-коммерциялык банк эсепке 90095,80 сомду (1041,57 АКШ доллары *86,50 сом) чегерет.